Электронные документы создаются, обрабатываются и хранятся в СЭД. Единицей учета является электронный документ, зарегистрированный в СЭД. Электронные документы, поступающие в учреждение посредством СЭД, проходят первичную обработку, которая осуществляется в автоматизированном режиме и включает проверку реквизитов поступившего электронного документа: дату регистрации, наименование учреждения, отправившего электронный документ, краткое содержание электронного документа, фамилия, инициалы лица, подписавшего электронный документ, электронная подпись, с использованием которой подписан электронный документ.

Электронные документы после их исполнения подлежат ведомственному хранению в СЭД в течение периода, не превышающего предельные сроки ведомственного хранения, предусмотренные законодательством Кыргызской Республики в сфере архивного дела для аналогичных документов на бумажных носителях. Электронные документы временного срока хранения (до 10 лет) хранятся в том формате, в котором они были сформированы, отправлены или получены, с обеспечением одновременного хранения сформированных электронных подписей под

соответствующими электронными документами. Электронные документы постоянного срока хранения обязательно дублируются па бумажном носителе. (Постановление Кабинета Министров КР «О внесении изменений в некоторые решения Правительства Кыргызской Республики по вопросам документооборота в электронном формате в государственных органах местного самоуправления» от 8 апреля 2022 года №207).

**Эмиграция** – выезд на постоянное проживание в другое государство (ПМЖ). При этом, каждое лицо, кто меняет одну страну на другую, становится одновременно иммигрантом и эмигрантом. Если человек уехал из Кыргызстана в Россию, то для РФ - он иммигрант, для КР - эмигрант. Причины эмиграции, как правило - это неудовлетворенность качеством жизни, возможность получить желаемое образование или работу с достойной оплатой только за границей, преследование по политическим или иным мотивам, несогласие с политическим режимом на родине, война.

В законодательстве нашей страны эмиграция трактуется как «выезд граждан Кыргызской Республики за пределы Кыргызской Республики на территорию другого государства с целью постоянного жительства»**. (Закон КР «О внешней миграции» от 17 июля 2000 года № 61).**

**Эмигра́нт –** лицо, выезжающее из страны с целью постоянного (или на длительный срок) проживания в другом государстве. Критерии определения этого термина в разных странах различны. Так, в Великобритании эмигрант определяется как «лицо, предполагающее устроиться в другой стране на срок не менее 1 года после проживания в стране в течение года и более»; в Германии - как лицо, покидающее страну после прекращения в ней жительства, во Франции - алжирский выходец, возвращающийся в Алжир. Есть страны (США, Чехия и др.), которые вообще не определяют статус эмигранта и соответственно не ведут учета этой категории. Причины эмиграции могут быть экономическими, социальными, военно-политическими, этническими, демографическими, эколого-географическими, религиозными и др.

В нашем законодательстве дается следующее определение эмигранта - гражданин Кыргызской Республики, выезжающий за пределы Кыргызской Республики на территорию другого государства с целью постоянного жительства. (Закон КР «О внешней миграции» от 17 июля 2000 года № 61).

# – Ю –

**Ювенальная юстиция** – это система мероприятий в отношении детей, находящихся в конфликте с законом, включающая в себя вопросы профилактики правонарушений. Ювенальная юстиция появилась в конце XIX в. в качестве специальных судов для детей, совершивших какие-либо преступления. Цель у таких судов иная, чем у обычного правосудия. Ювенальный суд исходит из того, что преступление, совершенное ребенком, не его вина, а его беда. В России чаще всего говорят о противоречиях ювенальной юстиции, определяя её как систему контроля за семьями, в которой у родителей за малейшую провинность забирают детей (и никогда не отдают назад). По их мнению, именно это постоянно случается в США и странах Западной Европы, где ювенальная юстиция принята на государственном уровне.

В Кыргызстане вопросы ювенальной юстиции регулируются на законодательном уровне, под который подпадает обеспечение прав и интересов детей, находящихся на территории КР, а также детей - граждан КР, находящихся за её пределами, включая обеспечение защиты детей, находящихся в трудной жизненной ситуации. (**Кодекс Кыргызской Республики «О детях» от 10 июля 2012 года №100)**.

**Юридическое лицо** – организация, которая имеет в собственности, хозяйственном ведении или оперативном управлении обособленное имущество, отвечает по своим обязательствам этим имуществом, может от своего имени приобретать и осуществлять имущественные и личные неимущественные права, несет ответственность по своим обязанностям, может выступать истцом и ответчиком в суде. **(Закон КР «О государственной регистрации юридических лиц» от 20 февраля 2009 года №57, Гражданский кодекс Кыргызской Республики от 8 мая 1996 года №15).**

**Юриспруденция (лат. Jūris prūdentia «правоведение») –** наука, изучающая свойства государства и права; совокупность правовых знаний; практическая деятельность юристов и система их подготовки.

Юриспруденция как наука возникла в античности, особенно в древнем

Риме. Таким образом, под юриспруденцией понимают несколько взаимосвязанных понятий: науку о государстве и праве, изучающую результаты правового регулирования и выдвигающую правовые идеи о возможности внесения прогрессивных изменений в механизм, и способы регулирования общества; совокупность знаний о государстве, управлении, праве, наличие которых даёт основание для профессионального занятия юридической деятельностью; практическое применение юридических знаний, деятельность юристов.

**Юридические науки** – это общественные науки, изучающие право, правовую систему как систему социальных норм, правотворческую и правоприменительную деятельность **(https://knowledge.allbest.ru/law/3c0b65635b2bc79b4d53a88421306d37_0.html)**

**Словарь-справочник основных терминов и понятий по торговле людьми, нелегальной и трудовой миграции**


**Под общей редакцией**
доктора философских наук, профессора политологии
Киютина В.Г.

**Составители**

Апышев С.Д., Байгуттиева Ж., Киютин В.Г.,
Мусаходжаев А.А., Шамырканова Ж.Ы.

**Научный консультант**
Кандидат юридических наук, доцент, полковник милиции
Джумабаев М.Дж.

**Компьютерная вёрстка**

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРЕЗИДЕНТИНЕ КАРАШТУУ
СТРАТЕГИЯЛЫК ДЕМИЛГЕЛЕР УЛУТТУК ИНСТИТУТУ

# Адамдарды сатуу, мыйзамсыз жана эмгек миграция боюнча негизги терминдердин жана түшүнүктөрдүн түшүндүрмө сөздүгү

БИШКЕК – 2024

УДК 325 (035)

ББК 65.248я2

**Долбоордун жетекчиси жана жооптуу редактор** – философия илимдеринин доктору, саясат таануу илиминин профессору В. Г. Киютин.

**Түзүүчүлөр:** С.Д. Апышев, Ж. Байгуттиева, В.Г. Киютин, А.В., Мусаходжаев, Ж.Ы. Шамырканова.

Орус тилинен кыргыз тилине которгон-А. Э. Орозакунов

**Басылманын илимий консультанты** — Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Төрагасына караштуу Адамдарды сатууга каршы аракеттенүү жана миграция маселелери боюнча Кеңештин Катчылыгынын орун басары, адамдарды сатуу боюнча баяндамачы, ю.и.к., доцент, милициянын полковниги М.Дж. Джумабаев.

**Рецензенттер:** юридика илимдеринин доктору, профессор, КРСУнун жаштар арасындагы деструктивдүүлүктүн жана экстремизмдин алдын алуу институтунун директору Б.Г. Тугельбаева, социология илимдеринин доктору, Россия Илимдер академиясынын ФНИСЦ Социология институтунун миграциялык жана интеграциялык процесстерди изилдөө секторунун башчысы, башкы илимий кызматкер, Улуттар аралык мамилелерди изилдөө борборунун жетекчиси В.И. Мукомель.

**Миграция боюнча негизги терминдер жана түшүнүктөр: сөздүк-маалымдама**./ В.Г. Киютиндин жалпы редакциясы алдында./ - Бишкек, 2024. - __ б.

**ISBN**

Бул басылма укук коргоо органдарынын кызматкерлерине, миграция жана адамдарды сатуу маселелери менен алектенген бейөкмөт уюмдардын өкүлдөрүнө, басма сөз жана электрондук басылмалардын кызматкерлерине, жогорку жана атайын орто окуу жайлардын экономика, тарых жана саясат таануу факультеттеринин окутуучуларына жана студенттерине арналат. Жаңы окуу жылынан тартып республикабыздын он лицейинде (Бишкекте, Жалал-Абадда, Токмокто, Таласта ж.б.) окуучуларды миграцияга чейинки даярдоо башталарын эске алып, биздин басылманы баштапкы окуу куралы катары сунуштоого болот.

УДК 325 (035)

ББК 65.248я2

© УСИИ, 2024

© БУУ БКБ, 2024

© Киютин В.Г., 2024

© Орозакунов А.Э, 2024

# ОКУРМАНДАРГА

Бүгүнкү күндө миграция темасы дүйнөнүн көптөгөн өлкөлөрү, анын ичинде Кыргыз Республикасы үчүн өтө актуалдуу. Айта кетсек, ар бир онунчу кыргызстандык биздин республикадан сырткары башка өлкөлөрдө эмгектенет. Ошондуктан, биздин өлкө үчүн ички жана тышкы миграциялык процесстерди жакшыраак башкарууга өбөлгө түзүүчү жана аларды бир жагынан өзүбүздүн пайдабыз үчүн максималдуу пайда алып колдонууга мүмкүндүк берүүчү бардык кадамдар жана иш-чаралар (укуктук, административдик, финансылык, илимий ж.б.) маанилүү. Ал эми экинчи жагынан, алардын айрым терс көрүнүштөрүн минималдаштыруу керек, мисалы, мыйзамсыз миграция жана азыркы замандын эң коркунучтуу кылмыштарынын бири – өз кулачын кеңири жайган адамдарды сатуу, бул кылмыштар БУУнун маанилүү документтеринде, анын ичинде Чек ара аралык уюшкан кылмыштуулук жөнүндө Конвенцияда (2000) жана «Адамдарды, айрыкча аялдар менен балдарды сатууну алдын алуу, ага бөгөт коюу жана жазалоо жөнүндө» Палермо Протоколунда кеңири талкууланган.

Бул жагынан алганда, айрым миграциялык маселелердин илимий иштеп чыгуусун, атап айтканда, мамлекеттик органдардын адистери, тиешелүү БӨУнун өкүлдөрү жана кеңири коомчулук тарабынан колдонулуп жаткан илимий аппараттын (миграция чөйрөсүндөгү негизги терминдердин жана түшүнүктөрдүн) так жана түшүнүксүздүгүн айтпай коюуга болбойт. УСИИ тарабынан сунушталган адамдарды сатуу, мыйзамсыз жана эмгек миграция боюнча негизги терминдердин жана түшүнүктөрдүн сөздүк-маалымдамасы бүгүнкү күндүн талабына ылайык жана пайдалуу болот деп ишенем. Биздин жамааттык бул эмгегибиз бир нече маанилүү милдеттерди аткарат. Биринчиден, миграциялык терминдерди жана түшүнүктөрдү бирдей колдонууга шарт түзөт, бул миграция жаатындагы так эместиктерди жана пикир келишпестиктерди четтетет. Экинчиден, миндеген мекендештерибиз жана чет өлкөлүктөр үчүн илимий-агартуу функциясын аткарат. Үчүнчүдөн, миграция жана адам сатуу маселелери менен күн сайын алектенгендердин же аларга кызыккандардын теориялык жактан билим деңгээлин жогорулатат.

Урматтуу окурмандар, сунушталган сөздүк-маалымдама боюнча биз Сиздерден объективдүү сын-пикирлерди жана сунуштарды күтөбүз, алар биздин илимий ишибизге мындан ары дагы өз жардамын берет деген ишеничтебиз.

В.Г. Киютин

# - А -

**Аббревиатура** (итал. abbreviatura – кыскартуу, латын тилинен abbrevio – кыскартуу) – баштапкы сөз айкашынын кыскартылган сөздөрүнөн же баштапкы татаал сөздүн кыскарган бөлүктөрүнөн же сөздөрдүн баш тамгаларынан турган сөз. Аббревиатуранын түзүлүшү (аббревиация) кыскараак (түпнускага салыштырмалуу) аталыштарды түзүүгө багытталган сөз жасоонун өзгөчө ыкмасы катары XX кылымда кеңири таралган. Аббревиатура инициалдуу жана татаал кыскартылган сөздөргө бөлүнөт:

- сөздүн баш тамгаларынан турган кыскартуулар («ТИМ» - «Тышкы иштер министрлиги», «МЧК» - «Мамлекеттик чек ара кызматы», («ГЭС» - «гидроэлектрстанциясы»);

- сөздөрдүн баштапкы бөлүктөрүнөн турган, муундук кыскартуулар («Боршайком» - «Борбордук шайлоо комиссиясы», «Статком» - «Статистикалык комитет»);

- сөздөрдүн башталгыч бөлүгүнөн жана башталгыч тыбыштарынан турган кыскартуулар («атком» – «аткаруу комитети»);

- сөздүн (сөздөрдүн) баштапкы бөлүгүнөн жана бүтүндөй сөздөн турган кыскартуулар («Улутстатком» – «Улуттук статистикалык комитет»);

Аббревиатуралар эл аралык уюмдардын аталыштарында (БУУ, ЕККУ, ЕАЭБ ж.б.), ошондой эле Кыргызстандын ар кандай мамлекеттик органдарынын аталыштарында (ИИМ, ТИМ, БИМ ж.б.) кеңири колдонулат.

**Адам трафигинин курмандыгы** - биринчиден, эл аралык укуктун ар кандай булактарынан алынган «кылмыштын курмандыгы» түшүнүгүнүн аныктамасын келтирели. Бул сапатта «мүчө мамлекеттердин кылмыш-жаза мыйзамдарына ылайык кылмыш деп эсептелген аракеттерден же аракетсиздиктен түздөн-түз келип чыккан моралдык же физикалык зыянды, жан дүйнө тарткан азапты же экономикалык чыгымдарды кошо алганда, зыян тарткан ар кандай жеке жак» деп таанылат. «Трафиктин курмандыгы» деген түшүнүк бир аз тар, анткени адамдардын трафиги кылмыш ишинин бир гана түрүн билдирет. Тилекке каршы, Палермо Протоколунда «трафик курмандыгы» деген түшүнүктүн аныктамасы жок, бул, албетте, трафикке каршы аракеттенүүнүн натыйжалуулугун төмөндөтөт. Ошондуктан биз башка эл аралык документтерди пайдаландык. Атап айтканда, Европа Кеңешинин

адамдардын трафигине каршы күрөшүү боюнча 4-Конвенциясынын беренелеринде төмөнкүдөй түшүнүк берилет: «трафиктин курмандыгы - бул адамдардын трафигинин объектиси болуп саналган ар кандай адам» **(Council of Europe. Convention on Action against Trafficking in Human Beings. 13 December 2008).** «Трафиктин курмандыгы» деген түшүнүк менен Улуттар Шериктештигинин документтери, атап айтканда, аялдардын жана балдардын сексуалдык эксплуатациялоо максатында трафигине каршы административдик жана укуктук чаралар боюнча колдонмо иштейт. Ошол сыяктуу эле, трафиктин курмандыгы Евробиримдиктин укугун аныктайт. Демек, «адамдын трафиги» түшүнүгүнүн мазмунун анын объектисине айланган адамдарга экстраполяциялоо менен биз трафиктин курмандыгына аздыр-көптүр толук аныктама берсе болот.

Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында дагы «трафиктин курмандыгы» түшүнүгү колдонулат **(КРнын КЖКнын 166-бер. 28-октябрь 2021-жыл, № 127).** Миграция чөйрөсүндөгү Кыргыз Республикасынын мыйзамдары өзүнө төмөнкүлөрдү камтыйт:

- мыйзамдар;

- КР Министрлер Кабинетинин токтомдору менен бекитилүүчү кыйыр колдонуудагы мыйзамдардын ченемдерин конкреттештирүү үчүн мыйзам алдындагы актылар;

- тышкы миграция мамилелеринде мамлекеттердин өз ара мамилелерин жөнгө салуучу эл аралык эки тараптуу жана көп тараптуу макулдашуулар.

Мамлекеттик миграциялык саясатты ишке ашыруу үчүн ички мыйзамдар миграция жаатындагы жалпы таанылган эл аралык укуктардын ченемдерине таянат, аларга мамлекет расмий түрдө кошулган жана аларды аткаруу боюнча милдеттенмелерди өзүнө алган.

Миграция маселелери төмөнкү ченемдик укуктук актылар менен жөнгө салынат:

- Кыргыз Республикасынын Конституциясы;

- «Тышкы миграция жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамы;

- «Тышкы эмгек миграциясы жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамы;

- «Адамдарды сатуунун алдын алуу жана ага каршы күрөшүү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамы;

- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2019-жылдын 16-апрелиндеги №175 «Кыргыз Республикасында эмгек миграциясы чөйрөсүндөгү айрым маселелер жөнүндө» токтому;

- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2021-жылдын 21-апрелиндеги №169 «Кыргыз Республикасынын чет өлкөдө кайтыш болгон жарандарынын сөөгүн Кыргыз Республикасына репатриациялоо менен байланышкан чыгымдарды жабуу боюнча чаралар жөнүндө» токтому;

- Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 15-ноябрындагы №252 «Кыргыз Республикасынын Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министрлигинин маселелери жөнүндө» токтому;

- Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 17-декабрындагы №319 «Кыргыз Республикасынын Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министрлигине караштуу Жарандарды чет өлкөдө ишке орноштуруу борбору жөнүндө» токтому.

Чет өлкөлүк жарандардын жана жарандыгы жок адамдардын кирүүсүнө - чет өлкөлүк жарандардын же жарандыгы жок адамдардын Кыргыз Республикасына киришине төмөнкү себептер боюнча уруксат берилбейт жана тыюу салынат:

1) виза же жарактуу документи болбосо;

2) улуттук коопсуздукту же коомдук тартипти камсыз кылуунун кызыкчылыгында;

3) эгерде бул Кыргыз Республикасынын жарандарынын же Кыргыз Республикасында жашаган башка адамдардын саламаттыгын сактоодо, укуктарын жана мыйзамдуу таламдарын коргоодо олуттуу залал келтирген болсо;

4) эгерде мурда болгон учурунда ал адам Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын бузгандыгы аныкталса;

5) эгерде Кыргыз Республикасына кирүүгө өтүнүч берген учурда ал өзү тууралуу жалган маалымат же жалган документтерди берген болсо;

6) эгерде ошол жаранга карата Кыргыз Республикасынын ыйгарым укуктуу органдары тарабынан Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети белгилеген тартипте Кыргыз Республикасында болушунун (жашоосунун) мүмкүн эместиги жөнүндө чечим кабыл алынса;

7) Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген башка негиздерде. **(КРнын 2000-жылдын 17-июлундагы №61 «Тышкы миграция жөнүндө» Мыйзамынын 7-бер.).**

Ал эми биздин эмгек мигранттарыбыздын Россияга кирүүсүнө, айрыкча мурда РФнын аймагында административдик Жосунсуз жоруктарды

жасагандыгы үчүн анын аймагына кирүүсүнө тыюу салынгандарга же россиялык соттордун чечимдеринин негизинде Россиянын чегинен чыгарылып кеткендерге карата тыюу салынганына токтолсок, алар Россияга иштегени кетээрден мурда, өзүнүн статусун Россиянын ИИМдин Миграция маселелери боюнча башкы башкармалыгынын расмий сайтында «Россиянын ИИМдин линиясы боюнча чет өлкөлүк жарандардын жана жарандыгы жок адамдардын Россия Федерациясынын аймагына кирүүсүнө уруксат бербөө үчүн негиздердин болушун текшерүү» сервисинде текшерүү зарыл.

Башпаанек сураган адамдарды чыккан өлкөсүнө жиберүүгө тыюу салуу **(рефульмен нон принциби)** - 1951-жылдагы качкындардын статусу жөнүндө Женева конвенциясынын принциби, ага ылайык «келишим түзүүчү мамлекеттер качкындарды алардын расасына, динине, жарандыгына, белгилүү бир социалдык топко же саясий ишенимдерине таандыктыгынан улам алардын өмүрүнө же эркиндигине коркунуч туудурган өлкөнүн чек арасына эч кандай жол менен жиберишпейт же кайтарышпайт». Бирок бул жобо «жүйөөлүү себептерден улам алар турган өлкөнүн коопсуздугуна коркунуч катары каралып жаткан качкындарга же өлкө үчүн коомдук коркунуч туудурган өзгөчө оор кылмыш жасагандыгы үчүн күчүнө кирген соттолгондорго карата колдонулушу мүмкүн эмес» (1951-жылдагы качкындардын статусу жөнүндө Женева конвенциясынын 33(1) бер. жана 33(2) бер.).

**Адам укуктарынын Жалпы Декларациясы (миграция маселелери боюнча алуу)** – Экинчи дүйнөлүк согуштан кийин кабыл алынган жана бардык катышуучу-өлкөлөр үчүн милдеттүү болгон БУУнун документи. Декларациянын тексти бардык адамдар ээ болгон ар кандай укуктардын биринчи глобалдык аныктамасы болуп саналат. Декларация адамдардын кыймылынын контекстинде принципиалдуу мааниге ээ. Декларациянын 13-беренесинде ар бир адам ар бир мамлекеттин чегинде эркин жүрүүгө жана өзүнө жашаган жерин тандап алууга укуктуу деп айтылат. Ар бир адам каалаган өлкөдөн, анын ичинде өз өлкөсүнөн чыгып, өз өлкөсүнө кайтып келүүгө укуктуу. Декларацияда расасына, жынысына, динине, саясий ишенимине жана социалдык абалына карабастан бардык адамдар бирдей жана бирдей укуктарга ээ деп айтылат.

Бүткүл дүйнөлүк Декларация юридикалык күчкө ээ эмес. Ал жөн гана сунуштама берүүчү мүнөзгө ээ. Анын негизинде 1966-жылы төмөнкүдөй Эл аралык Пактылар түзүлгөн: «Жарандык жана саясий укуктар жөнүндө»,

ошондой эле «Экономикалык, социалдык жана маданий укуктар жөнүндө». Бул документтер (Жарандык жана саясий укуктар жөнүндө пакттын факультативдик протоколдору менен кошо) биргелешип, адам укуктары жаатындагы стандарттардын негизин, өзөгүн – Укуктар жөнүндө эл аралык биллди түзөт.  КР бул документке кошулган жана өз жарандарына Декларацияда каралган бардык укуктарга кепилдик берет.

**Адам укуктарынын жана эркиндиктеринин заманбап каталогу жана негизги принциптери -** негизинен экинчи дүйнөлүк согуш аяктагандан кийин иштелип чыккан. Көйгөйгө арналган эң көрүнүктүү саясий-укуктук документтердин арасында - БУУнун Адам укуктары жана эркиндиктери жөнүндө Жалпы Декларациясы1948-жыл, Экономикалык, социалдык жана маданий укуктар жөнүндө Эл аралык Пакт 1966-жыл, Жарандык жана саясий укуктар жөнүндө Эл аралык Пакт 1966-жыл, Аялдарга карата басмырлоонун бардык формаларын жоюу жөнүндө Конвенция 1979-жыл, Кыйноолорго жана башка катаал, адамгерчиликсиз же адамдын кадыр-баркын басмырлоого каршы Конвенция ж. б. Адамдын фундаменталдык укуктарынын жана эркиндиктеринин ар дайым байып, кеңейип турган заманбап каталогу жынысына, расасына, түсүнө, диний жана саясий ишенимдерине, улутуна, социалдык абалына жана материалдык абалына карабастан ар бир индивид алардын субъектиси экендигинен келип чыгат. Адам укуктары жана эркиндиктери төмөнкү принциптерге негизделет:

– алардын жалпыга таандуулугу, башкача айтканда жашаган өлкөсүнө, жарандыгына же жашаган жерине, ошондой эле бул укуктарды таанууга же сактоого карабастан баарына жана ар бир индивидге таандык болуусу;

- универсалдуулук, башкача айтканда алардын дүйнөлүк коомчулук тарабынан таанылган баалуулуктарга таянуусу;

– табигыйлык, башкача айтканда алардын индивид төрөлүүсү менен эле пайда болуусу. Бардык индивиддер эркин төрөлүшөт жана жалпыга таанылган укуктарга ээ болушат;

- ажыратылбагандык, башкача айтканда өз укуктарынан баш тартуунун жана индивидди негизги укуктардан жана эркиндиктерден ажыратуунун мүмкүн эместиги;

- интегралдуулук, башкача айтканда укуктардын бөлүнбөстүгү, алардын өз ара байланышы жана өз ара көз карандылыгы;

– теңдик жана басмырлоонун жоктугу, башкача айтканда демократиялык коомдо таанылгандан башка ар кандай айырмачылыктарга жол берилбестик.

Кыргызстан адам укуктарынын жана эркиндиктеринин заманбап концепциясын колдойт, алардын базалык принциптерин, адамдын жана жарандын укуктарынын, эркиндиктеринин жана милдеттеринин каталогун толук жактырат жана өз мыйзамдарында бекемдейт **(караңыз: Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 23-50-бер. Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 5-майындагы Мыйзамы менен колдонууга киргизилген).**

**Адам сатуу менен байланышкан кылмыштарды алдын алуу** - кылмыштуулуктун мындай түрүн кыскартууга багытталган же кыскартууга, ошондой эле адамдарды сатууну токтотуу боюнча түздөн-түз аракеттердин жардамы менен же бул кылмыштуулуктун дараметин жана анын себептерин кыскартуу боюнча саясат жана ишмердик аркылуу жарандардын, айрыкча аялдардын жана балдардын коопсуздук сезимин жогорулатууга көмөк көрсөтүүчү ар кандай чаралар (тарбиялык, билим берүүчү, түшүндүрүү ж.б.). Адам сатууну алдын алуу эл аралык уюмдардын, өкмөттөрдүн, кылмыш-жаза юстициясынын компетенттүү органдарынын, жергиликтүү бийликтин, билим берүү органдарынын, тиешелүү БӨУлардын ЖМКнын активдүү колдоосундагы ишмердүүлүгүн камтыйт. **(караңыз: БУУнун Трансулуттук уюшкан кылмыштуулукка каршы Конвенциясын толуктаган Адамдарды, өзгөчө аялдарды жана балдарды сатууну алдын алуу жана ага бөгөт коюу жана жазалоо жөнүндө Палермо протоколунун 9-беренеси. Башкы Ассамблеянын 2000-жылдын 15-ноябрындагы №55/25 резолюциясы менен кабыл алынган).**

Кыргызстанда жергиликтүү бийликтер, көп сандаган бейөкмөт уюмдар ж.б. менен катар адам сатууга каршы күрөшүү, анын ичинде кылмыштуулуктун бул түрүн алдын алууну боюнча негизги мамлекеттик түзүм болуп КР ИИМдин КИББдин бөлүктөрүнүн бири саналат.

**Адамдарды сатууга байланышкан иштер боюнча соттук практика** – Кыргызстанда соттук практика 124-бер. (Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодекси - 1-октябрь, 1997-ж. № 68), 171-бер. (Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодекси, 2-февраль, 2017-ж. № 19), 166-бер. (Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодекси, 28-октябрь, 2021-ж. № 127)

негизинде жүзөгө ашырылган. Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун 2018-2022-жылдардагы маалыматтарына ылайык бул беренелер боюнча соттор тарабынан жалпысынан 9 иш каралган (2018-жылы – 2, 2019-жылы – 3, 2020-жылы – 2, 2021-жылы – 2 иш). 22 адам эркиндигин чектөөнүн ар кандай мөөнөттөрүнө соттолгон (2018-жылы – 5 адам, 2019-жылы – 6, 2020-жылы – 7, 2021-жылы – 4 , бир соттолуучу акталган.

**Адамдарды сатуунун курмандыктарынын жеке маалыматтарынын купуялуулугу** - белгилүү болгондой, трафик фактыларын чогултуу жана анын курмандыктарын аныктоо боюнча маанилүү методологиялык көрсөтмөлөр долбоордун менеджерлерине, иштеп чыгуучуларга, донорлорго жана трафикке каршы маселелер менен алектенген башка адамдарга багытталган МОМдун Колдонмосунда жазылган. Мында, трафиктин учурлары биографиялык маалыматтардын, кандайдыр бир конкреттүү маалыматтын, трафиктин курмандыгынын материалдык жагдайларынын жана башкалардын ачыкка чыгышына байланыштуу өтө сезимтал экенин баса белгилейт. Ошондуктан, жогоруда аталган адамдарга зарыл болгон сылыктыкты жана купуялуулукту көрсөтүү, жабыр тарткан трафиктин жеке маалыматтарынын «жаман колдорго» түшүп калуу мүмкүндүгүн эскертүү сунушталат. Трафик курмандыктарынын өздүгүн же жайгашкан жерин аныктай турган ар кандай жеке маалыматтар, алардын ден соолугунун абалы жөнүндө жазуулары же сыпаттамасы сыяктуу маалымат катары аныкталат. Маалыматтардын купуялуулугуна карата түзүлгөн эл аралык талаптар кызыгууну туудурат: – анын негизги принциби, ошондой эле жабырлануучуга жана трафикке тиешелүү жалпы маалыматтар "эмнени билүү керек?» деген формулада камтылат. Сервистик уюмдардын кызматкерлери бардык учурларда бул принципти кыйшаюусуз кармануууга жана мындай маалыматты ага укугу бар, ага муктаж болгон адамдар үчүн гана берүүгө милдеттүү: - ар кандай сервистик уюмда жогоруда аталган принцип анын бөлүмдөрүнүн ортосунда да колдонулууга тийиш.

Бардык купуя маалыматтар трафик менен күрөшүү үчүн жооптуу болгон бөлүмдүн чегинен чыга албайт;

- трафиктин курмандыгынын купуя маалыматтары сервистик уюм тарабынан жабырлануучунун өзүнүн жазуу жүзүндөгү макулдугусуз кимге болбосун берилиши мүмкүн эмес;

– трафиктин курмандыгынын мындай жазуу жүзүндөгү макулдугу болгон учурда да сервистик уюмдун кызматкерлери трафиктин курмандыгына, анын үй-бүлө мүчөлөрүнө, башка жабырлануучуга же сервистик уюмдун кызматкерине тобокелдикти толугу менен жоюу үчүн маалыматтардын мазмунуна баа берүүгө милдеттүү. Мындай коркунуч болгондо, сервистик уюм трафиктин курмандыгынын же коркунуч пайда болушу мүмкүн болгон башка адамдын кызыкчылыгы үчүн маалыматты кайтарып алууга укуктуу болушу керек. Трафиктин курмандыктарынын жеке маалыматтарынын купуялуулугун сактоодо методологиялык жана этно-маданий мүнөздөгү көйгөйлөр да бар. **(Handbook on Performance Indicator for Counter-Trafficking Projects. A Handbook for Project Managers, Developers, Implementers, Evaluators and Donors working to Counter-Trafficking in Persons. IOM, 2008. p. 54.).** Кыргыз Республикасында жеке маалыматтарды коргоо маселелери боюнча да мыйзамдар бар **(КРнын 2008-жылдын 14-апрелиндеги №58 «Жеке мүнөздөгү маалымат жөнүндө» Мыйзамы, 2022-жылдын 12-июлундагы №61 мыйзамдын редакциясында).**

**Адамдарды сатууну криминалдаштыруу** – кылмыш-жаза-укуктук саясатты ишке ашыруунун маанилүү формасы болуп мурда административдик, тартиптик же башка жазага тартыла турган жосундарды криминалдаштыруу саналат. Криминалдаштыруу жеке жүрүм-турумдун коомдук коркунучтуу формаларын табуу, алар менен кылмыш-жаза-укуктук күрөшүүнүн жол берилүүчүлүгүн, мүмкүнчүлүгүн жана максатка ылайыктуулугун таануу жана аларды кылмыш жана жаза катары мыйзамда белгилөө процессин билдирет. Бул процесстин мисалы катары БУУнун мүчө мамлекеттерине карата адам сатуу (адам трафиги) үчүн кылмыш жоопкерчилигине тартуу үчүн улуттук кылмыш-жаза мыйзамына беренелерди киргизүүнү талап кылуусу саналат **(Бириккен Улуттар Уюмунун Трансулуттук уюшкан кылмыштуулукка каршы Конвенциясын толуктаган адамдарды, өзгөчө аялдарды жана балдарды сатууну алдын алуу жана ага бөгөт коюу жана жазалоо жөнүндө Протокол. Башкы Ассамблеянын 2000-жылдын 15-ноябрындагы 55/25 резолюциясы менен кабыл алынган.).**

Кыргыз Республикасы дагы БУУнун мүчө мамлекети катары өзүнүн Кылмыш-жаза кодексине адамдарды сатуу үчүн кылмыш жоопкерчилигин карай турган беренелерди киргизген **(КРнын 2021-жылдын 28-**

**октябрындагы Кылмыш-жаза кодексинин 140, 141, 151, 155, 156, 157, 159, 160, 161, 162, 165, 166, 167, 168, 169, 170, 172-беренелери).**

**Адамдарды сатуунун курмандыктарын реабилитациялоо жана реинтеграциялоо** – алардын негизги принциптери Башкы Ассамблеянын 2000-жылдын 15-ноябрындагы №55/25 резолюциясы менен кабыл алынган БУУнун Трансулуттук уюшкан кылмыштуулукка каршы Конвенциясын толуктаган Адамдарды, өзгөчө аялдарды жана балдарды сатууну алдын алуу жана ага бөгөт коюу жана жазалоо жөнүндө Палермо протоколунун 6-беренесинде баяндалган. Физикалык, психологиялык жана социалдык реабилитациялык жана реинтеграциялык иш-чаралардын жалпы комплексине төмөнкүлөр кирет:

- турак жай (убактылуу жашаган жер же болбосо башпаанек) берүү;
- курмандыктарга консультациялык жардам көрсөтүү жана алардын юридикалык укуктары жөнүндө түшүнүктүү тилде маалымдоо;
- медициналык, психологиялык жана материалдык жардам;
- - жумушка орношууга, билим алууга жана кесиптик даярдыктан өтүүгө мүмкүнчүлүк берүү.

Эл аралык укук мамлекеттердин көңүлүн медициналык тейлөөгө жетүү мүмкүнчүлүгүн берүүгө, мисалы, ВИЧ/СПИДди алдын алуу жана дарылоо боюнча кызмат көрсөтүүлөргө, тийиштүү кам көрүүгө жана жардам берүүгө, ошондой эле сексуалдык эксплуатацияга дуушар болгон адам сатуунун курмандыктары үчүн башка кан аркылуу жугуучу жана жугуштуу оорулардыналды алдын алуу жана дарылоо кызмат көрсөтүүлөрүнө көңүлүн бурат. БУУнун тиешелүү документтеринде бардык реабилитациялык жана реинтеграциялык иш-чаралар мамлекет тарабынан бейөкмөт уюмдар менен кызматташтыкта ишке ашырылышы керектиги баса белгиленген.

Кыргыз Республикасында адамдарды сатуунун курмандыктарын реабилитациялоо жана реинтеграциялоо **«Адамдарды сатуунун алдын алуу жана ага каршы күрөшүү жөнүндө» 2005-жылдын 17-мартындагы Мыйзамга жана «Кыргыз Республикасында адамдарды сатуунун курмандыктарын кайра жиберүүнүн улуттук механизми жөнүндө» Өкмөттүн 2019-жылдын 19-сентябрындагы №4 токтомуна ылайык жүзөгө ашырылат.**

«Адамдарды сатуунун алдын алуу жана ага каршы күрөшүү жөнүндө» Мыйзамдын 24-беренесинин 1-пунктунда «адамдарды сатуунун

курмандыктарын социалдык жактан реабилитациялоо алардын кадимкидей жашоосун калыбына келтирүү максатында жүргүзүлүп, аталган адамдарга укуктук жардам көрсөтүүнү, психологиялык, медициналык, кесиптик жактан реабилитациялоону, ишке орноштурууну, турак жай берүүнү өзүнө камтыйт» деп көрсөтүлгөн. Адамдарды сатуунун курмандыктарына кандай гана жардам болбосун республикалык бюджеттин эсебинен жүргүзүлөт. Ушул эле Мыйзамдын 20-беренеси адамдарды сатуунун курмандыктарын коргоо жана аларга жардам көрсөтүү максатында атайын мекемелерди түзүүнү карайт:

а) адам сатуунун курмандыктары убактылуу жашап туруучу башпаанек;

б) адам сатуунун курмандыктарын колдоо жана жардам көрсөтүү борборлору.

Буга чейин өлкөдө мындай баш калкалоочу жайлар жана борборлор болгон эмес. Бирок, республиканын аймагында эки баш калкалоочу жай бар – Бишкек шаарындагы «Сезим» Кризистик борбору жана Ош шаарындагы «Ак жүрөк» Кризистик борбору, алар адам сатуудан жабырланган адамдарга жардам көрсөтүүгө адистешкен. 2022-жылы КР Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министрлиги «Эл агартуу» коомдук бирикмеси менен биргеликте 6 адамды – адам сатуунун курмандыктарын каатчылык борборлоруна жөнөткөн.

**Адамдарды сатуунун курмандыктарынын кылмыш-жаза процессиндеги укуктары –** адам сатууга активдүү каршы аракеттенүүнүн ажырагыс элементи (адамдардын трафиги) анын курмандыктарына жардам берүү болуп саналат. Универсалдуу жана регионалдуу эл аралык документтерде ар кандай жардамдын стандарттары жана түрлөрү камтылган. Адам сатуу боюнча иштерди иликтөө менен байланышкан кылмыш процесстериндеги жабырлануучулардын укуктары жөнүндө жоболор өзгөчө көңүл бурууга татыктуу. «Адамдарды, айрыкча аялдарды жана балдарды сатууну алдын алуу жана бөгөт коюу жөнүндө» Палермо протоколунун 6-беренеси мүчө мамлекеттерди сот процессинин купуялуулугун, ал эми адам сатуунун курмандыктарына алардын ишин сотто кароодо тийиштүү укуктарды камсыз кылууга милдеттендирет.

БУУнун талаптарын көптөгөн регионалдык түзүмдөр кабыл алды, мисалы, Евробиримдиги, анын мыйзамдары жабырлануучулар үчүн төмөнкү укуктарды таанып:

- угулуп, далилдерди келтирүү;

- анын кызыкчылыктарын коргоого тиешелүү маалыматтарды алуу;

- юридикалык жардам жана консультация;

- сот ишин кароого жабырлануучунун катышуусу менен байланышкан чыгымдардын орду мамлекет тарабынан толтурулушу;

- кылмыш субъекти тарабынан келтирилген зыяндын ордун толтуруу;

- коргоо (**Council Framework Decision of 13 March 2001 on the Standing of Victims in Criminal Proceedings. OJL 082, 22/03/2001**).

Кылмыштан жабырлануучуларга ушуга окшош эле укуктар Кыргызстандын мыйзамдарында дагы камтылган. **(караңыз: КР Кылмыш-жаза процессуалдык кодекси, 28-октябрь, 2021-жыл).**

**Адамдардын трафиги -** бул түшүнүктүн эл аралык таанылган дефинициясы болуп анын Палермо протоколундагы туюндурмасы эсептелет. БУУнун 2000-жылдагы "Трансчек аралык уюшкан кылмыштуулукка каршы аракеттенүү жөнүндө" Конвенциясынын тиркемесинде: адамдарды коркутуу, күч колдонуу жана мажбурлоонун башка түрлөрү, уурдоо, алдамчылык, алдоо, бийликти же алсыздыкты кыянаттык менен пайдалануу же болбосо эксплуатациялоо максатында башка адамды контролдой алган адамдын макулдугуна жетишүү үчүн акча жана пайда берүү жана алуу жолу менен адамдарды жалдоо, ташуу, жер которуу, жашыруу же кармап туруу **(БУУнун Трансулуттук уюшкан кылмыштуулукка каршы Конвенциясын толуктаган Адамдарды, өзгөчө аялдарды жана балдарды сатууну алдын алуу жана ага бөгөт коюу жана жазалоо жөнүндө Палермо протоколунун 9-беренеси. Генералдык Ассамблеянын 2000-жылдын 15-ноябрындагы №55/25 резолюциясы менен кабыл алынган).**

Кыргызстанда "адамдардын трафиги" түшүнүгүнүн туюнтмасы тексттик жана маанилик жагынан БУУлук аныктамага жакын **(караңыз: КРдин 2021-жылдын 28-октябрындагы №17 КЖКнын 166-бер.).**

**Адамдардын трафигинин гендердик аспектиси, анын уюштуруучулары жана көмөкчүлөрү** - адамдардын трафик феноменине сереп салуу бул көйгөйдү жок дегенде кыскача талдоону талап кылат. Адамдардын трафигине жана аларды эксплуатациялоого тиешеси бар адамдардын бирдиктүү профили жок. Трафиктер эркек жана аял, уюшкан кылмыштуу тармактын, чакан үй-бүлөнүн мүчөсү же жалгыз адам болушу мүмкүн, мисалы, ал адамдарды ташууда, документтештирүүдө же трафик

боюнча акциялардын логистикасына жардам көрсөтөт. Трафиктин потенциалдуу курмандыгынын үй-бүлө мүчөлөрү, достору же тааныштары адамдарды трафик максатында көндүрүүгө катыша алышат же жетектей алышат, ошондой эле трафиктин же эксплуатациянын башка процесстерине да катыша алышат. **(Киютин В. Г. Глобальный трафик людей в «свете рампы; вызовы - решения. Бишкек, 2014-ж., 103-130 бет).** Негизинен, трафикти уюштурууга соттолгондордун жана шектүүлөрдүн жалпы санынын болжол менен 2/3 бөлүгү эркектерге туура келет. Аялдардын трафикке катышуусу көбүнчө кыздардын трафигине байланыштуу экендигин баса белгилейбиз. Бул жерде, мындай аялдар, адатта, трафик тармагында төмөнкү орунду ээлейт жана эркек-трафиктерге салыштырганда, аныктоо жана кылмыш жоопкерчилигинин тобокелдигине көбүрөөк дуушар болгон милдеттерди аткарат.

Трафиктин курмандыктарынын профили менен кылмышкерлердин ортосунда байланыш бар экени талашсыз. Анын ичинен, трафиктин курмандыгы катары аныкталган кыздардын үлүшү менен аны уюштурганы үчүн соттолгон аялдардын үлүшүнүн ортосунда оң байланыш бар. Кылмыштуулуктун курмандыгы болгон кыздардын пайызы салыштырмалуу жогору болгон өлкөлөрдө аялдардын трафигин уюштургандыгы үчүн соттолгон адамдардын деңгээли жогору. Же болбосо, тескерисинче. Мында, аял-трафиктер кыздарды сексуалдык эксплуатациялоо менен байланышкан. Мындай тыянак 1990-жылдардын аягында адамдардын трафигинде кылмышкер аялдардын пайда болушун белгилөөгө мүмкүндүк берген сапаттуу изилдөөлөрдүн натыйжалары менен тастыкталат. Төмөнкү мыйзам ченемдүүлүктү да белгилеп кетүүгө болот: трафиктин катышуучусу болгон аялдар адатта түздөн-түз сексуалдык эксплуатациялоочу жайларда - көчөдө, сойкуканада же кардарлардан акча алууда колдонулат. Трафик тармактары аялдарды сексуалдык эксплуатациядан жапа чеккендерге жалдоочу катары да кеңири колдонушат. Буга потенциалдуу курмандыктардын аялдарга ишенүү тенденциясы өбөлгө түзөт. Аялдардын трафикке катышуусуна байланыштуу регионалдык жана субрегионалдык айырмачылыктар бар.

БУУ пандемия учурунда адам трафигинин айрым жаңы тенденцияларын аныктады. Жүздөгөн соттук иштерди талдаган эксперттер адам саткандардын курмандыктарынын көбү – 41% өздөрү туткундан кутулуп, качып, тартип сакчыларына кайрыла алышкан, 28% укук коргоо органдарынын өкүлдөрү тарабынан табылган, 11%га жакыны жарандык уюмдардын күчү менен

куткарылган деген жыйынтыкка келишкен. Пандемия коомдун адам сатууга болгон кооптонуусун күчөтүп, курмандыктарды куткаруу жана кылмышкерлерди жоопко тартуу мүмкүнчүлүктөрүн бузду. БУУнун отчетунда пандемия учурунда сексуалдык эксплуатация учурларынын азайышы айтылган.

Баяндаманын маалыматтарына ылайык, адам сатуу жөнүндөгү иштер боюнча өкүм менен айыпталгандардын саны 27% га, атап айтканда Түштүк-Чыгыш Азияда 56% га, Борбордук Америкада 54% га жана Түштүк Америкада 46% га төмөндөгөн. Кул сатуунун курмандыктары көбүнчө Африка жана Жакынкы Чыгыш өлкөлөрүндөгү чыр-чатак зоналарында жашаган адамдар болот. Ошондой эле, баяндамада Украинадагы чыр-чатактан улам көбүрөөк адамдар, биринчи кезекте, жер которгондор кылмышкерлердин курмандыгы болуп жатат деп айтылат. Эксперттердин айтымында, аялдар эркектерге караганда үч эсе, ал эми балдар чоңдорго караганда эки эсе көп адам сатуучулар тарабынан физикалык зомбулукка кабылышат. Чыгыш Европада жана Борбордук Азияда адам сатуунун курмандыктарын аныктоо учурларынын саны глобалдык тенденцияга каршы 9% га өстү. Ошол эле учурда адам сатуу жөнүндөгү иштер боюнча иликтөөлөрдүн, соттук териштирүүлөрдүн жана өкүмдөрдүн саны кыскарды. Сексуалдык эксплуатациянын курмандыгы болгондордун саны 30% га кыскарып, ошол эле учурда эмгекке мажбурланган адамдардын саны көбөйгөн. Чыгыш Европада курмандыктардын көпчүлүгү эркектер жана балдар, ал эми Борбордук Азияда аялдар жана кыздар. Бирок, жалпысынан адам сатуунун курмандыгы болгон балдардын саны дүйнөнүн башка региондоруна караганда азыраак. (БУУнун баяндамасы: пандемиянын фонунда адам сатуунун курмандыктарын аныктоо кыйын болуп калды. 24-январь, 2023-жыл).

**Адамдардын трафигинин курмандыктарын аныктоо (идентификациялоо) -** белгилүү бир адам чындыгында эле трафиктин курмандыгы болуп санала тургандыгын юридикалык жактан таануу. Бул көйгөй мамлекеттик уюмдардын, бейөкмөт уюмдардын адамдарынын трафигине каршы күрөшүүгө кызыкдар болгон бардык адамдар үчүн, биринчи кезекте анын курмандыктары үчүн чоң теориялык-практикалык мааниге ээ. Тилекке каршы, курмандыктардын көпчүлүк бөлүгү эч качан расмий түрдө аныкталбайт, аларды өтө зарыл болгон жардамсыз жана коргоосуз абалга калтырышат.

Трафиктин курмандыктарын идентификациялоо боюнча эң маанилүү эл аралык документ **"Адамдарды, өзгөчө аялдар менен балдарды сатууну алдын алуу жана ага бөгөт коюу жана аны жазалоо жөнүндө протоколу. Бул протокол трансулуттук уюшкан кылмыштуулукка каршы Бириккен Улуттар Уюмунун Конвенциясын толуктайт. Башкы Ассамблеянын 2000-жылдын 15-ноябрындагы 55/25-резолюциясы менен кабыл алынган"**. Анда идентификация процессинин татаалдыгы жана узактыгы туура баса белгиленет. Мисалы, трафиктин чыныгы далилдери жок болсо, бийлик белгилүү бир адамды жабырлануучу катары таануудан баш тартышы мүмкүн.

Ошондуктан, мамлекеттер идентификациялоо ыкмаларын күчөтүшү керек, бул бала кезинен бери трафиктин курмандыгы болуп жүргөндөр үчүн өзгөчө маанилүү, трафиктин курмандыктарына жардам берүү жана колдоо чараларын күчөтүп, аларды эксплуатацияга каршы күрөшүүгө үндөшү керек. Протокол идентификация процесси башталгандан баштап, мигрантты чыгарып салуу буйругун аткарууну кийинкиге калтыруу керектигине көңүл бурат. Ошол сыяктуу эле, трафиктин курмандыктарын кармоого жана камакка алууга болбойт.

Трафиктин курмандыктарына түздөн-түз жардам көрсөтүү боюнча МОМдун нускамаларында идентификациялоо процессин ак ниеттүүлүк менен жүргүзүү милдети коюлган, анткени көптөгөн өлкөлөрдө трафиктин курмандыктарын мыйзамсыз мигранттар катары жаңылыш кабыл алышат. Трафиктин курмандыктары – бул олуттуу кылмыштардын объектиси болуп саналат, ошондуктан коопсуздук чараларын күчөтүү зарыл, анткени жабырлануучуларга кызмат көрсөткөн уюмдардын кызматкерлери өздөрү чоң тобокелге туш болушат; уюшкан кылмыштуу топтор кылмышкерлерден качып кеткен ошол курмандыктардын жайгашкан жерлерин табуу үчүн трафиктен жабыр тарткандарга жардам берүү программаларын ишке ашырган бейөкмөт уюмдарга кирүүгө аракет кылып жаткан белгилер бар. Айрыкча идентификациялоо процессинин чоо-жайын билүү менен, тейлөө уюмдары ар кандай жагдайларды эске алышы керек. Ошондуктан, тейлөө уюмдары жергиликтүү шарттарга жалпы мамилелерди ыңгайлаштырып, ылайыкташтырышы маанилүү. Процесс идентификациянын жалпы форматы катары каралышы керек, аны жергиликтүү тейлөө уюмдары өздөрүнүн тажрыйбасы жана белгилүү бир өлкөдөгү трафиктин абалын билүүсү, ошондой эле трафиктин курмандыктары менен макулдашуусу аркылуу өзгөртө алышат. **(The IOM Handbook on Direct Assistance for Victims of**

**Trafficking. 2007. p. 31-32.).** Трафик фактыларын чогултуу жана анын курмандыктарын идентификациялоо боюнча маанилүү методологиялык көрсөтмөлөр долбоордун менеджерлерине, иштеп чыгуучуларга, донорлорго жана трафикке каршы аракеттенүүчү көйгөйлөр менен алектенген башка адамдарга багытталган МОМдун колдонмосунда жазылган **(See: Surtees R., Craggs S. Beneath the Surface. Methodological Issues in Research and Data Collection with assisted Trafficking Victims. A Research Corporation between IOM and NUXUS Institute. 2010. P. 75.).**

Трафиктин курмандыктарын издөө ар кандай ыкмалар менен жүргүзүлөт: укук коргоо органдарынын, миграциялык кызматтардын жана эмгек инспекцияларынын кызматкерлеринин мигранттарды иш менен камсыз кылган жерлери боюнча, көчөлөрдө ж. б. рейддердин жүрүшүндө. Трафиктин болжолдуу курмандыктары табылгандан кийин, аларды идентификациялоо керек. Адамдардын трафигине каршы аракеттендүүдө трафиктин курмандыктарын аныктоонун жолдорунун ээлеген ордун жана маанисин кайрадан баалоого мүмкүн эмес. Дүйнөнүн көптөгөн өлкөлөрүндө МОТтун сунуштарынын негизинде тиешелүү индикаторлор иштелип чыккан. Индикаторлор - бул иш-аракеттердин, кызмат көрсөтүүлөрдүн жана процесстердин мүнөздөмөсүн талдоонун жана мониторинг жүргүзүүнүн, ошондой эле аларды ишке ашыруунун куралы. Эске алчу нерсе, индикаторлор трафиктин курмандыктарын курмандыкка чалуудан алыс болушу керек. Аларды идентификациялоодо зомбулуктун жана кыянаттыктын ар кандай формаларын колдонуу сыяктуу индикаторлор милдеттүү түрдө эске алынууга тийиш, мисалы, документтерди алып коюу, карызга көз карандылык кылып коюу, эмгек акыны төлөбөө. Трафиктин айрым формаларына спецификалык индикаторлорду колдонуу максатка ылайыктуу. Мисалга алсак, эксплуатациялоо жана үй кулчулугу максатында трафикти идентификациялоодо эмгек жана жашоо шарттары, өздүгүн тастыктаган документтерди алып коюу, эмгек акынын өлчөмү ж. б. сыяктуу индикаторлор колдонулат.

Эми трафиктин курмандыгы болгон улутка/этноско тиешелүү маселеге келсек. Анткени, жергиликтүү, регионалдык жана улуттук трафик шарттарын жана тенденцияларын билүү бул контекстте абдан баалуу. Трафиктин курмандыгы болгон адамда өзүнө таандык документтеринин болуусу курч маселе болуп саналат. Албетте, ички трафикте жабырлануучунун өздүгүн ырастоочу документтерге ээ болуусу анын чек ара аралык түрүндөгүдөй

мааниге ээ эмес. Аймактык контексттен алганда, чыныгы же жасалма документтерди колдонуу да өтө маанилүү эмес. Бирок, чек ара көзөмөлүнүн деңгээлине, жасалма документтерге ээ болушуна жараша өлкөлөр менен аймактардын ортосунда өзгөчөлүктөр бар. Эл аралык трафикте трафиктин курмандыктарынын документтерин колдонуу бир кыйла артыкчылыктуу, анткени анда учактарды, поезддерди же паромдорду колдонот, мында жол жүрүү жана өздүгүн ырастоочу документтер текшерилет. Документтер түп нускада болушу жана жабырлануучу жөнүндө чыныгы маалыматты камтышы мүмкүн, же баланын жашын жогорулатуу максатында жасалма ысымдар, туура эмес туулган датасы менен жасалма болушу мүмкүн. Мындай учурларда трафиктин уюштуруучулары жабырлануучуга иммиграция же паспорттук көзөмөл үчүн паспортун же жол жүрүү документтерин тапшырып, андан кийин алып коюшу мүмкүн. Региондук жана эл аралык деңгээлде сексуалдык эксплуатациялоо максатында трафик форматында документтерди алып коюу - бул трафикчилер колдонгон жабырлануучуну көзөмөлдөө жана мажбурлоо механизминин милдеттүү белгиси экендигин эске алуу керек. Ошондуктан, курмандыктардын документтеринин жоктугу трафиктин ишенимдүү индикатору болушу мүмкүн.

Трафиктин маанилүү индикатору болуп курмандыктын тейлөө уюмуна кайрылуусуна чейинки акыркы эксплуатациялык жер эсептелет. Мисалы, ресторандын ашканасы, балык уулоочу кеме, үй эмгеги же сексуалдык эксплуатация менен белгилүү жерлер (сойкуканалар, мейманканалар ж.б.) жөнүндө сөз болгондо, эксплуатация шарттарынын курмандыктын мыйзамсыз статусу менен тыгыз байланышын эске алганда, трафиктин көрсөткүчтөрү көрүнүп турат. Ошондуктан, трафикке каршы күрөшүү чөйрөсүндө катышкан бардык жактар (укук коргоо органдары, иммиграция бийлиги, тейлөө уюмдары ж.б.) жагдайга жана контекстке жараша ар бир индикаторду чечмелөө мүмкүнчүлүгүн эске алышы керек. Эл аралык уюмдар трафиктин курмандыгы болгон балдарды идентификациялоо процедурасына өзгөчө маани беришет, бул аларга эл аралык укукта каралган өзгөчө коргоо чараларына жетүүнү камсыз кылат. Бул татаал маселе, анткени аны чечүү баланын жашын аныктоо, аны жашыруун эксплуатациялоо учурларын тактоо, балдардын маалыматка жана колдоо кызматтарына жеткиликтүүлүгүнүн жоктугу, кул соодагерлеринин балдарга күчтүү таасири менен байланыштуу. Баарынан мурда, трафиктин курмандыгынын жашын аныктоо маселеси курч бойдон турат.

Дүйнөнүн көптөгөн өлкөлөрүнүн эл аралык укуктары жана ички мыйзамдары төмөнкү презумпциядан келип чыгат: эгерде болжолдонгон курмандыктын же трафиктин курмандыгы катары аныкталган адамдын жаш курагы белгисиз болсо жана бул адамды бала катары таанууга себептер бар болсо, анда аны бардык кесепеттери менен ушундай деп эсептөө керек. Андан кийин баланын өздүгүн жана жарандыгын аныктоо боюнча чаралар көрүлөт, бул келген мамлекетке баланын жарандыгы болгон өлкөнүн бийликтери менен кызматташууну түзүүгө мүмкүндүк берет. Курмандыктарды идентификациялоонун маанилүүлүгү жана универсалдуу эл аралык уюмдардын документтеринде иштелип чыккан бул процесстин методологиясынын мааниси дүйнөнүн көптөгөн өлкөлөрү жана аймактык эл аралык уюмдар тарабынан таанылат.

Кыргызстанда адам трафигинин курмандыктарын идентификациялоо менен мамлекеттик түзүмдөр жана ар кандай бейөкмөт уюмдар алектенет. Бул максатта атайын документ – **Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2019-жылдын 19-сентябрындагы №493 «Кыргыз Республикасындагы Адамдарды сатуунун курмандыктарын кайра жиберүүнүн улуттук механизмин бекитүү жөнүндө»** токтому кабыл алынган. Токтомдо идентификациялоонун критерийлери, типтүү нускамалар, республиканын министрликтери, комитеттери жана административдик ведомстволору аныкталган, алардын ишмердигине тиешелүү маселелер ж.б. киргизилген.

**Адвокат** - ушул Мыйзамда белгиленген тартипте адвокаттык иш жүргүзүү укугуна лицензия алган жана Адвокатуранын мүчөсү болуп саналган Кыргыз Республикасынын жараны. (Кыргыз Республикасынын 14.04.2014-жылдагы №135 «Кыргыз Республикасынын Адвокатурасы жана адвокаттык иш жөнүндө» мыйзамынын 15-беренеси). Кыргызстанда адвокаттардын ишмердиги Кыргыз Республикасынын **14.04.2014-жылдагы №135 «Кыргыз Республикасынын Адвокатурасы жана адвокаттык иш жөнүндө»** мыйзамы менен жөнгө салынат.

Жеке жана юридикалык жактарга, мамлекеттик органдарга, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына жана корголуучуга алардын укуктарын, эркиндиктерин жана мыйзамдуу кызыкчылыктарын, ошондой эле сот адилеттүүлүгүнө жетүүсүн коргоо жана камсыз кылуу максатында ушул Мыйзамда белгиленген тартипте адвокаттык иш жүргүзүү укугуна лицензия

алган адамдар тарабынан кесиптик негизде көрсөтүлө турган квалификациялуу юридикалык жардам Кыргыз Республикасында адвокаттык иш болуп саналат (Кыргыз Республикасынын 14.04.2014-жылдагы №135 «Кыргыз Республикасынын Адвокатурасы жана адвокаттык иш жөнүндө» мыйзамынын 16-беренеси).

Кыргызстанда миграция маселелери боюнча адвокаттардын ишмердиги али жетиштүү өнүкпөй жатат. Адвокаттардын, судьялардын, прокурорлордун, ИИМдин, чек ара кызматынын жана миграция чөйрөсүндөгү башка ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдардын кызматкерлеринин квалификациясын жогорулатуу максатында эл аралык уюмдар (БУУ, Евробирлик ж.б.) жана айрым мамлекеттер тарабынан окутуучу семинарлар жана тренингдер ийгиликтүү өткөрүлүп жатат.

**Административдик чыгарып салуу –** чет өлкөлүк жарандарды жана жарандыгы жок адамдарды Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган учурларда мамлекеттик чек ара аркылуу Кыргыз Республикасынынын чегинен мажбурлап жана көзөмөлдөп чыгарып салуу **(Кыргыз Республикасынын «Тышкы миграция жөнүндө» мыйзамынын 1-бер.).**

Миграциянын терс кесепеттерин болтурбоо жана жалпысынан аны контролдоо үчүн мыйзамдарда белгиленген мамлекеттик мажбурлоо чаралары, анын ичинде чет өлкөлүк жарандарды жана жарандыгы жок адамдарды администрациялык жол менен чыгарып жиберүү колдонулат. КР ИИМдин маалыматы боюнча 2022-жылы 21 чет өлкөлүк жаран республиканын чегинен чыгарылган.

Чет өлкөлүк жарандар Кыргыз Республикасында болуу тартибин бузуу менен байланышкан укук бузууларды жасагандыгы үчүн КР чегинен чыгарылууга тийиш. Кыргыз Республикасынын «Тышкы миграция жөнүндө» мыйзамынын 19-беренесине ылайык, төмөнкү учурларда чет өлкөлүк жарандарды жана жарандыгы жок адамдарды административдик чыгарып салуу каралган:

- визасынын, жашап турууга уруксатынын мөөнөтү аяктаган же болбосо жашап турууга уруксатынын колдонуу мөөнөтү жокко чыгарылганда;
- эгерде алардын иш-аракеттери улуттук коопсуздукту камсыз кылуу же коомдук тартипти сактоо кызыкчылыктарына каршы келсе;

- эгерде бул калктын ден соолугун жана адеп-ахлагын сактоо, Кыргыз Республикасынын жарандарынын жана башка адамдардын укуктарын жана мыйзамдуу кызыкчылыктарын коргоо үчүн зарыл болсо;

- КР мыйзамдарын бир нече жолу бузган жана аларды кылмыш жоопкерчилигине тартууга негиз жок болгон учурда.

Чет өлкөлүк жаран же жарандыгы жок адам соттун чечимисиз Кыргыз Республикасынын чегинен төмөнкүдөй учурларда мажбурлап чыгарылууга тийиш:

- тиешелүү уруксат берүүчү документтери жок эмгектик же жеке ишкердик иштерин жүргүзүүдө;

- КР аймагында визасыз, каттоосуз же жашап туруу мүмкүнчүлүгүнө уруксаты жок бир жылдан ашык жүргөндө;

- мөөнөтү бүткөнүнө, визанын же жашап туруу мүмкүнчүлүгүнө уруксаттын мөөнөтү жокко чыгарылганына же кыскартылганына карабастан Кыргыз Республикасынын аймагынан тышкары ыктыярдуу чыгуудан баш тартканда.

Чет өлкөлүк жаранды жана жарандыгы жок адамды мажбурлап чыгарып жиберүү жөнүндө чечим ИИО же улуттук коопсуздук органы тарабынан кабыл алынат. Чет өлкөлүк жаранды Кыргыз Республикасынын чегинен чыгаруу сот тарабынан жаза чарасы катары дайындалат, анын чечимине ылайык чет өлкөлүк жаран Кыргыз Республикасынан көрсөтүлгөн мөөнөттө чыгып кетүүгө милдеттүү **(Кыргыз Республикасынын Укук бузуулар жөнүндө кодексинин 32-бер.).**

Чет өлкөлүк жаран же жарандыгы жок адам соттун чечимисиз ИИОнун же улуттук коопсуздук органдарынын чечими боюнча КРдин чегинен төмөнкү учурларда мажбурлап чыгарылууга тийиш:

- тиешелүү уруксат берүүчү документтери жок эмгектик же жеке ишкердик иштерин жүргүзүүдө;

- КР аймагында визасыз, каттоосуз же жашап туруу мүмкүнчүлүгүнө уруксаты жок бир жылдан ашык жүргөндө;

- мөөнөтү бүткөнүнө, визанын же жашап туруу мүмкүнчүлүгүнө уруксаттын мөөнөтү жокко чыгарылганына же кыскартылганына карабастан Кыргыз Республикасынын аймагынан тышкары ыктыярдуу чыгуудан баш тартканда.

Административдик чыгарып салуу менен бирге КР Чек ара кызматынын жана ТИМдин органдарына милдеттүү түрдө билдирүү менен Кыргыз Республикасына кирүүгө убактылуу же туруктуу тыюу салынышы мүмкүн. Мындай учурда ТИМ, ИИО же улуттук коопсуздук органы тарабынан чет өлкөлүк жарандын же жарандыгы жок адамдын анык жол жүрүү документине кирүүгө тыюу салуунун мөөнөтүн көрсөтүү менен атайын белги (штамп) коюлат.

Административдик чыгарып салуу боюнча чыгымдарды каржылоо төмөнкү каражаттардын эсебинен жүзөгө ашырылат:

- чыгарылып жаткан чет өлкөлүк жарандар жана жарандыгы жок адамдардын;
- чакыруучу жана / же кабыл алуучу уюмдардын же жеке жактардын;
- өзгөчө учурларда бюджеттик каражаттардын эсебинен.

Чет өлкөлүк жаран он күндүн ичинде административдик чыгарып салууга сот тартибинде даттана алат. Чыгарылууга тийиш болгон адам өзгөчө жагдайларды билдире алат же мындай жаза чарасын колдонбоону өтүнө алат. Эгерде сот чет өлкөлүк жаранды административдик чыгарып салуу жөнүндө токтом кабыл алган учурда, жогору турган сотко апелляциялык даттануу берилиши мүмкүн. Административдик чыгарып салуу мамлекеттик коопсуздукту камсыз кылуу үчүн колдонулуучу инструменттердин бири болуп саналат; бул чараны колдонуунун аркасында КР жарандарынын мыйзамдуу кызыкчылыктары корголот, анткени өлкөнүн аймагында чет өлкөлүк жарандарга жана жарандыгы жок адамдарга көзөмөл жүргүзүлөт.

**Административдик кармоо** – заманбап мамлекеттердин мыйзамдарында ар кандай укук бузууларды алдын алууга жана жазалоого багытталган укуктук ченемдер камтылат. Мындай чаралардын бири административдик кармоо болуп саналат, ал Германия, Австрия, Улуу Британия, Россия, Казакстан жана башка мамлекеттерде колдонулат.

Кыргызстанда дагы административдик кармоо, башкача айтканда жеке адамдын эркиндигин кыска мөөнөткө чектөө, өзгөчө учурларда: жарандардын, коомдун коопсуздугун камсыз кылуу, иштин туура кароо, укук бузуу иши боюнча токтомду аткаруу үчүн колдонулат **(Кыргыз Республикасынын Укук бузуулар жөнүндө кодексинин 524-бер.).**

Жарандарды кармоо укук бузуучунун ким экендигин аныктоо, администрациялык укук бузуу аныкталган жерде администрациялык укук

бузуу жөнүндө протоколду түзүү мүмкүн болбогондо, аны түзүү, административдик укук бузуу жөнүндө ишти өз убагында жана туура кароону камсыз кылуу максатында колдонулат. Административдик кармоо жөнүндө протокол түзүлөт, анда ал түзүлгөн күн жана орду, протокол түзгөн адамдын кызмат орду, аты-жөнү, кармалган адам жөнүндө маалыматтар, убактысы, орду ж. б. көрсөтүлөт.

Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 5-майындагы Конституциясына ылайык, «Эч ким соттун чечимисиз жана мыйзамда белгиленген негиздер жана тартиптер боюнча гана кармалышы, ...... мүмкүн эмес. Эч ким соттун чечимисиз 48 сааттан ашык мөөнөткө кармалышы мүмкүн эмес.

Кармалган адам кармалышынын мыйзамдуулугу жана негиздүүлүгү жөнүндө маселени чечүү үчүн дароо, кармалган учурунан 48 саат өткөнгө чейин сотко жеткирилүүгө тийиш. Эгерде адамды кармоого негиз жок болсо, ал адам дароо бошотулууга тийиш.» **(КР Конституциясынын 59-бер.).**

Мыйзамда укук бузгандыгы үчүн адамды кармоо мөөнөтү белгиленген, ал 3 сааттан ашпоого тийиш. Өзгөчө учурларда камакка алуу каралган укук бузуулар үчүн кармоо мөөнөтү бир сутканын ичинде прокурорго жазуу жүзүндө кабарлоо менен 48 саатка чейин узартылат. Административдик кармоо ар кандай укук бузуулар үчүн, анын ичинде мамлекеттик чек ара режимин, миграциялык мыйзамдарды, КР аймагында жүрүүнүн белгиленген эрежелерин бузгандыгы ж.б. үчүн колдонулат. **(Кыргыз Республикасынын Укук бузуулар жөнүндө кодексинин 95, 96, 431-бер. ж.б карагыла).**

Кармалган учурдан тартып адамдын коопсуздугу, өзүн-өзү коргоо, адвокаттын квалификациялуу юридикалык жардамынан пайдалануу мүмкүнчүлүгү, ошондой эле медициналык кароодон өтүү жана врачтын жардамынан пайдалануу укугу камсыз кылынат. Кызмат адамы кыска мөөнөттүн ичинде туугандарына (же кармалган адамга телефон аркылуу кабарлоого мүмкүнчүлүк берилет), иштеген же окуган жери боюнча администрацияга жана жактоочуга кармалган адамдын турган жери жөнүндө билдирүүгө милдеттүү.

16-18 жаштагы өспүрүм кармалган учурда милдеттүү түрдө 3 сааттын ичинде ата-энесине же аларды алмаштыруучу адамдарга, ошондой эле балдарды коргоо боюнча ыйгарым укуктуу органга билдирүүгө тийиш, аларга бала ыйгарым укуктуу орган тарабынан бардык зарыл процесстик иш-аракеттер аткарылгандан кийин берилет.

Мыйзам менен укук бузуу жөнүндө иш боюнча өндүрүштү кармоого жана камсыз кылуунун башка чараларына дуушар болууга мүмкүн болбогон адамдардын чөйрөсү аныкталган (экс-президент, КР ЖК депутаттары жана депутаттыгына талапкерлер, судьялар, КР Президенттигине катталган талапкерлер, прокурорлор, КР Акыйкатчысы жана анын орун басарлары, КР Президенти) (Кыргыз Республикасынын Укук бузуулар жөнүндө кодексинин 524-бер.).

Кармалган адам иштин бардык материалдары менен таанышууга, түшүндүрмөлөрдү берүүгө, далилдерди келтирүүгө, өтүнүч жана четке кагууларды билдирүүгө, жактоочунун юридикалык жардамынан, ошондой эле мыйзамдарга ылайык башка укуктардан пайдаланууга укуктуу. Кармалган адам укук бузуу жөнүндө иш боюнча токтомго токтомдун көчүрмөсү тапшырылган же почта аркылуу алынган күндөн тартып 10 күндүн ичинде райондук (шаардык) сотко даттанууга укуктуу **(Кыргыз Республикасынын Укук бузуулар жөнүндө кодексинин 547-бер.).**

**Администрация - лат. administratio –** башкаруу, жетекчилик, 2 мааниси бар. Башкаруу ар кандай экономикалык системада башкаруунун зарыл элементи болуп саналат, мында анын функциялары белгилүү бир коомдук-экономикалык формацияда түзүлгөн коомдук мамилелерге олуттуу көз каранды.

Тар мааниде алганда, администрация - бул ишкананын/компаниянын, уюмдун же мекеменин жетекчилиги, ал ыкчам башкарууну жүзөгө ашырууга, юридикалык жак катары чыгууга, уюмдун расмий өкүлү болууга, анын атынан келишимдерди түзүүгө, мамлекеттик жана сот органдарында иш алып барууга ыйгарым укуктуу. Башкача айтканда, бул ишкананын же компаниянын жетектөөчү аппараты. Мисалы, мектептин администрациясы, фирманын администрациясы, ректорат, дирекция.

Ишкананын/фирманын администрациясына фирманын жетекчиси (президент), анын орун басарлары (вице - президенттер), аткаруучу директорлор, башкы бухгалтер, жетектөөчү менеджерлер (топ - менеджерлер) кирет. Жетекчилерди (президенттерди) фирманын ээлери/уюштуруучулары жалдашат же аларды өздөрүнүн курамынан дайындайт, башка администраторлорду компаниянын директорлору/президенттери дайындайт. Фирманын администрациясына жана ээлерине/уюштуруучуларына жүктөлгөн функцияларды айырмалоо керек. Учурдагы ыкчам башкаруу чечимдери жана

алардын натыйжалары үчүн жоопкерчилик администрацияга жүктөлөт, мында фирманын ээлериката кетирген же компаниянын ишин начар жүргүзгөн администраторлорду кызматтан кетирүүгө укуктуу. Ошол эле учурда, компаниянын жоготуулары, пайданын жетишсиздиги менчик ээлерине жүктөлөт, алар дагы фирманын карыздары боюнча жооп беришет. Администрациянын укуктук жобосу мыйзамдар жана уюмдун/компаниянын уставы менен аныкталат **(https://determiner.ru/termin/administracija.html).**

Кеңири мааниде алганда администрация деп мамлекеттин аткаруучу жана тескөөчү органдары, анын ичинде аймактардын деңгээлинде, башкача айтканда жалпы мамлекеттик масштабда (Министрлер Кабинети) же мамлекеттик башкаруунун айрым чөйрөсүнүн масштабында (Мамлекеттик мүлктү башкаруу боюнча мамлекеттик агенттик, Социалдык фонд) мыйзам чыгаруу органдарынын чечимдерин ишке ашырууну камсыз кылуучу аткаруучу-тескөөчү ишти жүзөгө ашыруучу мамлекеттик органдар түшүнүлөт.

Мамлекеттик башкаруу органдарынын, аткаруу бийлигинин ишмердиги мыйзамдар жана Өкмөттүн чечимдери менен жөнгө салынат.

**Айыл өкмөтү** – аймактын аткаруу бийлик органы **(Кыргыз Республикасынын 20.10.2021-ж., №123 «Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө» Мыйзамынын 50-бер.).** Бардык өлкөлөрдө жергиликтүү маанидеги маселелер менен алектенген жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары бар, мисалы, жер бөлүп берүү ж. б.

Кыргызстанда, Улутстаткомдун маалыматы боюнча, 453 айылдык аймак - бир же андан көп айылдык калктуу конуштарды жана чектеш аймактарды камтыган, республиканын үчүнчү деңгээлдеги администрациялык-аймактык бөлүнүшүнүн негизги бирдиги. Айыл өкмөтүн түзүүнүн тартиби, ыйгарым укуктары жана компетенциясы Кыргыз Республикасынын «Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө» Мыйзамында аныкталган. Айыл өкмөтүнүн түзүмү жана штаттык ырааттамасы Министрлер Кабинети тарабынан бекитилген типтүү түзүмдүн жана штаттык ырааттаманын негизинде айыл өкмөтүнүн башчысы тарабынан бекитилет.

Айыл өкмөтү айылдык кеңешке, ал эми берилген мамлекеттик ыйгарым укуктар боюнча - тиешелүү мамлекеттик органдарга отчет берет. Актыларды

(чечимдерди) айыл өкмөтүнүн атынан токтом жана тескеме формасында айыл өкмөтүнүн башчысы чыгарат, алар кол коюлган күндөн тартып күчүнө кирет.

Айыл өкмөтү аймакты социалдык-экономикалык жактан өнүктүрүү жана калкты социалдык жактан коргоо программаларынын долбоорлорун иштеп чыгууга катышат жана айылдык кеңеш бекиткенден кийин алардын аткарылышын камсыз кылат; жергиликтүү бюджеттин долбоорун иштеп чыгат жана айылдык кеңеш бекиткенден кийин аны аткарат; төмөнкүлөр боюнча иш-чараларды жүзөгө ашырат:

- жаңы жумуш орундарын түзүү;

- «кайрылман» статусу бар адамдарды адаптациялоо үчүн шарттарды түзүү, анын ичинде жеке турак жай куруу үчүн жер участокторун берүү;

- тарых, архитектура жана маданият эстеликтерин коргоо;

-турак жай фондун, турак жай-коммуналдык чарбаны өнүктүрүү жана аймакты жашылдандыруу.

Айыл өкмөтү муниципалдык ишканаларды менчиктештирүүнү жана социалдык-маданий, турмуш-тиричилик жана чарбалык багыттагы объектилерди жана алардын иштеши үчүн зарыл болгон жабдууларды өз балансына өткөрүп берүүнү жүзөгө ашырат; аймакка курулуш куруунун башкы планын иштеп чыгат жана ишке ашырат, архитектуранын жана шаар куруунун ченемдери менен эрежелеринин сакталышын контролдойт; табигый кырсыктарды, өзгөчө кырдаалдарды алдын алуу жана болтурбоо, алардын кесепеттерин жоюу боюнча иш-чараларды жүзөгө ашырат; ж. б.

Айыл өкмөтүнүн башчысы аким тарабынан дайындалат. Жогорку билимдүү, мамлекеттик тилди билген, мамлекеттик же муниципалдык кызматтарда 5 жылдан кем эмес, анын ичинен жетекчи кызматтарда 3 жылдан кем эмес, иштин башка чөйрөлөрүндө - 5 жылдан кем эмес иш стажысы бар, аракетке жөндөмдүү, соттуулугу жок Кыргыз Республикасынын жараны айыл өкмөтүнүн башчысы боло алат. Айыл өкмөт башчысынын ыйгарым укуктарынын мөөнөтү-5 жыл.

Айыл аймагында өзүнчө жайгашкан айылдардын жергиликтүү маанидеги маселелерин ыкчам чечүү үчүн жергиликтүү кеңештин чечими боюнча айыл башчысынын кызмат орду киргизилиши мүмкүн, ал тиешелүү айылдын тургундарынын жыйындарынын макулдугу менен жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруучу органынын жетекчиси тарабынан дайындалат. Айыл башчысы калктуу конуштун аймактык өзгөчөлүктөрүнө, белгиленген үрп-адаттарга жана каада-салттарга негизденүү менен

жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органынын чечими менен ага берилген функцияларды аткарат. Эгерде калктуу конуштан жергиликтүү кеңешке депутаттар шайланбаса, айыл башчылары кеңеш берүүчү добуш укугу менен тиешелүү жергиликтүү кеңештин жыйналыштарына, ал эми шаардык кеңештин жыйналыштарына айылга тиешелүү маселелерди кароодо катышууга укуктуу.

**Айып пул –** бул укук бузууну жасоого күнөөлүү жакка сот, ыйгарым укуктуу орган тарабынан салынуучу мамлекеттин кирешесине өндүрүлүүчү акчалай жаза чарасы болуп саналат. Айып пулдун өлчөмү укук бузуу жасалган учурда белгиленген эсептик көрсөткүчкө (ЭК) карата аныкталат (КРдин Укук бузуулар жөнүндө кодекси 31-бер.). Административдик укук бузуу үчүн айып пулдун өлчөмү жеке жактарга 10дон 200гө чейин ЭКны, юридикалык жактарга – 50дөн 650гө чейин ЭКны түзөт.

Миграция чөйрөсүндөгү мыйзам бузуулар үчүн 55тен 650гө чейин ЭК айып пул санкциялары каралган. Мисалы, КР Укук бузуулар жөнүндө кодексинин 431-беренесине ылайык 55 эсептик көрсөткүч өлчөмүндө айып пул салуу каралган:

- чет өлкөлүк жаран тарабынан КРда жүрүү же жашоо тартибин бузгандыгы үчүн,

- КРда эмгек ишмердигин жүргүзүү тартибин бузгандыгы үчүн.

Чет өлкөлүк жарандарды жана жарандыгы жок адамдарды чакыргандар же кабыл алгандар үчүн жүрүүнүн белгиленген тартибин бузгандыгы үчүн чоңураак айып пул каралган: жеке жактарга 10дон 30га чейин ЭК, юридикалык жактарга – 50дөн 130га чейин ЭК (КРдин Укук бузуулар жөнүндө кодекси 430-бер.)

КРда чет өлкөлүк жумушчу күчүн тартуу жана пайдалануу эрежелерин бузгандыгы үчүн жеке жактарга – 200 ЭК, юридикалык жактарга-650 ЭК өлчөмүндө айып пул белгиленген (КР Укук бузуулар жөнүндө кодексинин 93-беренеси).

Кылмыш-жаза мыйзамында айып пул жасалган кылмыштын мүнөзүнө жана ордугуна жараша айыпкердин, соттолгондун мүлктүк абалын эске алуу менен негизги жазанын түрү катары белгиленет (КР Кылмыш-жаза кодексинин 65-беренеси) жана сот тарабынан акчалай түрдө дайындалуучу жаза болуп саналат. Кылмыш үчүн айып пул 200дөн 25000ге чейин ЭКны түзөт. Бирок миграция чөйрөсүндөгү кылмыштар үчүн жазада айып санкциялары каралган

эмес, бул кылмыштар үчүн жаза катары ар кандай мөөнөткө эркиндигинен ажыратуу белгиленген.

**Акыйкатчы (омбудсмен) –** аткаруу бийлик органдарынын жана кызмат адамдарынын ишмердигинде айрым жарандык топтордун адилеттүүлүгүн жана кызыкчылыктарын сактоону контролдоо функциялары жүктөлгөн жарандык же кызмат адамы.

Башка түзүмдөрдөн айырмаланып, ал мыйзамдуулукту гана эмес, натыйжалуулукту, максатка ылайыктуулукту, ак ниеттикти, калыстыкты да көзөмөлгө алып, иликтөөлөрдү жүргүзөт. Акыйкатчы кемчиликти же кыянаттыкты таап, бул тууралуу тиешелүү органга же кызмат адамына көрсөтүп, аны жоюуну сунуштайт. Баш тарткан учурда ал сот органдарына же парламентке кайрыла алат. Акыйкатчы жарандардын арыздары боюнча гана эмес, өз демилгеси менен да иш алып барат. Кызмат орундун расмий аталыштары ар кайсы өлкөлөрдө ар башка.

Кыргызстанда Акыйкатчы **Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 109-беренесине ылайык**: «Кыргыз Республикасында адамдын жана жарандын укуктарынын жана эркиндиктеринин сакталышына парламенттик контролду Акыйкатчы (Омбудсмен) жүргүзөт» жана «Кыргыз Республикасынын Омбудсмени (Акыйкатчысы) жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамы иштейт. Биринчи Акыйкатчы 2002-жылдын 21-ноябрында шайланган.

Акыйкатчы (омбудсмен) ( байыркы скандинавиялык тилден umboð «ыйгарым укук», «тапшырма») – бул шведдин термини, «эл өкүлү» дегенди түшүндүрөт. Алгачкы Парламенттик омбудсмен кызматы Швециянын риксдагы тарабынан 1809-жылы, ошол жылы кабыл алынган Конституцияга ылайык негизделген. Акыйкатчы сот чиновниктерине карата Падышалык бийликтин контролдук функцияларын аткарган. Ошондон бери Акыйкатчынын функциясында ар кандай формалар жана максаттар пайда болду. Швед үлгүсү боюнча Акыйкатчы кызматы Түндүк Европанын башка өлкөлөрүндө - 1919-жылы Финляндияда, Норвегияда (1952-ж.) жана бир жылдан кийин Данияда киргизилген. Акыйкатчы кызматын киргизген биринчи европалык эмес мамлекет Жаңы Зеландия (1962-ж.), биринчи социалисттик мамлекет - Польша (1987-ж.) болгон. Учурда дүйнө жүзү боюнча 100дөн ашуун өлкөдө Акыйкатчы (омбудсмен) кызматы бар **(https://politike.ru/termin/ombudsmen.html).**

Акыйкатчы кандай ишмердикти же кайсы укуктардын сакталышын көзөмөлдөп турганына жараша Акыйкатчылардын ар кандай түрлөрү бар. Мисалы, адам укуктары, балдардын укуктарын коргоо, бизнестин жана ишкерлердин укуктарын коргоо, ЖМКнын укуктарын коргоо боюнча ыйгарым укуктуу адам, финансылык акыйкатчылар, бааларды көзөмөлдөө боюнча акыйкатчылар ж. б. болушу мүмкүн, Швейцарияда 2020-жылдын 1-январынан тартып финансылык тейлөө чөйрөсүндө адам укуктарын коргоо боюнча ыйгарым укуктуу адам иштейт.

Акыйкатчы ар кандай жолдор менен шайланышы же дайындалышы мүмкүн.

Кыргыз Республикасында Акыйкатчыны (Омбудсменди) шайлоонун жана кызматтан бошотуунун тартиби Кыргыз Республикасынын 2002-жылдын 31-июлундагы №136 «Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысы (Омбудсмени) жөнүндө» Мыйзамы менен жөнгө салынат. Акыйкатчы 5 жылдык мөөнөткө шайланат. Бир эле адам Акыйкатчы кызматын катары менен эки мөөнөттөн ашык ээлей албайт.

Акыйкатчы (Омбудсмен) кайсы бир мамлекеттик органдарга жана кызмат адамдарына көз каранды эмес. Анын ишмердигине кийлигишүүгө, ага кандай формада болбосун таасир этүүгө тыюу салынат жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жоопкерчиликке алып келет.

Акыйкатчы өзүнүн ыйгарым укуктарынын бүткүл мөөнөтүнүн ичинде кол тийбестикке ээ жана Жогорку Кеңешинин макулдугусуз сот тартибинде берилүүчү кылмыш-жаза жана административдик жоопкерчиликке тартылышы, кылмыш жасаган жеринде кармалган учурларды кошпогондо, кармалышы, камакка алынышы, тинтүүгө алынышы, ошондой эле башка адамдардын коопсуздугун камсыз кылуу үчүн Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган учурларды кошпогондо, тинтүүгө же анын жеке өзү да текшерүүгө алынышы мүмкүн эмес. Омбудсмендин (Акыйкатчынын) кол тийбестиги анын турак-жайына жана кызматтык жайына, кол жүгүнө, жеке жана кызматтык унаа каражаттарына, кат-кабар алышуусуна, ал пайдаланган байланыш каражаттарына, ошондой эле ага таандык болгон документтерге да жайылтылат. Акыйкатчынын өмүрүнө жана ден соолугуна коркунуч болгон учурда ага жана анын үй-бүлөсүнө коргоо жана коопсуздук камсыз кылынат.

Акыйкатчы педагогикалык, илимий жана чыгармачылык ишмердиктен башка акы төлөнүүчү ишмердик менен алектенүүгө укугу жок. Акыйкатчынын ыйгарым укуктары мөөнөтүнөн мурда токтотулганда ыйгарым

укуктары аяктаганына байланыштуу кызмат ордунан бошотулган учурда мурунку жумушу берилет, ал эми ал болбогон учурда мурдагы иштеген жумуш орду боюнча, же болбосо анын макулдугу менен башка ишканадан, мекемеден, уюмдан, мамлекеттик органдан же жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынан башка ошого тете жумуш (кызмат орду) берилет. **(Кыргыз Республикасынын 2002-жылдын 31-июлундагы №136 «Кыргыз Республикасынын Омбудсмени (Акыйкатчысы) жөнүндө» Мыйзамы).**

**Алиби (латын тилинен alibi – башка жерде)** – айыпкер ага айыпталып жаткан кылмыш жасалганда, ал кылмыш жасалган жерде боло албагандыгы, анткени ал башка жерде болгон же башка жагдайларда кылмышка тиешелүү адамдар же буюмдар менен байланышта болушу мүмкүн деген жагдайдан келип чыккан күнөөсүздүктүн далили. Мунун натыйжасында, колдо болгон далилдер күчүн жоготот.

Жарандык сот өндүрүшүндө, эгерде доогер талаштуу доомат пайда болгондо жоопкердин түздөн-түз катышуусун өзгөчө баса белгилесе жана анын далилдеринин курамдык бөлүгүнө айландырса же бул катышуусуз сөз болуп жаткан милдеттенме такыр пайда боло албаса, мисалы, никесиз балага алимент изделсе гана, алиби жөнүндө сөз болушу мүмкүн. Андан кийин соттолуучунун белгилүү бир убакта башка жерде болгонун жана ал, милдеттенме келип чыга турган жосун жасай албаганын табуу, доону жасалма түрдө түздөн-түз жокко чыгаруу болуп саналат.

Күнөөсүздүк презумпциясынын жоболоруна ылайык, эгерде жактоочу тарап алибинин бар экендиги жөнүндө жүйө келтирсе, анда алибини тастыктаган же четке каккан далилдерди чогултуу милдети айыптоо тарабында болот. Айыпталуучунун алибисине негизделген коргонуу жүйөсү, эгерде кылмыш болгон учурда, соттолуучу чындыгында айыпталып жаткан кылмыш болгон жерде болгонун тастыктаган далилдер келтирилген болсо гана, четке кагылды деп эсептелет.

Негизи, алиби - бул адамдын күнөөсүз экендигинин бир далили, ал соттук териштирүүнүн жүрүшүндө эске алынышы керек: компетенттүү адвокат ишти кароодо алиби бар экенин сөзсүз көрсөтөт. Көпчүлүк учурларда алиби алдын ала тергөө стадиясында эле ар кандай булактардын жардамы менен далилденет: адам кылмыш жасаган учурда башка жерде болгонун далилдеген күбөлөрдүн көрсөтмөлөрү, фото жана видеоматериалдар.

Алибинин төмөнкү түрлөрү бар:

- толук - бул учурда мыйзамсыз иш-аракеттерди жасоого катышуу мүмкүнчүлүгүн бир беткей жокко чыгарууга болот;

- жарым-жартылай - бул учурда түзүлгөн кырдаал адамдын кылмыш жасалган жерде болушун жокко чыгарбайт, анткени чогултулган маалыматтар жетишерлик ынанымдуу эмес;

- квалификациялуу - мындай алиби алдын ала даярдалган жана жасалма мүнөздөгү жагдайлардын жардамы аркылуу түзүлгөн (мисалы, күбөлөрдү алдын ала даярдоо же татаал документтерди түзүү аркылуу);

- жөнөкөй - бул эч кандай далил менен тастыкталбаган фактыларга негизсиз шилтемелерди өзүнө камтыйт.

Квалификациялуу жана жөнөкөй алиби жалган деп эсептелет, ошондуктан аларды сот отурумунда далил катары кароого болбойт **(https://jurkom74.ru/,https://gufo.me/dict/brockhaus/)**.

**Анклав** (француз тилинен enclave, кийинки латын тилинен inclavere – ачкыч менен бекитем) – эл аралык укукта өз мамлекетинин аймагы менен курчалган чет мамлекеттин аймагынын бир бөлүгү. Толугу менен башка өлкө менен курчалган мамлекеттин бөлүктөрү толук анклавдар деп аталат. Аймак түшүнүгү кургактык аймагын да, аймактык сууларды да камтыйт.

Эгерде аймакты кургактыктын ордуна чет өлкөлүк аймактык суулар бөлүп турса, анда деңиз жана көл болуп бөлүнгөн арал анклавдары жөнүндө сөз болот. Эгерде аймак кургактыктагы башка мамлекет менен курчалган, бирок деңизге чыга турган болсо, анда ал жарым анклав же жээктеги анклав деп эсептелет.

Ошондой эле пенеанклав (латын тилинен paene - "дээрлик") категориясы бөлүнүп турат - башкы өлкө менен де-юре байланышта болгон, бирок табигый шарттардан улам андан де-факто бөлүнгөн, башкача айтканда, үчүнчү өлкөлөр аркылуу гана жетүүгө мүмкүн болгон аймактар. Негизинен, пенеанклавдар тоолуу аймактарда жайгашкан. Кээ бир учурларда пенеанклавдын айырмачылыгын аныктоо учурунда жетүүгө кыйын болгон жердин айырмасын аныктоо кыйын.

Анклавдардын мисалдары: Өзбекстандын аймагы менен курчалган Кыргыз Барак анклавы Кара-Суу районунун Ак-Таш айыл өкмөтүнүн бир бөлүгү болуп саналат. Тажикстандын Ворух анклавы Кыргызстандын аймагы менен курчалган (Баткен облусунун Лейлек району). Кыргызстандын Баткен

облусунун ички аймагында жайгашкан Өзбекстагдын Сох жана Шахимардан анклавдары.

**Апатрид (латын тилинен apatris жана грек тилинен. ἀ + πατρίς - «мекени жок адам») же жарандыгы жок адам –** бул эч кандай жарандыгы же букаралыгы жок адам жана анын кандайдыр бир жарандыкка же букаралыкка таандыктыгын аныктай турган далилдери жок жеке адам.

«Апатрид» деген термин эч бир мамлекет өзүнүн мыйзамдары боюнча жаран деп эсептелбеген адамды билдирет **(Экономикалык жана Социалдык Кеңештин 1954-жылдын 26-апрелиндеги 526 А (XVII) резолюциясына ылайык чакыртылган Ыйгарым укуктуу өкүлдөдүн конференциясында 1954-жылы 28-сентябрда кабыл алынган Апатриддердин макамы жөнүндө Конвенциянын 1-бер.).** Конвенция апатриддер менен иш алып баруунун минималдуу стандарттарын аныктайт. Конвенцияга ылайык, апатрид мыйзамдарга жана эрежелерге, ошондой эле ал жайгашкан өлкөнүн коомдук тартибин сактоо үчүн көрүлгөн чараларга баш ийүүгө милдеттүү. Конвенция апатриддерге түздөн-түз укуктарды бербейт, бирок алар мыйзамдуу негизде жашаган мамлекеттердин мыйзамдары тарабынан аларга кандай укуктар берилиши керектигин белгилейт. Мамлекеттер өздөрүнүн өзгөчө укуктук статусун таанууга милдеттүү, бул ушуга окшош жагдайларда улуттук мыйзамда каралган чет өлкөлүктөрдүн укуктук жобосунан кем болбошу керек. Бул эреже биринчи кезекте төмөнкү укуктарды таануу тууралуу сөз болгондо колдонулат:

- үй-бүлөлүк жашоого, жеке статусун жана абийир жана дин тутуу эркиндигин урматтоо укугу (4 жана 12-бер.);
- менчикке болгон укук (мүлктүк укук) (13 жана 14-бер.);
- ассоциация укугу (15-бер.);
- сотко кайрылуу укугу (16-бер.);
- эмгекке жана ар түрдүү кесиптерге ээ болуу укугу (17 жана 19-бер.);
- социалдык камкордуктун жана административдик асыроонун ар кандай түрлөрүнөн пайдалануу укугу (20-25-бер.);
- транспорттун бардык түрү менен эркин жүрүү укугу, ошондой эле мүлктү алып чыгуу укугу (26-30-бер.);
- чыгаруу жана натуралдаштыруу менен байланышкан укуктук ченемдер (31 жана 32-бер.).

Адам укуктарынын жалпы декларациясы, Жарандык жана саясий укуктар жөнүндө эл аралык пакт, Расалык басмырлоонун бардык түрлөрүн жоюу жөнүндө эл аралык конвенция, Аялдарга карата басмырлоонун бардык формаларын жоюу жөнүндө конвенция, Баланын укуктары жөнүндө конвенция, Бардык эмгек мигранттарынын жана алардын үй-бүлө мүчөлөрүнүн укуктарын коргоо жөнүндө эл аралык конвенция жана Майыптардын укуктары жөнүндө конвенция сыяктуу эл аралык укуктук документтер жарандыкка болгон укукка байланыштуу жоболорду камтыйт, бул апатриддерди коргоого жана жарансыздыкты болтурбоого өбөлгө түзөт.

Жарандык туулган жерине, туруктуу жашаган аймагына, ата-энесинин экөөнүн тең же алардын биринин жарандыгына ж.б. көз каранды болушу мүмкүн. Ошол эле учурда расмий түрдө алган жарандыгы мыйзамдын негизинде жоюлуп же андан ажыратылышы мүмкүн.

Адамдардын белгилүү бир мамлекетке болгон тартылуусун жоготуунун себептери ар кандай болушу мүмкүн:

- эгерде адам ата-энесинин экөө тең жарандыгы жок үй-бүлөдө төрөлсө, ал туулган учурдан тартып жарандыгы жок болуп калат, ал төрөлгөн өлкөдө жарандык автоматтык түрдө туулган жери боюнча берилбейт;

- адам өз ыктыяры менен жарандыктан баш тарта алат. Көбүнчө, бул убактылуу статус. Эгерде ал башка мамлекеттин жарандыгын алууну пландап жатса, мындай чара зарыл болот;

- эгерде жаран потенциалдуу кооптуу инсан категориясына кирип, ал жаранга саясий куугунтук жүргүзүлүп жаткан учурда жарандыктан мажбурлап ажыратуу болот;

- эгерде жалган жарандык алуу фактысы аныкталса, адам апатрид болуп калышы мүмкүн. Мисалы, ал өлкөнүн жараны болуу максатында никеге турган болсо;

- мамлекеттин өзү жок болгондо (СССР кулагандан кийин, адамдар мамлекет болбой калган өлкөнүн паспорттору менен жүрүшкөн. Жаңы документтерди алганга чейин, бардык жарандар апатриддер деп эсептелген).

- адам ар кандай жарандыктан толугу менен баш тарткан учурлар кездешет. Бул диний себептерден улам болушу мүмкүн.

Жарансыздык бир катар факторлордон улам келип чыгышы мүмкүн, мисалы, жарандык жөнүндө мыйзамдардагы дискриминация (мисалы, расалык, диндик же гендердик), жарандык жөнүндө мыйзамдардагы карама-каршылыктар жана кемчиликтер жана мамлекеттик мураскорлук.

Документтердин жоктугу жарансыздыкка барабар эмес. Төрөлгөндүгүн каттабай коюу адамдарды жарандыгы жок болуу тобокелдигине алып келет, анткени туулгандыгы тууралуу күбөлүк адамдын жана анын ата-энесинин туулган жерин далилдейт жана тастыктайт, бул жарандыкты аныктоо үчүн зарыл болгон негизги маалымат. Жарансыздык тобокелдиги адамдардын жер которууга байланыштуу кырдаалдарда да пайда болушу мүмкүн.

Апатриддердин көпчүлүгү өмүр бою өздөрү жашаган өлкөлөрдө төрөлгөн. Апатриддердин саны өзгөчө көп болгон өлкөлөргө Мьянма, Кувейт, Кот-д'Ивуар, Таиланд, Ирак жана Доминикан Республикасы кирет. Апатриддердин олуттуу топтору дүйнөнүн ар кайсы өлкөлөрүндө жашашат, анда аялдар аталары менен бирдей өз жарандыгын балдарына өткөрүп берүүгө укугу жок. Натыйжада, аталары белгисиз, дайынсыз жоголгон же каза болгон учурларда балдар апатрид болуп калышы мүмкүн.

Эч кандай жарандыгы жок болгондуктан, апатриддер көбүнчө мамлекеттин жарандары пайдаланган негизги укуктарга ээ эмес. Жарансыздык билим алуу, иштөө, социалдык камсыздоо, турак-жай, медициналык жактан жардам алуу укугу, ошондой эле жарандык жана саясий укуктар, анын ичинде эркин жүрүү, негизсиз камакка алынбоо жана саясий турмушка катышуу укугу сыяктуу социалдык-экономикалык укуктарга таасирин тийгизет. 1954-жылкы Конвенция ошондой эле апатриддерге өздүгүн тастыктоочу документтерге, жол жүрүү документтерине жана административдик жардамга болгон укуктарды кепилдейт.

Эл аралык укуктук актылар менен белгиленген апатриддердин укуктук абалы Кыргызстанда **Кыргыз Республикасынын 2007-жылдын 21-майындагы №70 «КР жарандыгы жөнүндө», 2000-жылдын 17-июлундагы №61 «Тышкы миграция жөнүндө» мыйзамдары, ошондой эле Кыргыз Республикасы катышуучу болуп саналган, мыйзамда белгиленген тартипте күчүнө кирген эл аралык келишимдер менен жөнгө салынат.**
**(https://publications.iom.int/system/files/pdf/final-wmr_2020-ru.pdf, https://www.osce.org/files/f/documents/9/9/343321.pdf )**

**Апелляция (латын тилинен appellatio - кайрылуу, даттануу) –** кандайдыр бир чечимге, токтомго карата жогору турган инстанцияга даттануу; соттун чечимине ишти маңызы боюнча кайра кароого укугу бар жогору турган сотко даттануу.

Талаш-тартыш жагдайларды чечүү үчүн акыркы инстанция болуп чыр-чатактын катышуучуларынын биринин тарабын алган сот эсептелет, бирок анын ар бир чечимин ар дайым эле адилеттүү деп айтууга болбойт. Мындай кырдаалдарды болтурбоо үчүн мыйзамда айрым сотторго төмөнкү инстанциялардын актыларын кайра кароого ыйгарым укук берүү менен белгилүү бир иерархия каралган. Мындай даттануу апелляция деп аталат.

Апелляциялык өндүрүш тартибинде жогору турган сот инстанциясы төмөн турган соттун чечимине текшерүү жүргүзөт; текшерүүдөн кийин даттанылган чечимди бекитет же аны жокко чыгарып, жаңысын чыгарат. Апелляцияда соттун айрым процесстик маселелер боюнча эмес, бүтүндөй иштин маңызы боюнча чечими кайра каралат. Апелляциялык инстанциядагы сот биринчи инстанциядагы соттун чечимин жокко чыгарууга гана эмес, аны өзгөртүүгө да укуктуу.

**Апелляциялык соттук инстанция -** бул экинчи инстанция, башкача айтканда, биринчи соттун чечимдери даттанылат. Бул апелляциялык даттануу берүү аркылуу ишке ашат. Соттун чечимине макул болбогон тарап арыз жазып, анда сот кандай ката кетиргенин, иштин кандай жагдайларын алар көз жаздымда калтырганын көрсөтөт. Жогору турган сот мындай даттанууну алгандан кийин ишти ушул сын-пикирлердин баарын эске алуу менен кайра кароого милдеттүү. Башкача айтканда, эгерде арыз ээси биринчи инстанциядагы сот тарабынан тигил же бул далилдерге, дооматтарга ж.б. баа берилбегендиги жөнүндө жазса, апелляциялык инстанциядагы сот бул пункттардын баарын иштеп чыгууга тийиш.

Талаш-тартыш процесстик укуктун кайсы тармагына тиешелүү экендигине жараша, мыйзам тарабынан апелляциялык даттанууну берүү мөөнөттөрүн сактоо талаптары белгиленген. Эреже катары, арыз вердикт мыйзамдуу күчүнө киргенге чейин катталууга тийиш.

Апелляциялык инстанцияга кайрылууда даттануунун өзүн, мамлекеттик алымды төлөгөндүгү жөнүндө чекти жана эгерде кайрылуучунун кызыкчылыгын адвокат көрсөтсө, нотариалдык ишеним катты тиркөө талап кылынат. Чечимдин тексти аны чыгаран соттун иш кагаздарына тиркелет.

Иштин жыйынтыгынын бир нече варианттары болушу мүмкүн: апелляция четке кагылышы мүмкүн, баштапкы чечим толугу менен же жарым-жартылай өзгөртүлүшү мүмкүн, ошондой эле ал толугу менен өзгөрүүсүз калышы мүмкүн.

Эгерде даттануу туура эмес таризделсе, сот аны кароодон баш тарта алат. Айрым учурларда төмөнкүдөй кемчиликтерди жоюуга белгилүү бир мөөнөт берилет:

- эгерде арызда негизги маалыматтар көрсөтүлбөсө: даттануу кайсы сотко берилип жатат, баштапкы чечим кандай кабыл алынды, иштин номери көрсөтүлбөсө ж. б.;

- мамлекеттик алым төлөнбөсө;

- эгерде биринчи отурумда тараптардын биринин кызыкчылыгын юрист билдирсе, ишеним каттын көчүрмөсү тиркелбесе;

- ишке кызыкдар тараптарга караганда арыздардын көчүрмөлөрү азыраак болсо.

Кыргызстанда соттук чечимдерге апелляциялык даттануу тартиби жана шарттары төмөнкүлө менен жөнгө салынат:

- жазык иштери боюнча - КР Кылмыш-жаза процессуалдык кодексинин 46-48-главаларында;

- жарандык иштер боюнча - КР Жарандык-процесстик кодексинин 38-39-главаларында;

- административдик иштер боюнча - КР Административдик - процесстик кодексинин 24-главасында.

(**https://lawmix.ru/slovar/15261; https://determiner.ru/termin/apelljacija.html#**).

**Апостиль -** бул документтерди легалдаштыруунун бир формасы, ал Гаага конвенциясынын катышуучу-өлкөлөрү тарабынан таанылган (1961-жылдын 5-октябрында Гаагада эл аралык жеке укук боюнча Гаага Конференциясынын катышуучу-мамлекеттери тарабынан түзүлгөн чет өлкөлүк расмий документтерди легалдаштыруу талабын жокко чыгаруучу Конвенция). Апостиль коюлган документ 140тан ашуун өлкөдө юридикалык күчкө ээ, Кыргызстан Гаага Конвенциясына 2009-жылдын ноябрында кошулган. Апостиль өлкөнүн чегинен сыртка чыгарылуучу документтерди тариздөө мөөнөтүн кыскартат.

Апостиль белгиси талаптарга жараша документтин түп нускасына же көчүрмөсүнө коюлат. Апостиль легалдаштыруунун мындай формасын тааныган өлкөлөрдүн аймагында көрсөтүү үчүн документтин мыйзамдуулугу жөнүндө маалыматтарды толтуруунун эл аралык стандартташтырылган формасын өзүнө камтыйт. "Апостиль" штампы документтердин түп

нускаларына жана көчүрмөлөрүнө коюлат жана документтерди эл аралык легалдаштырууну жөнөкөйлөтөт. Жөнөкөй сөз менен айтканда, бул документти ал алган өлкөнүн чегинен тышкары легалдаштыруу. Мисалы, биздин абитуриент чет өлкөлүк ЖОЖго тапшырууну каалаганда, анын ичинде мектепти аяктагандыгы жөнүндө аттестат тапшырышы керек. Албетте, көптөгөн өлкөлөрдө кыргыз документин көрсөтүү менен майнап чыкпайт. Документти мыйзамдаштыруу үчүн апостилдөө процесси болот. Конвенцияга ылайык апостиль мамлекеттик органдар тарабынан берилген расмий документтерге, административдик документтерге, нотариалдык актыларга гана коюлат. Ошол эле учурда, коммерциялык же бажы документтери, ошондой эле дипломатиялык документтер апостилдештирилбейт. Бул документтерди мыйзамдаштыруу үчүн башка эл аралык механизмдерди колдонууга туура келет.

Апостилдин формасы Конвенция тарабынан регламенттелген эмес. Мисалы, Кыргызстанда жана Россияда бул штамп, ал эми АКШда алар сертификат катары берилет. Мында апостилде эмне жазылууга тийиш экендигинин так тизмеси бар: өлкөсү, адамдын аты-жөнү жана кызматы, мекеменин аталышы, шаардын аталышы, апостиль коюлган дата, органдын аталышы, апостилдин номери, мекеменин мөөрү же штампы, апостиль койгон кызмат адамынын колу. Конкреттүү документке апостиль аны берген бийлик органында же жогору турган ведомстводо коюлат. Мисалы, Юстиция министрлиги, ИИМ ж.б. Апостиль Конвенциянын эки тилинин (француз жана англис) биринде же улуттук тилде болушу мүмкүн. Кыргыз Республикасында апостиль мамлекеттик тилде таризделет. Адатта, штамптын котормосу француз же англис тилдеринен улуттук тилге которулган, ал эми апостилдин аталышы француз тилинде так болушу керек - Apostille **(Convention de la Haye du 5 octobre 1961).** Айрым өлкөлөр "кош апостиль" талап кылышат, анда Апостилге англис тилине нотариалдык жактан күбөлөндүрүлгөн котормо жасалып, ага дагы бир штамп коюлушу керек. Ошондуктан, ар дайым кабыл алуучу тарап менен апостилге котормо керекпи же жокпу, тактап алуу зарыл.

Апостилди тариздөө үчүн мамлекеттик алым төлөнөт. Документтерди апостилдештирүү мөөнөтү документтер берилген күндөн тартып 2 иш күндөн ашпоого тийиш, ал эми Документтерди апостилдөө мөөнөтү документтер берилген күндөн тартып 2 жумушчу күндөн ашпоого тийиш, ал эми мамлекеттик органдын койгон колунун, мөөрүнүн же штампынын аныктыгын текшерүү, коюлган колдун үлгүсүн талап кылуу жана кызмат адамынын кол

коюу укугуна ыйгарым укуктарын тастыктоо зарыл болгон учурда апостилдештирүү мөөнөтү 30 күнгө чейин узартылат (Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2010-жылдын 18-ноябрындагы №283 токтому менен бекитилген Апостиль коюунун тартиби жана шарттары жөнүндө Нускаманын 11 жана 12-пункттары).

Документтерди апостилдештирүүдөн баш тартуу учурлары Апостиль коюунун тартиби жана шарттары жөнүндө Нускаманын 41-пунктунда белгиленген.

Кыргызстан бир катар мамлекеттер (негизинен КМШга катышуучулар) менен укуктук жардам жөнүндө макулдашууларды түзгөн, ага ылайык документтер бул өлкөлөрдүн маморгандары тарабынан өз ара мамиле принциби боюнча апостилсиз таанылат. Бирок, эгерде өлкө менен укуктук жардам жөнүндө келишим жок болсо жана ал Гаага конвенциясынын катышуучусу болбосо, документти консулдук мыйзамдаштыруу талап кылынат. Бул татаал, көп баскычтуу жана узак процесс.

**Аргасыз миграция** – миграциялык агымга мүнөздүү колдонулган жалпы термин. Анда мажбурлоо элементтери, анын ичинен табигый же техногендик себептердин натыйжасы катары жашоого коркунучу бар учурлар да кездешет (мисалы, өлкөнүн ичинде жер которгон качкындардын же адамдардын жер которуусу, ошондой эле табигый же экологиялык кырсыктардан, химиялык же ядролук авариялардан, ачарчылыктан же өнүгүү программаларынан улам жер которгон адамдар). Мындай кырдаал дүйнөнүн ондогон өлкөлөрүнө мүнөздүү, анын ичинде, АКШ, Пакистан, Индия, Шри-Ланка жана башкалар.

Алсак, Афганистанда жашаган этникалык кыргыздардын өмүрүнө коркунуч туудургандыктан, ал жердеги согуш аракеттерин эске алып, биздин өлкөнүн бийлиги Афганистандан тарыхый мекенине 100дөн ашык памирлик кыргыздарды 2017-2019-жылдары көчүрүп алып келген. 2021-жылдын сентябрь айында Кыргызстандын Президенти С.Жапаров расмий түрдө Ош облусунун Чоң-Алай районунда памирлик кыргыздар үчүн жаңы турак жайлардын курулушуна старт берген. Бул максатта 400 турак үй курууга 30 гектар жер аянты бөлүнгөн. («Бардык мүлкүн, малын сатышты». Афганистандагы кыргыздар талибдерден алыс болуу үчүн мекенине Бишкекке алып кетүүнү суранышат.» **https://rus.azattyq.org/a/kyrgyz-escape-taliban-afghanistan/32238588.html).**

**Асоциалдык жүрүм-турум** - коомдо болгон социалдык жана укуктук ченемдерге ылайык келбеген, адам таандык болгон социалдык же улуттук топтун үрп-адаттарына жана каада-салттарына каршы келген жүрүм-турум. Башкача сөз менен айтканда, бул коомдо кабыл алынган ченемдерди жана мыйзамдарды сактабоо, ал адеп-ахлаксыз же мыйзамсыз жосундар түрүндө көрүнөт. Асоциалдык жүрүм-турум мыйзамсыз жүрүм-турумга алып келиши көп эле кездешет.

Ассоциалдык жүрүм-турумдун төрт негизги түрү бар:

- адеп-ахлаксыздык - башка жарандарга түздөн-түз коркунуч келтирбеген коомдун адеп-ахлак нормаларын сактабоо. Өзүнө жалганчылыкты, арам сөздөрдү, тартипти бузууну, жоопкерсиздикти, чагымчылдыкты, кайырчылыкты, тартипсиздикти, эмгектенүүгө умтулуунун жоктугун, селсаяктыкты камтыйт.

- көз карандылык - ар кандай көз карандылыктын болушу, анын жардамы менен адам чындыктан качат. Аларга: аракечтик, таксикомания, баңгилик, анорексия, булимия, нимфомания, оюнга көз карандылык, диний фанатизм кирет.

- укукка каршы - денеге оор залал келтирбей мушташуу, бейбаштык, майда уурулук, коомдук жайларда тартипти бузуу, инсанды мазактоо, уурдоо максаты жок транспортту уурдоо ж. б. камтыган укуктук ченемдерди бузуу.

- кылмыштуу - адам кылмыш жоопкерчилигине тартыла турган жосундар. Кылмыштуу аракеттерге массалык баш аламандыктарды уюштуруу, талкалап кирүү менен жасалган уурулук, тоноочулук, алдамчылык, коррупция, опузалоо, карактап кол салуу, шантаж, зордуктоо, киши өлтүрүү ж. б. кирет.

Эгерде жаран өзүн туура эмес алып жүрсө жана кандайдыр бир этикалык ченемдерди бузса, бул чөйрөдөгү адамдардын соттолушуна алып келиши мүмкүн. Белгиленген эрежелерди жана мыйзамдарды бузган адамдар үчүн жоопкерчиликтин ар кандай түрлөрү бар: тартиптик, административдик, кылмыш-жаза.

Өзүнүн эмгектик милдеттерин аткарбоо же талаптагыдай эмес аткаруу эмгек мыйзамдарында каралган тартиптик жоопкерчиликке алып келет. Мисалы, себепсиз келбей калуу, уюмдун ички тартибин бузуу, жумушка мас абалында келүү.

Коомдук тартипти жана жарандардын тынчтыгын бузган жосундар административдик жоопкерчиликке тартылууга алып келет. Мисалы, жол

кыймылынын эрежесин бузуу; коомдук жайларда спирт ичимдиктерин ичүү; майда бейбаштык.

Башка адамдар үчүн эң чоң коркунуч - бул кылмыш жоопкерчилигине тартылуу каралган кылмыштар. Мындай коомдук коркунучтуу укук бузууларга уурулук жана алдамчылык; унаа каражаттарын уурдоо; баңгизаттарды таратуу ж. б. кирет. **https://fundamental-research.ru/ru/article; https://spravochnick.ru/sociologiya/**

**Ассимиляция (латын тилинен assimilatio -** окшоштуруу, аныктоо, биригүү) **-** бир этностук же социалдык топтун (эреже катары, азчылыктын) башка үстөмдүк кылган топко ыңгайлашуусу, өзүнүн айырмалоочу белгилерин тилди, салтты, маданиятты жана жүрүм – турумду (жашоо образын) кабыл алууну жана улуттук аң-сезимди өзгөртүүнү камтыган башка топтун белгилери менен алмаштыруу (балким улуттук өзүн-өзү идентификациялоону толук алмаштырганга чейин).

Мында, ассимиляция бир маданияттын өкүлдөрү өздөрү кошулган коомго ылайыкташуу үчүн жүрүм-турумун өзгөртөт дегенди билдирет. Ассимиляция бир топтун маданиятынын экинчиси тарабынан кандайдыр бир деңгээлде басылышын камтыйт. Ассимиляцияда эл өз тилин, өзүнүн аталышын, салттуу ишмердик түзүмүн жоготушу мүмкүн, бирок диний ишенимдерин, кээ бир күнүмдүк каада-салттарын сактап калышы мүмкүн (мисалы, Америка улутунун жаралуу тарыхы). Жаңы жамаатты түзгөн элдер өз тилин (Бельгия улутунун жаралуусу) сактап калган учурлар белгилүү.

Табигый жана мажбурлоо ассимилияция деп бөлүнөт.

Табигый ассимиляция региондордун жана бүтүндөй мамлекеттердин экономикалык жана саясий жакындашынын объективдүү процесстеринин натыйжасы болуп саналат, бул алардын маданий жакындашуусуна кубаттуу түрткү берген (мисалы, дүйнөлүк чарбанын ааламдашуусу). Мигранттар үчүн табигый ассимиляция өздөрүнүн жаңы мекенинде жергиликтүү калктын курамына акырындык менен аралашып кетиши менен мүнөздөлөт. Табигый ассимиляция элдер үчүн ыңгайлуу шарттарда (элдердин толук тең укуктуулук принциби) жүрөт жана чакан элдердин ири этникалык жамааттар менен биригишинин мүнөзүнө ээ.

Мажбурлоо (күчтөп) ассимиляциясы тигил же бул этносту өз алдынча бирдик катары жок кылууга багытталган, бирок физикалык жол менен эмес, улуттук саясатты жүргүзүүнү өзүнө камтыйт. Мажбурлоо ассимиляциясы

улуттук, диний ж. б. Кысымчылык шарттарда жүрөт жана айрым элдердин басмырлоо мүнөзүнө ээ

Күч менен ассимиляциялоодо улуттук тилди колдонуу чөйрөсүн чектөө, андан кийин анын пайдаланылышы толук алып салуу; улуттук каада-салттарды түп-тамырынан жоюу (улуттук майрамдарды белгилөөгө, ырым-жырымдарды жасоого тыюу салуу); элге тиешеси жок ишмердиктин түрлөрүн киргизүү ж.б. колдонулат, мындай саясат ассимиляцияланган элдин катуу каршылыгын, этникалык чегинүүгө умтулуусун жаратат жана этностор аралык чыр-чатактарды пайда кылат.

Мисалы, Батыштын өнүккөн өлкөлөрүнө мигранттардын тез ассимиляциясы алардын ийгиликтүү социалдык жана экономикалык адаптациясынын негизги шарттарынын бири болгондо, мажбурлап ассимиляцияны аргасыздан айырмалоо керек.

Багындырып алган аймактардагы басып алуучу эл басып алгандардын маданиятын (мисалы, Түштүк Италиядагы нормандар, Балкан жарым аралындагы болгарлар ж.б.) кантип кабыл алганы, азыраак эл көп сандаган элди кантип ассимиляциялаганы тууралуу тарыхый мисалдар бар. Ошол эле эл өздөрү башка элдерди активдүү ассимиляциялай алышат, бирок айрым учурларда, өзгөчө башка элдердин салттуу отурукташкан аймагында чакан топтордо жашаганда, алар өздөрү ассимиляциянын объектиси болуп калышы мүмкүн.

Ассимиляцияга этностор аралык нике таасир этет, бирок мындай никеде төрөлгөн балдардын этникалык өзүн-өзү идентификациялоосу көбүнчө лидер болгон жубайынын улутуна көз каранды.

Глобалдык мааниде алганда адамзат тарыхы элдердин ассимиляцияланышы, сансыз уруулардын чектелген сандагы этникалык топторго, улуттарга жана элдерге биригүү процессин өзүнө камтыйт. Ассимиляциянын күчөшү туруктуу коомдук жашоо мезгилинде болот. Этностор аралык чыр-чатактар ассимиляция процессинин өнүгүү динамикасын төмөндөтөт

**(https://dic.academic.ru,https://orthographical.slovaronline.com)**

**Аялдарга карата басмырлоонун бардык формаларын жоюу жөнүндө Конвенция, 1979-ж.** – бул документ (30-бер.) адамзаттын актуалдуу көйгөйлөрүнө - аялдарга карата басмырлоонун бардык формаларын жоюуга арналган. Конвенциянын кириш сөзүндө БУУнун Уставында жарыяланган

адамдын негизги укуктарына, адамдын кадыр-баркына жана баалуулугуна ишенимди, ошондой эле адам укуктарынын жалпы декларациясында камтылган бардык адамдар бирдей жана эркин төрөлгөндүгүнө байланыштуу басмырлоого жол бербөө жөнүндө жоболорду эске алуу менен аны кабыл алуунун маанилүүлүгү баса белгиленет.

Конвенциянын 1-бөлүгү (1-бер.) эң маанилүү түшүнүктүн аныктамасын келтирет - «аялдарды басмырлоо», башкача айтканда жашоонун бардык чөйрөлөрүндө жынысы боюнча ар кандай айырмачылык, алсыроо ж. б. Аялдарга карата басмырлоону айыптоо менен, мүчө мамлекеттер басмырлоону жоюу саясатын жүргүзүүгө макул болушат жана бул эсепке санкцияларды кошкондо, ар кандай мыйзамдык жана башка чараларды көрүүгө милдеттенишет (3-5-бер.). Аялдарды басмырлоого тыюу салуу жашоонун ар кандай чөйрөлөрүн камтыйт, анын ичинде эркектер менен бирдей шарттарда эл аралык уюмдардын ишине катышуу, жарандыкты алуу, өзгөртүү же сактоо жагынан эркектер менен бирдей укуктарга ээ болуу, билим берүү, иш менен камсыз кылуу жаатында, мисалы, эркектер менен бирдей эмгек үчүн бирдей акы төлөө, социалдык камсыздоо, саламаттыкты сактоо, кош бойлуулук боюнча акы төлөнүүчү өргүү ж.б. (7-13-бер.). Конвенцияда (14-бер.) айыл жергесинде жашаган аялдарга өзгөчө көңүл буруу керек деп айтылат, анын ичинен социалдык камсыздандыруу программаларына катышууга, формалдуу жана формалдуу эмес билим алууга, коомдук тейлөөнүн бардык кызматтарынан пайдаланууга жана башкаларга көңүл бурулушу керектиги белгиленет.

Конвенция аялдардын эркектер менен бирдей жарандык укук жөндөмдүүлүгүн, анын ичинде аны ишке ашыруунун, атап айтканда келишимдерди түзүүдө жана мүлктү башкарууда, соттордо жана трибуналдарда териштирүүдө бирдей мүмкүнчүлүктөрүн тааныйт (15-бер.). Ошондой эле нике-үй-бүлө мамилелери жагынан эркектер менен теңчилиги да таанылат (16-бер.). Конвенциянын аткарылышын контролдоо максатында аялдарга карата басмырлоону жоюу боюнча БУУнун Комитети түзүлгөн. Конвенциянын тийиштүү беренелеринде (17-26-бер.) ар кандай маселелер каралат, атап айтканда, Комитетти түзүү принциптерине, анын ыйгарым укуктарына, БУУнун Башкы Катчысынын алдындагы отчеттуулукка ж. б. тиешелүү маселелер каралат. Конвенциянын корутунду беренелери Конвенцияны ратификациялоо, аны депонирлөө жана башка маселелерге

арналган. **(Аялдарга карата басмырлоонун бардык формаларын жоюу жөнүндө БУУнун Конвенциясы. Башкы Ассамблеянын 1979-жылдын 18-декабрындагы 34/180 резолюциясы менен кабыл алынган. 1981-жылы 3-сентябрда күчүнө кирген).**

Кыргызстан биздин республика үчүн күчүнө кирген Конвенцияга 1997-жылдын 12-мартында кошулган.

## – Б –

**Багуудагы адам (Иждивенец)** - бул өз алдынча киреше булактары жок жана салык төлөөчүнүн каражаты менен жашаган, алар менен байланышта болгон жана болбогон эмгекке жарамсыз адам. Багуудагы адамдар жана алардын багуучулары мураскерлик, банкроттук, эмгек талаш-тартыштары маселелерин чечүүдө ар кандай жеңилдиктерге жана артыкчылыктарга укуктуу. Эмгекке жарамдуу, бирок жумушсуз адамдар багуудагы адамдар деп саналбайт. Багуудагы адамдарга ошондой эле баланын төрөлүшүнө байланыштуу бала багуу өргүүсүндө жүргөн аялдар кирет. Салык төлөөчүнүн жалпы кирешесинен багуудагы адамдарга чегерүүлөр анын негизги иштеген жери боюнча турак жай-эксплуатациялык контора, турак жай кооперативи, кварталдык комитет же мамлекеттик бийликтин башка аткаруу органы тарабынан берилүүчү үй-бүлөсүнүн курамы жана багуусундагы адамдардын саны жөнүндө тиешелүү маалымкаттын негизинде берилет. Нике бузулганда чегерүүлөр багуусундагы адамдар жашаган жубайлардын бирине жүргүзүлөт. Мурдагы жубайы багуусундагы адамдарды багуу үчүн алимент төлөгөнүнө карабастан эсептен чыгарууга укугу жок. **(КР Өкмөтүнүн 2000-жылдын17-мартындагы №142 токтому).**

**Балдар порнографиясы** – жыныстык жактан кумарлануучу жүрүм-турумга катышкан же тартылган чыныгы баланы чагылдырган порнографиялык материал, анын ичинде баланын жыныстык мүчөсүн же жыныстык мүчөсүн ачык көрсөтүү; мындай жүрүм-турумга катышкан же тартылган баланы чагылдырган чыныгы адам, же андай жүрүм-турумга катышкан же тартылган баланын чыныгы сүрөттөрү. Эл аралык укук мындай жосундарды кылмыштуу жана кылмыш жазасына тартылууга тийиш деп тааныйт.

Кыргыз Республикасында балдар порнографиясы мыйзам боюнча жазаланат жана кылмыш жазасына тартылат. **(КРнын 2021-жылдын 28-октябрындагы Кылмыш-жаза кодексинин 162-бер. «Баланы порнобизнеске тартуу». КРнын 2022-жылдын 9-августундагы №89 Мыйзамынын редакциясында).**

**Балдардын укуктары жөнүндө Конвенция** – балдардын укугу адам укугунун ажырагыс бөлүгү болуп саналат. Алар 1989-жылдагы Балдардын укуктары жөнүндө Конвенцияда жана ага Факультативдик Протоколдордо, "Миң жылдыктын Декларациясында" жана башка универсалдуу, аймактык жана өлкөлүк документтерде жазылган. 1989-жылдагы Балдардын укуктары жөнүндө Конвенция негизги универсалдуу документ болуп эсептелет. Анда катышуучу мамлекеттер бул Конвенция тарабынан таанылган баланын укуктарын ишке ашыруу үчүн бардык зарыл мыйзамдык, административдик жана башка чараларды көрүүгө милдеттенишкен. Документте, атап айтканда, баланын жашоого жана дени сак өнүгүүгө, жарандык алууга жана ысым алууга укугу, өз ата-энесин билүүгө, алардын камкордугуна, балага тиешелүү бардык маселелер боюнча өз көз карашын эркин билдирүүгө укугу, өз пикирин билдирүү, ой жүгүртүү эркиндиги, абийир жана дин тутуу эркиндиги, ассоциациялардын эркиндиги жана тынч чогулуштардын эркиндиги, баланын жеке жана үй-бүлөлүк жашоосуна кийлигишпөө, турак жайдын кол тийбестиги же кат-кабарлардын купуялуулугу, анын ар-намысына жана беделине мыйзамсыз кол салуудан коргоо, маалыматка жетүү ж. б. укуктары каралат. (Балдардын укуктары жөнүндө Конвенция. Башкы Ассамблеянын 1989-жылдын 20-ноябрындагы 44/25 резолюциясы менен кабыл алынган.). Конвенциянын негизги жоболору адам укуктары боюнча аймактык жана улуттук документтер менен кабыл алынат. Мисалы, Евробиримдикте **(Commission Communication of 4 July 2006 – Towards an EU Strategy on the Rights of the Child. COM (2006) 367 – Not published in the Official Journal).**

Биздин республика дагы Балдардын укуктары жөнүндө Конвенциянын катышуучусу болуп саналат жана өзүнүн тиешелүү мыйзамдары бар **(Кыргыз Республикасынын Балдар жөнүндө кодекси, 10-июль 2012-жыл № 100. КРнын 2017-жылдын 27-апрелиндеги №33, 2019-жылдын 24-апрелиндеги №56, 2020-жылдын 1-августундагы №109 Мыйзамдарынын редакциясында).**

**Башпаанек издеген адам** - бир катар жагдайлардан улам (өзүн же үй-бүлө мүчөлөрүн расасынын, улутунун, дининин, саясий ишенимдеринин белгилери боюнча куугунтуктоо же куугунтуктайм деп коркутуу ж.б.) жашаган өлкөсүнөн чыгып кетүүгө, саясий башпаанек (б. а. эл аралык коргоо) берүү жөнүндө өтүнүч берген үчүнчү өлкөгө кирүүгө аргасыз болгон адам. Кирген өлкөнүн компетенттүү мамлекеттик түзүмү тарабынан өлкөдөн аргасыз чыгуунун бардык жагдайларын верификациялоо (миграциялык кызматтын кызматкерлери тарабынан өтүнүч менен маектешүү) же терс чечим менен, б.а. качкын статусун алуудан баш тартуу, ал тургай, өтүнүүчүнү өлкөнүн аймагынан тышкары депортациялоо мүмкүндүгү менен, же оң чечим менен – б. а. ага кирген өлкөнүн аймагында жашоого жана дүйнө жүзү боюнча эркин жүрүүгө мүмкүндүк берүүчү зарыл документтерди берүү менен изделген статусту берүү менен аяктайт **(Качкындарды эл аралык коргоо жана мамлекеттик башпаанек системаларын түзүү маселелери боюнча колдонмо. БУУнун УВКБ, № 27, 2017-ж.).**

Эл аралык укуктарга ылайык, башпаанек издеген адам чек арадан өткөндөн кийин дароо чек ара кызматынын кызматкерлерине башпаанек сурап кайрылса, эч кандай укуктук жоопкерчилик тартпастан эл аралык чек арадан мыйзамсыз өтө алат. Ушуга окшош ченем Кыргызстанда да иштейт: «Чет өлкөлүк жарандардын жана жарандыгы жок адамдардын саясий башпаанек укугун пайдалануу үчүн биздин республикага келиши, эгерде бул адамдардын аракеттеринде кылмыштын башка курамы болбосо, жазык жоопкерчилигине алып келбейт» (28.10.2021-жылдагы КРнын Кылмыш-жаза кодексинин 378-бер.).

Кыргызстанда адамдарга баш калкалоо, качкын макамын берүү же андан баш тартуу жөнүндө өтүнүч берүү маселелери мамлекет ичиндеги мыйзамдар менен жөнгө салынат **(КРнын 2002-жылдын 25-мартындагы № 44 «Качкындар жөнүндө» Мыйзамы. 2006-жылдын 13-майындагы №87, 2012-жылдын 17-мартындагы №15, 2016-жылдын 6-июлундагы №99, 2016-жылдын 20-июлундагы №125, 2020-жылдын 19-июнундагы №61, 2023-жылдын 19-апрелиндеги №91 мыйзамдарынын редакциясында).**

**Бейөкмөт уюмдар (БӨУ)** – расмий (өкмөттүк) институттардын катышуусу жок жеке адамдар жана/же башка коомдук (коммерциялык эмес, БӨУ) уюмдар тарабынан түзүлгөн уюмдар. БӨУ өз Уставынын негизинде анын мүчөлөрүнүн салымдарынан (взнос) өздүк каражаттардын эсебинен

жана тартылган каражаттарга (жеке же корпоративдик кайрымдуулуктар, өкмөттүк гранттар ж.б.) иштейт. БӨУ мамлекет менен өлкөнүн калкынын ортосунда ортомчу болуп саналат жана турмуштун ар кандай чөйрөлөрүндө: саясатта (мисалы, укук коргоо ишмердиги), экономикада, саламаттык сактоодо, жаратылышты коргоо иштеринде (мисалы, биологиялык ар түрдүүлүктү сактоо боюнча экологиялык долбоорлор), билим берүүдө ж. б. иш алып барат. Көпчүлүк учурда БӨУнун ишмердиги мамлекеттик түзүмдөрдүн ишмердигин толуктап гана тим болбостон, өзүнүн натыйжалуулугу боюнча андан да ашып түшөт. БӨУ эл аралык (ЭБӨУ) - «Гринпис», «Чек арасыз дарыгерлер», «Чек арасыз кабарчылар», «Эмнисти Интернэшнл», «Ньюмен Райтс Вотч» ж.б., ошондой эле улуттук (БӨУ) болуп бөлүнөт.

БӨУ адамдарды сатууга каршы аракеттенүүдө, анын курмандыктарын коргоодо, анын ичинде аларга физикалык, психологиялык жана башка жактан жардам көрсөтүүдө жана реабилитациялоодо маанилүү орунду ээлейт. Төмөндө биздин республиканын аймагында иштеп жаткан мындай БӨУлардын толук тизмеси келтирилген.

КРда адам сатуудан жабыр тарткандар менен иштеген коммерциялык эмес уюмдардын тизмеси (КЭУнун Улуттук базасы).

**Чүй облусу жана Бишкек шаары**

**1. «Сезим» Кризистик борбору» коомдук бирикмеси** (сеть МОМ)

- Бишкек шаарында туруктуу жашаган жери жоктор (качкындар) үчүн баш калкалоочу жай (адамдарды сатуунун курмандыктарына зарыл жардамдарды көрсөтөт);

- психологиялык жардам;

- укуктук жардам;

- социалдык жардам;

- кийим-кече жана азык-түлүк сатып алуу менен жардам көрсөтүү.

Штатта психолог, юрист-адвокат бар.

Социалдык кызматкер - Рыскулова Бюбюсара

Бишкек ш., Табышалиев көч. 3, тел: +996 312 316466, сот:+996 555 508 029, E-mail: sezim2008@gmail.com

**2. «Чүй региондук өнүктүрүү жана окутуу борбору» коомдук бирикмеси** (сеть МОМ)

- психологиялык жардам;

- укуктук жардам;

- социалдык жардам;

- кийим-кече жана азык-түлүк сатып алуу менен жардам көрсөтүү.

Штатта психолог, юрист-адвокат бар.

Социалдык кызматкер - Асанова Бермет

Чүй району, Чүй айылы, Ибраимов көч., 27, моб.: +996 550 390453, E-mail: chuy-tokmok@mail.ru, kemin2004@gmail.com

**3. «Арыш» коомдук бирикмеси** (сеть МОМ жана «Борбор Азия платформасы кыймылда»)

- психологиялык жардам;
- укуктук жардам;
- социалдык жардам;
- кийим-кече жана азык-түлүк сатып алуу менен жардам көрсөтүү.

Штатта психолог, юрист-адвокат бар.

Социалдык кызматкер - Айдаралиев Мааматкул

Бишкек ш., Арча – Бешик конушу, Чортеков көч. 35-231, у.т.: +996 772 232762, E-mail: arysh.kg@mail.ru

**4. «Замандаш» Кыргызстандыктардын жана мекендештердин эл аралык конгресси» Ассоциациясы**

- психологиялык жардам;
- укуктук жардам;
- социалдык жардам;
- кийим-кече жана азык-түлүк сатып алуу менен жардам көрсөтүү.

Штатта психолог, юрист-адвокат бар.

Социалдык кызматкер - Бусурманкулов Кадырбек

Бишкек ш., 7 к/р 53/2, у.т.: +996555424256, E-mail: lola-2103@mail.ru

**5. «Эл агартуу» коомдук бирикмеси** (Адамдарды сатууга каршы аракеттенүү боюнча БА тармагы)

- Улуттук базанын төрагасы;
- психологиялык, укуктук, социалдык жардамдар;
- кийим-кече жана азык-түлүк сатып алуу менен жардам көрсөтүү.

Штатта психолог, юрист-адвокат бар.

Социалдык кызматкер - Тулегабылова Нуржан

Бишкек ш., Чуйков көч., 9, у.т.: +996 558 878324, +996 555 750209, E-mail: ngoelagartuu@gmail.com, nurjantulegabylova@gmail.com

**6. «Балдардын укугун коргоо лигасы» коомдук фонду** (Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу калкты социалдык коргоо жана балдардын укуктары боюнча Координациялык кеңеш).

- психологиялык, укуктук, социалдык жардамдар;

- кийим-кече жана азык-түлүк сатып алуу менен жардам көрсөтүү.

Штатта психолог, юрист-адвокат бар.

Социалдык кызматкер - Турдубекова Назгуль

Бишкек ш., Эркиндик бул. 35, 41 бат., у.т.:+996 772398474, +996709862861, E-mail: crdl2008@gmail.com

**Талас облусу жана Талас шаары**

**7. «Айкөл» атуулдук демилгелерди өнүктүрүү борбору» коомдук бирикмеси** (сеть МОМ)

- психологиялык, укуктук, социалдык жардамдар;

- кийим-кече жана азык-түлүк сатып алуу менен жардам көрсөтүү;

- окууга жана жумушка орношууга көмөк көрсөтүү.

Штатта психолог, юрист-адвокат бар.

Социалдык кызматкер - Темирбекова Гульмира

Талас ш., Бердике баатыр көч., 210, тел.: +996 3422 53967, у.т.: +996 772 278228, E-mail: cidcaikol@gmail.com

**Ысык-Көл облусу жана Каракол шаары**

**8. «Акцент» коомдук фонду, «Данко» коомдук фонду**

- психологиялык, укуктук, социалдык жардамдар;

- кийим-кече жана азык-түлүк сатып алуу менен жардам көрсөтүү.

Штатта психолог, юрист-адвокат бар.

Социалдык кызматкер - Макарова Анна, Садыков Александр

Түп району, Түп айылы, Комаров көч., 6/11, у.т.: +996 772 205784, +996 552 247772, E-mail: makarova.kankon@gmail.ru

Балыкчы ш., Каралаев көч., 1, E-mail: Danko.bal@mail.ru

**Нарын облусу жана Нарын шаары**

**9. «Нуржолбер» коомдук бирикмеси** (сеть МОМ)

- психологиялык, укуктук, социалдык жардамдар;

- кийим-кече жана азык-түлүк сатып алуу менен жардам көрсөтүү.

Штатта психолог, юрист-адвокат бар.

Социалдык кызматкер - Жумалиева Суйун

Нарын ш., Мамбеталы уулу Таранчы көч., 16, тел.: +996 3522 50370, у.т.: +996 778661165, E-mail: nurjolber@mail.ru

**10. «Тынчтык» коомдук бирикмеси** (сеть МОМ)

- убактылуу жашап туруу;
- укуктук жардам.

Юрист - Ануркуль Окошева

Нарын ш., Шадыманов көч., 24, тел.: +996 3522 51001, у.т.: +996 0707622276, E-mail: telman_76@mail.ru

**Ош облусу жана Ош шаары**

**11. «Ош Аялзаты» аялдар демилгеси облустук борбору** (сеть МОМ)

- психологиялык, укуктук, социалдык жардамдар;
- кийим-кече жана азык-түлүк сатып алуу менен жардам көрсөтүү;
- окууга жана жумушка орношууга көмөк көрсөтүү.

Штатта психолог, юрист-адвокат бар.

Социалдык кызматкер - Ештаева Наргиза

Ош ш., Ленин көч., 205, кабинет №211, тел.: +996 3222 55608, у.т.: +996 557 777405, +996 555 840109, E-mail: ayalzat97@mail.ru

**12. «Ак-Жүрөк» Кризистик борбору» коомдук уюму**

- адамдарды сатуунун курмандыктары үчүн Ош шаарында башпаанек (адамдарды сатуунун курмандыктарына зарыл болгон жардам көрсөтөт);
- психологиялык, укуктук, социалдык жардамдар;
- кийим-кече жана азык-түлүк сатып алуу менен жардам көрсөтүү.

Штатта психолог, юрист-адвокат бар.

Социалдык кызматкер - Асилбекова Дарийкан

Ош ш., Ленин көч., 205, кабинет №210, тел: +996 3222 45976, у.т.: +996 779 231329, E-mail: kjurok01@gmail.com

**13. «Улыбка» коомдук фонду** (сеть МОМ)

- психологиялык, укуктук, социалдык жардамдар;
- кийим-кече жана азык-түлүк сатып алуу менен жардам көрсөтүү;
- окууга жана жумушка орношууга көмөк көрсөтүү.

Штатта психолог, юрист-адвокат бар.

Социалдык кызматкер - Умарова Эльмира

Ош ш., Ленин көч., 341, 4-бат., тел.: +996 3222 29826, у.т.: +996 773 010015, +996 553 010015, E-mail: ulybkakg@gmail.com, ulybkakg@rmbler.ru

**14. «Благодать» коомдук фонду** (сеть МОМ)

- психологиялык, укуктук, социалдык жардамдар;
- кийим-кече жана азык-түлүк сатып алуу менен жардам көрсөтүү;

- окууга жана жумушка орношууга көмөк көрсөтүү.

Штатта психолог, юрист-адвокат бар.

Социалдык кызматкер - Шакирова Рахат

Ош ш., Ленин көч., 205, кабинет №213, тел.: +996 3222 25257, +996 3222 46611, у.т.: +996 555 834551, E-mail: blagodatosh@rambler.ru, blagodatosh@gmail.com

**Баткен облусу, Баткен шаары жана Раззаков шаары**

**15. «Инсан – Лейлек» коомдук фонду** (сеть МОМ)

- психологиялык, укуктук, социалдык жардамдар;
- кийим-кече жана азык-түлүк сатып алуу менен жардам көрсөтүү;
- окууга жана жумушка орношууга көмөк көрсөтүү.

Штатта психолог, юрист-адвокат бар.

Социалдык кызматкер - Дербишева Гульнара

Лейлек району, Раззаков ш., Стадионная көч., 1, тел.: +996 3656 50104, у.т.: +996 0770 691 184, E-mail: insan.leilek.bk@gmail.com

**16. «Өмүр Булагы» коомдук фонду** (сеть МОМ)

- психологиялык, укуктук, социалдык жардамдар;
- кийим-кече жана азык-түлүк сатып алуу менен жардам көрсөтүү;
- окууга жана жумушка орношууга көмөк көрсөтүү.

Штатта психолог, юрист-адвокат бар.

Социалдык кызматкер - Мамбетова Токтокан

Баткен ш., Файзуллаев көч., 34, у.т.: +996 777 393077, +996 559 724043, +996 777 724043, E-mail: kalybek2003@mail.ru

**Жалал-Абад облусу жана Жалал-Абад шаары**

**17. «Аймира» коомдук фонду** (сеть МОМ)

- психологиялык, укуктук, социалдык жардамдар;
- кийим-кече жана азык-түлүк сатып алуу менен жардам көрсөтүү;
- окууга жана жумушка орношууга көмөк көрсөтүү.

Штатта психолог, юрист-адвокат бар.

Социалдык кызматкер - Жолоева Нургуль

Жалал-Абад ш., Токтогул көч., 46-үй, 3-бат., тел.: +996 3722 25955, у.т.: +996 772 663122, +996 552 663122, +996 772 199591, +996 551 919519, E-mail: pf-aymira@mail.ru

**Билим берүү документтерин нострификациялоо** - чет мамлекеттердин билим берүү документтерин таануунун жол-жобосу, башкача айтканда ошол мамлекеттин аймагында бул документтердин мыйзамдуу күчүнүн болушуна тиешелүү мамлекеттик бийлик органдарынын макулдугу.

Көптөгөн адамдар квалификациясын жогорулатуу, жаңы тажрыйба жана бөтөнчө көндүмдөрдү алуу үчүн чет өлкөдө иштөөнү же окууну улантууну каалашат. Бирок, чет өлкөгө көчүп барганда, өз мекенинен алган билимдин чет мамлекеттин талаптарына ылайык келиши боюнча көйгөйлөр жаралат.

Кабыл алуучу мамлекет пландаштырылган ишмердиктеги көйгөйлөрдү болтурбоо үчүн чет өлкөлүктөн жумушка алууда же окутууда атайын иштелип чыккан стандарттарга ылайык келүүнү талап кылат. Билим берүү документтерин нострификациялоо алынган көндүмдөрдүн жана билимдердин чет мамлекеттин стандарттарына ылайык келишин тастыктоо болуп саналат. Билими тууралуу документтерди нострификациялоо – бул билими тууралуу чет өлкөлүк документти тастыктоо, ага башка мамлекеттин чегинде юридикалык маани берүү боюнча иш-чаралар. Нострификация илимдин квалификациясынын жана кесиптик билиминин, илимий даражасынын бар экендигин жана илим жаатындагы жетишкендиктерин тастыктоону камтыйт.

Кыргыз Республикасынын аймагында чет мамлекеттерде берилген философия илимдеринин доктору академиялык даражалары диссертацияны экспертизадан өткөргөндөн жана дипломдорду нострификациялагандан кийин, Кыргыз Республикасы катышуучусу болуп саналган, мыйзамда белгиленген тартипте күчүнө кирген эл аралык келишимдерге ылайык илимдин тиешелүү тармагындагы илимдин кандидатынын окумуштуулук даражасына барабар деп таанылышы мүмкүн.

Философия илимдеринин доктору (PhD) академиялык даражасы бар изденүүчүлөрдүн диссертацияларын экспертизалоо жана дипломдорду нострификациялоо Кыргыз Республикасынын Жогорку аттестациялык комиссиясы (ЖАК) тарабынан жүргүзүлөт. (Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2016-жылдын 14-декабрындагы №671 «Чет мамлекеттерде берилген хабилитацияланган доктор (Dr.Habil.) жогорку академиялык даражасынын дипломдорун Кыргыз Республикасында нострификациялоо жөнүндө жобону бекитүү тууралуу» токтому). (Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2012-жылдын 12-январындагы токтому менен бекитилген «Чет мамлекеттерде берилген философия доктору (PhD) академиялык даражасынын дипломдорун Кыргыз Республикасында нострификациялоо жөнүндө Жобо»).

**Бипатриддер -** мамлекеттердин эл аралык практикасында көп жайылтылбаган кош жарандыгы бар адамдар. Кош жарандык, адатта, тарыхый байланыштар менен байланышкан эки өлкөнүн ортосунда атайын келишим түзүү жолу менен колдонулат. Кош жарандуулук келип чыккан теги (jus sanguinis), туулган жери (jus solis) боюнча ж.б. у. с. боюнча жарандыкты алган учурда пайда болушу мүмкүн. Кош жарандуулук көп учурда өлкөлөрдүн ортосунда жарандык укуктагы карама-каршылыктарды жаратат, анткени алардын ар бири жарандан кандайдыр бир конкреттүү милдеттенмелерди аткарууну талап кылууга укуктуу. Бирок, эгерде мындай адам бир мамлекеттин аймагында туруктуу жашаса, анда ал аны менен, анын ичинде аскердик кызматты өтөө, салык салуу жана башка маселелер боюнча туруктуу мамилелерди түзөт **(ru.m.wikipedia.org).** Мисалы, башка жарандыгы бар КР жараны биздин республика тарабынан анын жараны катары гана каралат.

Кыргызстан төмөнкүлөрдү кошпогондо өзүндө кош жарандуулукка жол берет: 1) Кыргыз Республикасы менен чектеш мамлекеттердин жарандарын; 2) ушул Мыйзамдын 16-беренесинде көрсөтүлгөн адамдарды кошпогондо. («Кыргыз Республикасынын жарандыгы жөнүндө» КР Мыйзамын карагыла. Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши тарабынан 2007-жылдын 27-мартында кабыл алынган).

**БУУнун Баңгизаттар жана кылмыштуулук боюнча башкармалыгы (БУУ БКБ) –** 1997-жылы түзүлгөн, функцияларына жана милдеттерине баңгизаттарды, куралдарды мыйзамсыз жүгүртүүгө, уюшкан кылмыштуулукка, адамдарды сатууга жана эл аралык терроризмге каршы күрөшүү кирген БУУнун бөлүмү. БУУ БКБнын штаб-квартирасынын жайгашкан жери – Вена Эл аралык борбору. Бүгүнкү күндө дүйнө жүзү боюнча 21 аймактык бөлүм иштейт, ага 150гө жакын өлкө кирет. (Википедия. БУУнун Баңгизаттар жана кылмыштуулук боюнча башкармалыгы//**ru.m.wikipedia.org).**

БУУ БКБнын кылмыштарга, баңгизаттарга жана терроризмге каршы күрөшүү боюнча стратегиясы тематикалык жана региондук мамилелерди камтыйт, алар ишмердиктин активдүү, максаттуу жана натыйжалуу мүнөзүнө кепилдик берет. БУУ БКБ өз ишмердүүлүгүн бири-бирине байланышкан беш маселеге багыттайт:

- уюшкан кылмыштуулук;

- баңгизаттардын жана адамдардын трафиги, баңгизаттарга каршы туруу жана жана ден соолук;

- коррупция;

- кылмыштарды алдын алуу жана кылмыш-жаза юстицияны реформалоо;

- терроризмди алдын алуу.

БУУ БКБ өзүнүн сырткы ишмердигин кылмыштардан, баңгизаттардан жана терроризмден коркунуч келип чыккан учурда иштин жана экспертизанын региондук жана улуттук формалары катары кызмат кылууга арналган интеграцияланган программалар аркылуу жүзөгө ашырат. Ал эми мамлекеттерге жардамдын формаларына келсек, ал 5 багытты камтыйт:

- коркунучтарды изилдөө жана талдоо жүргүзүү;

- - институттук дараметти күчөтүүгө жардам берүү;

- стандарттарды жана ченемдерди иштеп чыгуу;

- чек ара аралык кызматташтык жана билимди жайылтуу;

- коммуникация жана укуктук жардам.

Жыл сайын БУУ БКБ жана анын аймактык өкүлчүлүктөрү өз ишмердүүлүгү жөнүндө отчет берет (караңыз, мисалы, БУУнун Баңгизаттар жана кылмыштуулук боюнча башкармалы. Борбордук Азиядагы регионалдык өкүлчүлүгү. 2020-жылдын жылдык отчету). Отчеттун кириш сөзүндө аймактык өкүл Ашита Металл пандемиядан улам келип чыккан каатчылык 20 жылдан бери биринчи жолу коомдун өнүгүү процессин артка кайтарганын белгилеген. Мындай шартта дүйнө баңгизатын мыйзамсыз колдонуунун жана уюшкан кылмыштуулуктун кырдаалдан пайдалануу аракетинин алдында алсызыраак болуп калды. Ошого карабастан БУУ БКБ БУУнун өлкөлүк топтору аркылуу COVID-19га карата улуттук чараларды колдоого алып, коррупцияга каршы жана башка чараларды күчөтүүгө көмөктөшкөн. Муну менен бирге түрмөлөрдөгү экстремизмди алдын алууга, баңгизаттарды колдонууну алдын алууда улуттук дараметти чыңдоого, балдар жана жаштар арасында кылмыштуулукту жана укук бузууларды алдын алууга өзгөчө көңүл бурулду. Отчеттук мезгилде Борбордук Азия республикаларында көптөгөн түрдүү иш-чаралар өткөрүлгөн. Мисалы, 2020-жылы БУУ БКБнын аймактык өкүлчүлүгүнүн колдоосу менен региондогу мамлекеттердин контролдоп-өткөрүү пункттарын күчөтүү боюнча чаралар көрүлүп, контейнердик ташууларды контролдоо программасы, НАТО-БУУ БКБнын баңгизаттарга каршы күрөшүү боюнча долбоору жана башка иш-чаралар ишке ашырылган.

Кыргызстанда бул иш-чаралардын контекстинде ИИМдин Баңгизаттарды мыйзамсыз жүгүртүүгө каршы күрөшүү кызматынын институттук жана операциялык дараметин бекемдешкен, КР Өкмөтүнүн баңгизаттарга каршы жаңы программасын иштеп чыгышкан, ИИМ Академиясы үчүн “Баңгизаттарды мыйзамсыз жүгүртүүгө каршы күрөшүүнүн уюштуруучулук жана тактикалык негиздери” аталышындагы атайын курсун киргизишкен. Ишке ашырылган башка иш-чаралардын катарында –БУУ БКБ тарабынан 2020-жылдын январында уюштурулган медициналык дары-дармектердин мыйзамдуу жүгүртүлүшүн изилдөө үчүн республиканын адистеринин Токиого болгон окуу-таанышуу сапары; “Кыргыз Республикасында мобилдүү ыкчам топторду түзүү” долбоору; ыкчам маалыматтарды талдоо үчүн атайын программалык камсыздоону пайдалануу боюнча Каракол шаарында биринчи тренингин өткөрүү; Апробация институтун өнүктүрүү боюнча координациялык кеңештин отурумун өткөрүү (БУУнун Баңгизаттар жана кылмыштуулук боюнча башкармалыгы. Борбордук Азиядагы регионалдык өкүлчүлүгү. 2020-жылдын жылдык отчету. 43-47-б.).

**БУУнун Жогорку комиссарынын Адам укуктары боюнча башкармалыгы (ЖКАУБ)** - 1948-жылдын 10-декабрында БУУнун Генералдык Ассамблеясынын үчүнчү сессиясында 217-РЕЗОЛЮЦИЯ (iii) менен кабыл алынган Адам укуктарынын жалпы декларациясында кепилденген адам укуктарынын сакталышына жана корголушуна байкоо жүргүзгөн БУУнун агенттиги. Бул документти кабыл алуу зарылдыгы согуш талаасында жана карапайым калкка карата нацисттик ири кылмыштар менен коштолгон 1939-1945-жылдардагы Экинчи дүйнөлүк согуштан улам келип чыккан. Согуштан кийинки мезгилде адам укуктары боюнча жалпы келишимди кабыл алуу талап кылынган. 1941-жылы эле АКШнын президенти Франклин Делано Рузвельт “Өлкөнүн абалы жөнүндө” кайрылуусунда төрт эркиндикти колдоого чакырган: сөз эркиндиги, абийир эркиндиги, муктаждыктан эркиндик жана коркунучтан эркиндик. Бирок согуштан кийин БУУнун Уставында адам укуктарына байланыштуу кемчиликтер бар экени аныкталды. Адам укуктары боюнча документти иштеп чыгуу үчүн Америка Президентинин жубайы Элеонора Рузвельттин жетекчилиги астында комиссия түзүлгөн. Талыкпаган эмгектен кийин декларациянын текстинин долбоору даярдалган. Документ үстүндө жүргүзүлгөн иштин уюштуруу жана укуктук татаалдыгына токтолосок, ал 1948-жылдын 18-июнунда аяктагандыгын

белгилеп кетмекчибиз. Адам укуктарынын жалпы декларациясынын акыркы редакциясы 48 өлкө тарабынан ошол жылдын 10-декабрында колдоого алынып, эң маанилүү эл аралык документ болуп калды.

Адам укуктары боюнча комиссариат БУУнун Генералдык Ассамблеясы тарабынан 1993-жылы түзүлгөн. Ошондон бери БУУнун Жогорку Комиссарынын Адам укуктары боюнча башкармалыгы БУУнун бул чөйрөдөгү башкы түзүмдүк бөлүмү болуп калды. Жогорку комиссар БУУнун Генералдык Ассамблеясы тарабынан төрт жылдык мөөнөткө дайындалат. Анын милдеттерине адамдын бардык укуктарын натыйжалуу ишке ашырууга көмөктөшүү жана коргоо; адам укуктарын сактоо максатында эл аралык кызматташууга көмөктөшүү; БУУ системасынын алкагында адам укуктары жаатындагы аракеттерге дем берүү жана координациялоо кирет. Башкармалыктын укуктук негизин Генералдык Ассамблеянын жана башка директивалык органдардын резолюциялары түзөт. Башкармалыктын ишмердүүлүгүнүн багыттары ар кандай маселелерди камтыйт: демократия, ааламдашуу, бизнес, балдар, жарандык жана саясий укуктар, ВИЧ, СПИД, турак жай, өлүм жазасы, эмиграция, расизм ж.б. Жогорку комиссар БУУнун органдары, атап айтканда Балдар фонду (ЮНИСЕФ), ЮНИСКО, ПРООН, КЖКБ ж.б. менен өз ара аракеттенет жана кызматташат.

2008-жылы Бишкекте Борбордук Азия үчүн БУУнун Жогорку Комиссарынын Адам укуктары боюнча башкармалыгы (ЖКАУБ) түзүлгөн. Башкармалык адам укуктары жаатындагы эксперттик билимдердин маанилүү булагы болуп саналат жана аймактагы көптөгөн субъекттер, анын ичинде жарандык коом, баяндамаларды даярдоо жана андан аркы ишмердүүлүк боюнча улуттук укук коргоо механизмдери жана эл аралык коомчулук менен тыгыз кызматташат.

Кыргызстандын түрдүү түзүмдөрү (мамлекеттик органдар, БӨУ ж.б.) БУУнун Адам укуктары боюнча кеңешине мезгил-мезгили менен (2010, 2015, 2020-жж.) Улуттук баяндама түрүндө тиешелүү отчетторду берүү менен улуттук деңгээлдеги укук коргоо иштерине активдүү катышып келет. Республика бул Кеңешке үчүнчү жолу мүчө болуп шайланды. Акыркысы 2022-жылдын 11-октябрында БУУнун Генералдык Ассамблеясынын 77-сессиясынын 17-отурумунда 2023-2025-жылдар аралыгына болгон. **//kyrgyzstan.un.org.**

**БУУнун Качкындар маселелери боюнча жогорку комиссарынын башкармалыгы (БУУ КЖКБ) -** Экинчи дүйнөлүк согуш жана дүйнөнүн ар кайсы өлкөлөрүндөгү андан кийинки окуялар эл аралык коргоого муктаж болгон көптөгөн адамдардын (биринчи кезекте качкындардын) жер которушуна алып келгендигин эске алып, БУУ 1950-жылы атайын түзүмдү түзгөн, анын милдетине алардын көйгөйлөрүн чечүү боюнча маселелердин бүтүндөй комплекси кирген-БУУ КЖКБ (БУУнун Качкындар маселелери боюнча жогорку комиссарынын башкармалыгынын уставы. Генералдык Ассамблеянын 1950-жылдын 14-декабрындагы №428 (V) резолюциясы менен кабыл алынган). Уставда Жогорку комиссардын ишмердиуги өзүнүн мүнөзү боюнча толугу менен саясаттан алыс экендиги баса белгиленет: ал гуманитардык жана социалдык мүнөзгө ээ жана жалпы эреже катары качкындардын айрым топторуна жана категорияларына гана тиешелүү. БУУнун бул кызмат адамы Генералдык Ассамблея же Экономикалык жана Социалдык Кеңеш тарабынан берилген директиваларды негизинде иш алып барат. Жогорку комиссардын компетенциясы төмөндөгүлөргө жайылтылган:

1) 1926-жылдын 12-майындаыг жана 1928-жылдын 30-июнундагы Макулдашуунун же 1933-жылдын 28-октябрындагы жана 1938-жылдын 10-февралындагы конвенциялардын, 1939-жылдын 14-сентябрындагы Протоколдун же Качкындардын иштери боюнча эл аралык уюмдун уставынын негизинде качкындар катары каралгандардын бардыгына;

2) 1951-жылдын 1-январына чейин болгон окуялардын натыйжасында жана расасына, дин тутуусуна, жарандыгына же саясий ынанымдарына жараша куугунтуктун курмандыгы болуп калуудан толук негиздүү кооптонуулардан улам өзүнүн жарандык таандыктыгынын өлкөсүнөн тышкары жүргөн жана ошол өлкөнүн өкмөтүнүн коргоосунан пайдалана албаган же ушундай коркуунун натыйжасында же жеке ыңгайлуулугун эске алуу менен байланышпаган себептерден улам мындай коргоону каалабаган ; же белгилүү жарандыгы жок болуп, өзүнүн мурдагы адаттагы жашаган жеринен тышкары жүрүп мындай кооптонуунун натыйжасында же жеке ыңгайлуулугун эске алуу менен байланышпаган себептер боюнча ага кайта албаган же келүүнү каалабаган бардык адамдарга.

Мындан тышкары, Устав Жогорку комиссардын милдеттерине кирбеген адамдардын тизмесин аныктайт. Жогорку комиссар качкындарды коргоону камсыз кылат, анын Башкармалыгынын компетенциясына аларга төмөндөгү жол менен кам көрүү кирген:

a) качкындарды коргоо жөнүндө эл аралык конвенцияларды түзүүгө жана ратификациялоого, бул конвенциялардын токтомдорунун аткарылышына байкоо жүргүзүүгө жана аларга зарыл түзөтүүлөрдү киргизүүгө көмөктөшүү;

b) өкмөттөр менен атайын макулдашуулардын жардамы менен качкындардын абалын жеңилдетүү жана коргоого муктаж качкындардын санын азайтуу максатында ар кандай иш-чараларды аткарууга көмөктөшүү;

c) качкындарды ыктыярдуу репатриациялоого же алардын жаңы өлкөлөрдө аралашып кетүүсүнө багытталган өкмөттүк жана жеке аракеттерге көмөктөшүү;

d) эң муктаж категорияларына киргендерди эске алуу менен качкындардын ар кандай мамлекеттердин аймагына жетүү мүмкүнчүлүгүн жеңилдетүү;

e) качкындардын мүлкүн, айрыкча аларды жайгаштыруу үчүн зарыл болгон мүлктү которууга уруксат алууга аракет кылуу;

f) өкмөттөрдөн алардын аймагындагы качкындардын саны жана алардын абалы, ошондой эле аларга тиешелүү мыйзамдар жана эрежелер боюнча маалымат алуу;

g) кызыкдар өкмөттөр жана өкмөттөр аралык уюмдар менен тыгыз байланышта болуу;

h) анын пикири боюнча качкындар маселеси менен алектенген жеке уюмдар менен эң эле максаттуу болгон байланышты аныктоо;

i) качкындарга кам көрүү менен алектенген жеке уюмдардын аракеттерин координациялоону жеңилдетүү.

Анын тескөөсүнө берилген каражаттардын чегинде Жогорку комиссар ишмердүүлүктүн ушундай башка түрлөрү, анын ичинде Генералдык Ассамблея тарабынан аныкталышы мүмкүн болгон репатриация жана жайгаштыруу менен алектенет. Мындан тышкары, Жогорку комиссарга качкындарга жардам берүү үчүн ал тарабынан алынган бардык коомдук же жеке каражаттарды башкаруу жана аларды жеке жана талап кылынса, ал мындай жардам көрсөтүү үчүн эң квалификациялуу деп эсептеген мамлекеттик мекемелердин ортосунда бөлүштүрүү милдети жүктөлөт.

Жогорку комиссар өзүнүн жылдык баяндамасына бул жааттагы иши жөнүндө отчетту камтыйт жана өз көз карашын Генералдык Ассамблеяда, Экономикалык жана Социалдык Кеңеште жана алардын көмөкчү органдарында баяндоого укуктуу.

БУУнун КЖКБнын уставы уюштуруу жана каржы маселелерин дагы, атап айтканда, Жогорку комиссарды шайлоо тартибин, анын ыйгарым укуктарынын мөөнөтүн, кеңсенин жайгашкан жерин, каржылоо булактарын ж.б. жөнгө салат.

БУУ КЖКБ өзүнүн ишмердүүлүк жылдарында качкындар жана ички жер которгондор маселелери менен алектенген таасирдүү органга айланды. КЖКБ өзүнүн жылдык баяндамаларында дүйнөдөгү качкындардын санынын өсүшүн: айрыкча Сириядагы, Мьянмадагы, Пакистандын айрым райондорундагы, ошондой эле дүйнөнүн башка өлкөлөрүнөн жана региондорунан качкындарды белгилейт. Европалык негиздеги жаңы көрүнүш катарында украин-орус аскердик жаңжалдын жүрүшүндөгү Украинадан качкындардын келиши болду.

Азыркы күндө Филиппо Гранди жетектеген БУУ КЖКБнын дүйнөнүн 134 өлкөсүндө, анын ичинде мурдагы СССР республикаларында кеңселери бар. Негизинен БУУга мүчө мамлекеттердин ыктыярдуу салымдарынын эсебинен түзүлгөн Уюмдун бюджети 2022-жылы 136 өлкөдө жүргүзүлгөн операцияларга 8,994 млрд. долларды түзгөн. Бул сумманын дээрлик жарымы Жакынкы Чыгыш жана Африка өлкөлөрүндөгү миллиондогон адамдардын, ошондой эле үйлөрүн таштап кеткен Ооганстандын, Эфиопиянын тургундарынын ж. б. Оор абалына тез чара көрүү боюнча чараларга корогон.

**БУУнун чек ара аралык уюшкан кылмыштуулукка каршы күрөшүү боюнча 2000-жылдагы Конвенциясы -** акыркы он жылдыктарда дүйнөдө кеңири жайылган кылмыштуулуктун жогоруда аталган түрүнүн аныктамасын камтыган документ. Конвенцияга ылайык (3-бер.), «чек ара аралык уюшкан кылмыштуулук» түшүнүгүнүн аныктамасында төмөнкүлөрдө жасалган кылмыштар айтылат:

- бирден ашык мамлекетте;

– бир мамлекетте, бирок кылмышты даярдоонун, пландаштыруунун, жетектөөнүн жана контролдоонун олуттуу бөлүгү башка мамлекетте жүргүзүлөт;

– бир мамлекетте, бирок эки же андан көп мамлекетте кылмыштуу иш жүргүзгөн уюшкан кылмыштуу топтун катышуусу менен;

– бир мамлекетте, бирок алардын кесепеттери башка мамлекетке олуттуу таасирин тийгизет. Конвенция катышуучу өлкөлөрдү уюшкан кылмыштуу топко катышууну криминалдаштыруу, акчанын изин жашыруу

менен күрөшүү, коррупцияны криминалдаштыруу, юридикалык жактардын жоопкерчилиги, жасалган жосундун оордугун эске алуу менен кылмышкерлерди куугунтуктоо жана жазалоо боюнча мыйзамдык жана башка чараларды көрүүгө милдеттендирет. Документте ошондой эле чек ара аралык кылмыштарды териштирүүдө катышуучу өлкөлөрдүн юрисдикциясы, экстрадициялоо, биргелешкен тергөө, күбөлөрдү коргоо, кылмыштардын курмандыктарына жардам көрсөтүү жана коргоо ж. б. маселелери чечилген. **(United Nation Convention Against Transnational Organised Crime. N.Y. 2000.)**

Укук коргоо органдары, анын ичинде ИИМ белгилегендей, биздин республикада чек ара аралык уюшкан кылмыштуулук (баңгизаттарды мыйзамсыз ташуу, адамдарды, курал-жарактарды сатуу ж.б.) да орун алууда. (КРнын 2021-жылдын 28-октябрындагы Кылмыш-жаза кодексинин 231-бер. карагыла).

**Бүткүл дүйнөлүк мигранттар күнү (жыл сайын 18-декабрь) –** БУУнун Башкы Ассамблеясы тарабынан 2000-жылдын 4-декабрында жарыяланган (№55/93 резолюция). Бул күнү БУУнун Башкы Ассамблеясы бардык эмгек мигранттарынын жана алардын үй-бүлө мүчөлөрүнүн укуктарын коргоо боюнча эл аралык конвенцияны кабыл алган. Ошондон бери Эл аралык мигранттар күнү жыл сайын дүйнө жүзү боюнча белгиленип келет, бул күн мигранттардын маанилүү салымдарын таануу жана алар туш болгон кыйынчылыктарга көңүл буруу үчүн белгиленет.

Кыргыз Республикасы 2003-жылдын 15-апрелинде «1990-жылдын 18-декабрындагы бардык эмгек мигранттарынын жана алардын үй-бүлө мүчөлөрүнүн укуктарын коргоо боюнча эл аралык конвенцияга Кыргыз Республикасынын кошулуусу жөнүндө» Мыйзамды кабыл алуу менен Конвенцияга кошулган.

**Кыргыз Республикасынын Президентинин 2021-жылдын 29-январындагы №4 «Миграциялык кырдаалды жакшыртууга багытталган чараларды кабыл алуу жөнүндө» Жарлыгына ылайык, 2021-2030-жылдарга карата биздин республиканын миграциялык саясатынын Концепциясы иштелип чыккан жана бекитилген.**

Бул документ Кыргыз Республикасындагы миграциялык процесстерди жөнгө салуу боюнча узак мөөнөттүү көз карашты чагылдырат.

Миграция чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдардын бири болуп Кыргыз Республикасынын Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министрлиги саналат. (**Тармактык министрликтин расмий сайты: https://mlsp.gov.kg/). Ведомство алдындагы мекеме болуп Кыргыз Республикасынын Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министрлигине караштуу Жарандарды чет өлкөгө эмгекке орноштуруу борбору саналат. (Борбордун сайты:https://migrant.kg**).

## – В –

**Виза -** чет өлкөлүк жарандарга жана жарандыгы жок адамдарга виза режими бар өлкөлөргө баруу укугун берген паспорттогу же башка жол жүрүү документиндеги белги. Бул өлкөлөргө биринчи кезекте өнүккөн өлкөлөр кирет, мисалы, АКШ, Евробиримдик өлкөлөрү ж.б. Виза режими өлкөнүн ички коопсуздугун камсыз кылуу, үчүнчү өлкөлөрдүн жарандарынын, б. а. тобокелдүү өлкөлөрдүн массалык кирүүсүнө жол бербөө максатында киргизилген. Жогорку өнүккөн өлкөлөр, эреже катары, өз ара визасыз режимди колдонушат.

Кыргызстанда да виза колдонулат, ал Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан бекитилүүчү бирдиктүү мамлекеттик стандартка, формага, сыпаттамага ээ. (КРнын 2000-жылдын 17-июлундагы № 61 «Тышкы миграция жөнүндө» Мыйзамы. Кирүү режими: **http://cbd.minjust.gov.kg/act/view/ru-ru/350).** Кыргыз Республикасынын жарандары визаны жөнөкөйлөштүрүлгөн тартипте тариздей ала турган, чет мамлекеттердин бир тараптуу чечиминин негизинде бара ала турган, ошондой эле өз ара макулдашуулардын негизинде жалпы жарандык паспорттордун ээлери үчүн визасыз режимде бара ала турган өлкөлөрдүн тизмеси КР ТИМдин расмий сайтында жарыяланган. (Кирүү режими:**https://mfa.gov.kg/ru/osnovnoe-menyu/konsulskie-uslugi/konsulskie-vizovye-voprosy/izovye-i-bezvizovye-rezhimy).**

**Виза саясаты -** мамлекет өлкөгө кирүү укугун алуу критерийлерин аныктаган саясат. Визадан бошотулган мамлекеттердин тизмесине кирбеген өлкөлөрдүн жарандары ал өлкөгө кирүү үчүн виза алышы керек. Кыргыз Республикасы мамлекеттин тышкы саясатынын курамдык бөлүгү катары

өзүнүн визалык саясатын жүргүзөт жана мамлекеттер аралык мамилелердин сапатына түздөн-түз көз каранды.  Кыргыз Республикасына кирүү жана андан чыгуу тартиби, чет өлкөлүк жарандардын республиканын аймагы аркылуу транзиттик өтүү маселелери жана тышкы миграция жаатындагы ар кандай укуктук мамилелер Кыргыз Республикасынын 2000-жылдын 17-июлундагы №61 "Тышкы миграция жөнүндө" Мыйзамы менен жөнгө салынат. Кыргызстан ЕАЭБ, КМШ өлкөлөрү менен визасыз режимди колдойт, ошондой эле бул жаатта башка мамлекеттер менен бир катар келишимдерге ээ, бул КР жарандарына ондогон өлкөлөргө виза ачпастан барууга мүмкүнчүлүк берет. Бардык чет мамлекеттердин жарандары Кыргыз Республикасынын чет өлкөлөрдөгү дипломатиялык өкүлчүлүктөрүнө же консулдук мекемелерине кайрылбастан, 90 күнгө чейинки мөөнөткө Интернет аркылуу, ошондой эле "Электрондук виза" системасы аркылуу өлкөнүн мамлекеттик чек арасы аркылуу эл аралык өткөрүү пункттарындагы визалык пункттар аркылуу Кыргыз Республикасынын кирүү-чыгуу туристтик же ишкердик визаларын ала алышат. (**Кыргыз Республикасынын «Электрондук виза» сайты: www.evisa.e-gov.kg.).**

**Визаран (Visa Run)** – кирген өлкөдө мыйзамдуу болуу мөөнөтүн жаңыртуу үчүн мамлекеттин чек арасынан өтүү. Визаран, эреже катары, эл аралык практикада, анын ичинде ЕАЭБ өлкөлөрүндө кеңири колдонулат. Мисалы, 2023-жылдагы "Казакстанга иммигранттардын кирүү жана келүү эрежелерине" киргизилген өзгөртүүлөргө ылайык, Казакстанга кирүү үчүн виза талап кылынбаган чет өлкөлүктөр өлкөдө 30 күн жүрө алышат. Бирок 180 күндүн (алты ай)  ичинде алардын жалпы болуу мөөнөтү 90 күндөн ашпашы керек. Казакстанга келген ЕАЭБдин (Кыргызстан, Белоруссия жана Армения) жарандары  180 күн ичинде 90 күндөн ашык эмес жүрө алышат.

Россиянын жарандары Кыргызстанга киргенден кийин 30 календардык күн каттоосуз жүрө алышат. Эгерде сиз республикада калууну пландап жатсаңыз, анда атайын арыз берүү менен каттоодон өтүшүңүз керек. Айрыкча РФда жүргөн кыргызстандык мигранттар визанын мөөнөтү бүтө электе РФнын сыртына чыгып, кайра өлкөгө кайтып келип, ошону менен РФда болуу мөөнөтүн жаңыртышат.

**Виктимизация** – бул бир адамдын же адамдардын тобунун кылмыштуу кол салуусунун курмандыгы болуу процесси же акыркы натыйжасы.

Виктимизация процессин атайын илимий тармак - виктимология изилдейт. **(Додонов В. Н., Ермаков В. Д., Крылова. М. А. ж.б. Чоӊ юридикалык сөздүк. М.:Инфра, 2001).**

Көбүнчө жабырлануучунун өзү кылмышкерлерди жабырлануучунун жүрүм-турумунан, атап айтканда, өз жөндөмдөрүнө ишенбестиктен, өзү үчүн маанилүү болгон кээ бир маселелерди чече албагандыгынан улам козутат, бул кылмышкерлерге потенциалдуу жабырлануучунун алсыз жактарын түшүнүүгө жана аларды өз максаттары үчүн колдонууга мүмкүндүк берет. Дароо эскертүү жасайлы: бизди адамдардын трафигинин контекстиндеги гана курмандыктар кызыктырат. Кылмыштардын калган түрлөрү биздин көңүлүбүздөн тышкары. Улгайган адамдардын (ата-энелеринин, камкорчуларынын ж.б.) тийиштүү көзөмөлү жок адамдар, белгилүү бир жашай турган жайы жок адамдар, баңгилер, селсаяктар, жаш балдар, ошондой эле калктын башка аялуу топторунун адамдары адамдардын трафигинин потенциалдуу курмандыгы болушу мүмкүн. Адамдардын трафигинин потенциалдуу курмандыктарынын арасында (виктимизация) укук коргоо органдары, камкордук органдары профилактикалык чараларды көрүүгө тийиш. **(КР КЖКнын 140-166-беренелери адамдарды сатуу үчүн жазанын чараларын белгилейт).**

## – Г –

**Гастарбайтер** - өнүкпөгөн өлкөдөн өнөр жайы өнүккөн өлкөгө тартылган чет өлкөлүк жумушчу **(Райзберг Б.А., Лозовский Л.Ш., Стародубцева Е.Б.. Современный экономический словарь. Оңдолуп 2-басылып чыгарылышы. М.: ИНФРА М. 479 б.. 1999).** Эреже катары, гастарбайтерлер ата мекендик жумушчуларга салыштырмалуу азыраак эмгек акыга иштөөгө даяр. «Гастарбайтер» деген сөз бара-бара орус тилинде колдонуудан чыгып калган. Анын ордуна «эмгек мигранты» деген термин келген. Россияда мурдагы СССР өлкөлөрүнөн келген жана жумушчунун квалификациясына төмөн талаптар менен аз акы төлөнүүчү жумушта иштеген адамдарды ушинтип аташат. Акыркы жыйырма жыл аралыгында Россияда бир миллиондон ашык кыргызстандык эмгек мигранттары эмгектенип келет.

**Гендердик теңчилик** - аялдар менен эркектердин ар кандай топторунун ар түрдүүлүгүн таануу менен аялдардын да, эркектердин да кызыкчылыктарын, муктаждыктарын жана артыкчылыктарын эске алуу. Гендердик теңчилик аялдардын көйгөйү эмес, бирок эркектерге да, аялдарга да таасирин тийгизиши керек. Бүгүнкү күндө дүйнөнүн ондогон өлкөлөрүндө жыныстардын гендердик теңдиги маселеси өтө актуалдуу болуп саналат, анын ичинде мамлекеттик бийлик органдарын, анын ичинде улуттук парламенттерди түзүүдө. **(Аялдарга карата басмырлоонун бардык формаларын жоюу жөнүндө Конвенция. Башкы Ассамблеянын 1979-жылдын 18-декабрындагы 34/180 резолюциясы менен кабыл алынган).** Кыргыз Республикасы Пекин иш-аракеттер платформасына (ПИП) кошулуп, бир катар эл аралык конвенцияларды, анын ичинде аялдарга карата басмырлоонун бардык формаларын жоюу жөнүндө БУУнун Конвенциясын (АБФЖ) ратификациялап, эл аралык милдеттенмелерди, анын ичинде БУУнун келишимдик органдарынын алдында отчеттуулук боюнча милдеттенмелерди кабыл алган. Кыргыз Республикасы ошондой эле Туруктуу өнүгүүнүн максаттарын (ТӨМ) улутташтыруу аркылуу БУУнун 2030-жылга чейин Туруктуу өнүгүү боюнча күн тартибинин алкагындагы эл аралык милдеттенмелердин аткарылышын ырастаган. 2030-жылга чейин гендердик теңчиликке жетишүү боюнча Кыргыз Республикасынын Улуттук стратегиясы мамлекеттик гендердик саясаттын негизги артыкчылыктарын карайт.

Биздин республиканын Конституциясында жыныстардын тең укуктуулугу жана мүмкүнчүлүктөрү принциби жөнүндө жоболор сакталган. Гендердик теңчиликке жетишүү боюнча саясатты ишке ашыруунун мыйзамдык негизин 2008-жылы жаңыланган «Эркектер менен аялдар үчүн бирдей укуктар менен бирдей мүмкүнчүлүктөрдүн мамлекеттик кепилдиктери жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамы такталган ишке ашыруу механизми менен түзөт. 2017-жылы "үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо жөнүндө" Кыргыз Республикасынын жаңы Мыйзамы кабыл алынган.

**Графологиялык (Кол жазма) экспертиза –** Кол менен жазылган тексти жазган, ага кол койгон ж.б. адамды аныктоо (идентификациялоо) жол-жобосу. Бул экспертизаны мамлекеттик органдар (сот, тергөөчү, салык кызматы ж.б.) гана эмес, ошондой эле жеке жана юридикалык жактар да дайындай алышат. Графологиялык экспертизанын объектилери ар түрдүү болушу мүмкүн, ошондуктан мындай экспертизаны жүргүзүү зарыл болгон адамдардын

чөйрөсү да кенен. Графологиялык экспертизанын идентификациялык милдеттерине ошондой эле адамдын ар кандай сызылып жазылган объектилерди (тексттерди, кыскача жазууларды, кол тамгаларды) жазуу фактысын аныктоо кирет.

Графологиялык экспертиза идентификациялык эмес маселелерди да чечет. Экспертиза тексттин авторунун жынысын жана психофизикалык абалын, анын жазылышынын узактыгын, ошондой эле кол жазманын аткарылышынын жагдайларын жана шарттарын аныктоо үчүн дайындалышы мүмкүн. Жогорудагы келтирилген маселелер диагностикалык милдеттерге тиешелүү. Кайталап графологиялык экспертиза жүргүзүү эксперттин корутундусунун тактыгы жетишсиз жана толук эмес болгон учурларда сот тарабынан дайындалат. Сот кайталап экспертиза жүргүзүүнү ошол эле же башка экспертке тапшырат. Баштапкы экспертизанын тууралыгына же негиздүүлүгүнө күмөн санаганда, сот кайталап экспертиза жүргүзүүнү башка экспертке же башка эксперттерге дайындайт.

Кайра экспертиза дайындоо жөнүндө сот өзүнүн аныктамасында экспертиза жүргүзүү зарылчылыгына түрткү бериши керек. Соттун аныктамасында ошондой эле төмөнкү фактылар чагылдырылууга тийиш: мурдагы экспертиза ким тарабынан, качан жана кандай маселелер боюнча жүргүзүлгөн, кандай тыянактар чыгарылган, кандай жагдайлар шек туудурат, кайталап графологиялык экспертиза жүргүзүүнүн жүрүшүндө кандай маселелерди чечүү зарыл ж. б. **(КРнын Юстиция министрлигинин сайты).**

**Грин-карта (англис тилинен «Жашыл карта»)** – бул анын ээсине АКШда туруктуу жашоого укук берген документ. Грин-картаны ар кандай жолдор менен алууга болот, алардын бири - өлкөнүн бийликтери тарабынан өткөрүлгөн лотерея. Анын мыйзамдарында бул ыкма Diversity Immigrant Visa Program (иммиграциялык ар түрдүүлүк виза программасы) деп аталат. Иш-чаранын мааниси - өлкөнүн азыраак өкүлчүлүгү болгон дүйнөнүн аймактарынан келген адамдарды тартуу менен АКШнын этникалык көп түрдүүлүгүн жогорулатуу. АКШ үчүн бул милдет - белгилүү болгондой, Улуу Британиядан, Даниядан, Швециядан, Ирландиядан ж.б. **(Outline of U.S. History. Bureau of International Programs U.S. Departament of State. 2005, p. 20-35.)** келген мигранттар негиздеген жана кийинчерээк Германиядан,

Италиядан, Франциядан, Россиядан, Украинадан, Кытайдан, Филиппинден, Индиядан, Япониядан, Палестинадан, Мексикадан, Вьетнамдан, Испаниядан, Араб, Африка жана башка өлкөлөрдөн келгендерди өзүнө тартып турган өлкө. Анткени АКШ мигранттардын өлкөсү, ал азыр да мигранттарды кабыл алган негизги өлкө болуп саналат.

Грин карта лотереясынын жеңүүчүлөрү кокустан, башкача айтканда, ар кандай анкеталык маалыматтарга, мисалы, жумушунун, кесибинин түрүнө, англис тилин билүүсүнө жана башкаларга карабастан аныкталат, Айтмакчы, лотереяны утуп алуу мүмкүнчүлүгү аз - болгону 1,1%. Лотерея расмий түрдө АКШнын Мамлекеттик Департаменти тарабынан жылына бир жолу өткөрүлөт. Лотереяга дүйнөнүн көптөгөн өлкөлөрүнүн, анын ичинде мурдагы советтик республикалардын тургундары катыша алышат. Грин-карта, эгер сиз буга чейин белгилүү болгон миграциялык түшүнүктү колдонсоңуз, анда анын ээси АКШнын аймагында мыйзамдуу түрдө жашай алат, демек, мыйзамдуу түрдө жумушка орношот, окуйт, кыймылсыз мүлк сатып алат, өлкөгө саякаттайт ж. б. Албетте, грин-карта ээси үчүн кирүү жана чыгуу боюнча америкалык виза талап кылынбайт. Грин-картанын ээси үчүн бирден-бир, бирок өтө маанилүү талап – ал жылына кеминде 6 ай АКШнын аймагында болушу керек. Грин-карта мөөнөтсүз негизде берилет, башкача айтканда, эгерде кылмыш кылбаса жана АКШда милдеттүү мөөнөткө калса, анда бул документ менен өмүр бою жашай алат. Маанилүү эскертүү: беш жылдан кийин, грин-картанын ээси Америка жарандыгын алуу үчүн кайрылууга укуктуу, ал эми оң тараптуу жооп болсо, АКШнын толук кандуу жараны болуп калат.

Грин-картанын ээси болуунун башка жолдорунун катарына АКШ жараны менен никеге туруу, ал өлкөдө жакын туугандарынын жашоосу, америкалык компаниялардан жогорку квалификациялуу адисти талап кылуу, ошондой эле АКШдан саясий башпаанек алуу кирет.

Эми лотерея ойнотуунун натыйжасында грин-карта алууга тиешелүү бир нече кызыктуу кеңештер жана фактылар. АКШда жыл сайын 50 миң грин-карта ойнотулат. Бул учурда каалоочулар күзүндө тапшырык (заявка) бериши керек (адатта октябрь жана ноябрь айларында). Лотерея ойнотуу өзү жазында өткөрүлөт, анда компьютер кокусунан бактылуу адамдарды аныктайт. Эске салсак, АКШда алар менен бирге анын аялы/күйөөсү (никеси грин-картаны

утуп алгандан кийин болсо да) жана 21 жашка чейинки балдары грин-карталар үчүн бара алышат.

Лотереянын катышуучулары минималдуу талаптарга ылайык келүүсү керек. (**See: Wikipedia**: **United States Permanent Resident Card**). Эске алуучу нерсе, арыз берүү учурунда жаңы санарип сүрөтүн тартуу керек же акыркы сүрөтүн сканерлөө керек. Өз колу менен толтурулган арызга эл аралык сапарга чыгууга укук берген жарактуу паспорт тиркелээри айтпаса да түшүнүктүү. Көбүрөөк маалымат алуу үчүн АКШнын элчилигине кайрылууга болот.

Белгилей кетсек, Кыргызстандын жарандары «грин-карта» лотереясын ойнотууга бир нече жолу ийгиликтүү катышып, анын бардык мүмкүнчүлүктөрүн пайдаланышкан. Мисалга алсак, 2012-жылдан 2017-жылга чейин Кыргыз Республикасынын 3 миң 581 жараны грин-карта алышкан. Мындай маалыматтарды чет өлкөдөгү орус тилдүү жалпыга маалымдоо каражаттары мыйзамдуу жана мыйзамсыз иммигранттар, берилген грин-карталардын жана сертификаттардын саны тууралуу АКШнын Улуттук коопсуздук департаментинин (DHS) шилтемесине таянуу менен берип келет. 2021-жылы грин-картаны 2 миң кыргызстандык утуп алган. «Грин-карта» лотереясын ойнотууга катышууну каалаган биздин жарандарыбыздын саны жылдан жылга өсүүдө (kaktus.media. Акыркы кайрылуу – 2023-жыл 10-июнь).

## – Д –

**Дактилоскопия** – бул криминалистиканын бир бөлүмү, ал манжалардын тактарын алуу, аларды классификациялоо жана атайын картотекаларда сакталган дактилоскопиялык карточкалардын маалыматтары менен салыштыруу жолу менен адамдарды идентификациялоо үчүн колдун манжаларынын тырмак фалангаларынын (папиллярдык сызыктардын) ички (алакан) беттеринин тери оймолорунун түзүлүшүн изилдейт. Дүйнөнүн бардык өлкөлөрүндө манжа издери жазык кылмыштарын жасаган же шектүү адамдарды аныктоо үчүн колдонулат. Бул ыкма башпаанек издегендерди кабыл алуу процедурасында да кеңири колдонулат, бул эл аралык коргоону камсыз кылуу боюнча кайталанган суроо-талаптардан качат. Мисалы, 2003-жылдын 15-январынан тартып Европа биримдигинде "Евродак" Борбордук бюросу иштейт, анда башпаанек издеген, тышкы чек араларды мыйзамсыз кесип өткөн, Евробиримдиктин аймагында мыйзамсыз жүргөн адамдар жөнүндө

маалыматтар камтылган. **(Commission of the European Communities, Brussels, 5.5.2004 SEC (2004) 557 Commission Staff Working Paper. First Annual Report to the Council and the European Parliament on the Activities of the EURODAC Central Unit.).**

Манжа издерин алуу мажбурлап же ыктыярдуу түрдө болушу мүмкүн. Манжа издерин ыктыярдуу алуу – бул чет өлкөлүк паспорт алуу үчүн маалымат базасына биометрикалык маалыматты кошуу, ошондой эле кооптуу кырдаалда турган адамды тез идентификациялоо мүмкүнчүлүгү. **(Чоң юридикалык сөздүк. - Сухарев А. Я., Крутских В. Е. М.: Инфра-М. 2003.).** Дактилоскопия мигранттардын ар кандай категорияларына, айрыкча эл аралык мигранттарга карата кеңири колдонулат. Мисалы, Кыргызстандан барган эмгек мигранттары Россияда узак мөөнөткө жүрүү үчүн милдеттүү түрдө дактилоскопиядан өтүшөт. Өз өлкөсүнүн аймагында же анын чегинен тышкары жашаган КР жарандары да биометрикалык каттоодон өтүүгө милдеттүү. Биометрикалык маалыматтар - бул алардын негизинде анын өздүгүн аныктоого мүмкүн болгон биометрикалык маалыматтардын субъектисинин физиологиялык жана биологиялык өзгөчөлүктөрүн мүнөздөөчү маалыматтар. **(Закон «Кыргыз Республикасынын жарандарын биометрикалык каттоо жөнүндө» КРнын Мыйзамы, 14-июль 2014-жыл №136).**

**Декриминалдаштыруу** - колдонуудагы кылмыш-жаза мыйзамында кылмыштуу жана жазалануучу катары каралган, бирок ар кандай себептерден улам алар өзүнүн коомдук коркунучун жоготкон жосундардын же конкреттүү жосундардын чөйрөсүн аныктоо процесси, же болбосо кылмыш-жаза-укуктук таасир көрсөтүү инструменттеринин жардамы менен мындай жосундар менен күрөшүү натыйжасыз, мүмкүн эмес же максатка ылайыксыз. Декриминалдаштыруу натыйжа катары өз кезегинде кылмыштуу жана жазыктык жактан жазалануучу жосундардын чөйрөсүн тарытуу же кылмыштардын конкреттүү курамын алып салуу максатында кылмыш-жаза мыйзамынын жалпы жана өзгөчө бөлүгүнүн конкреттүү ченемдерин өзгөртүү боюнча ишмердикти билдирет. **(Аванесов, Г.А. Криминология: окуу колдонмо / Г.А. Аванесов.- 6-басылышы, кайрадан иштелип чыгып, толукталды. – М.: ЮНИТИ-ДАНА, 2013. – 97-б.).** Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексинде, жосун кылмыш эмес деп таанылган учурда, башкача айтканда ушул Кодексте каралган жосунду

кылмыш жазасынан алып салган мыйзам күчүнө киргенде, адам кылмыш-жаза жоопкерчилигинен токтоосуз бошотулат. (КРнын 2021-жылдын 28-октябрындагы №127 Кылмыш-жаза кодексинин IV бөлүгүнүн 10-главасы, 55-бер.).

**Диаспора (грек тилинен которгондо - "чачыроо") -** өзүнүн келип чыккан өлкөсүнөн тышкары жашаган жана жашаган өлкөсүндө бирдиктүү жана туруктуу этникалык топторду түзгөн, өзүнүн инсандыгын жана коомчулугун сактоо жана өнүктүрүү үчүн туруктуу социалдык институттарга ээ болгон кандайдыр бир элдин (этностун) белгилүү бир бөлүгү **(Социология: Энциклопедия/ түз. А.А. Грицанов, В. Л. Абушенко, Г. М. Евелькин, Г.Н. Соколова, О.В. Терещенко - Мн.: Китеп үйү, 2003).**

Төмөнкүлөр Диаспорага таандык деген билдирет:

1) этникалык борбордон алыстыгы;

2) Мекендин белгилүү бир көз карашы;

3) кабыл алуучу коомдо толук интеграциянын жоктугу;

4) чыккан өлкөсүнө кайтып келүү;

5) Мекенди калыбына келтирүүнү жактоо (бардык мааниде);

6) Мекен менен байланышкан этно-улуттук аң-сезимге ээ болуу.

Көп жылдык дүйнөлүк практика көрсөткөндөй, Диаспора көптөгөн мамлекеттердин тышкы саясатынын маанилүү куралы болуп саналат. Көбүнчө диаспора Тарыхый мекенине маанилүү саясий жана экономикалык колдоо көрсөтөт, мисалы Израиль, Индия, Армения. Диаспора улуттук маданиятты, тилди коргоо, сактоо боюнча, ошондой эле улуттук аң-сезимди калыптандырууда маанилүү ролду аткарат. Айрым диаспоралар тарыхый мекени менен туруктуу байланышта болушат.

Тарыхый жактан алганда, диаспоралар калктын кандайдыр бир тобун мажбурлап же ыктыярдуу эмиграциялоо жолу менен тарыхтын байыркы мезгилинде пайда болгон. Адатта, ошол мезгилде "эмиграциянын" пионерлери кеңири жайылган колонияларды түзгөн соодагерлер болгон, алар финикиялыктар, гректер жана еврейлер үчүн кадимки көрүнүш катары саналган. Эллиндештирилген еврейлердин чөйрөсүндө «диаспора» термини б.э.ч. 586-жылы вавилондуктар тарабынан Иудей падышалыгынан күч менен кууп чыккан (галут) жана 136-жылы римдиктер тарабынан Иудей провинциясынан чыккан Израил Жеринен тышкары ыктыярдуу жашаган еврей жамааттарына карата колдонулган. Септуагинтанын түзүлүшү менен диаспора

түшүнүгү дээрлик жалаң гана Израил Жеринен куулган еврейлерге карата колдонула баштаган.

Азыркы маанисинде «диаспора» термини XX кылымдын аягынан баштап колдонулуп, еврейлер менен гана байланышкан баштапкы тар маанисин жоготот. Айрым мамлекеттер өз диаспоралары менен тыгыз байланышта экендиги жашыруун деле эмес. Ошондой эле келип чыккан өлкөнүн актуалдуу тышкы саясий милдеттерин чечүүдө диаспоралардын активдүү позициясы да бар. Мисалы, Франциядагы жана АКШдагы армян диаспорасы Биринчи дүйнөлүк согуш жылдарында Түркияны геноцид саясатын жүргүзгөн деп айыптаган идеяны колдогон.

Бүгүнкү күндө дүйнөдөгү ири диаспоралардын катарына төмөнкүлөр кирет: кытайлыктар - 50 миллиондон ашык адам; индиялыктар - 25 миллиондон ашык адам; орустар - 25 миллиондон ашык адам; поляктар - 21 млн. адам; украиналыктар - 12 миллионго жакын; армяндар - 8 миллионго жакын; еврейлер - 8 миллионго жакын адам; италиялыктар - 8 миллионго жакын адам; гректер - 7 миллионго жакын адам; (Черкес (адыгейлер) - 7,5 миллиондон ашык адам жана башкалар (Википедия. Диаспора//**ru.m.wikipedia.org**).

Эми кыргыз диаспорасы тууралы айта кетели. Дүйнө жүзү боюнча 204 диаспора коомчулугу бар. Алардын ичинен, Россия Федерациясында - 130 (Москва, Санкт-Петербург, Екатеринбург, Новосибирск, Нижний Новгород, Томск, Омск, Якутск ж.б.); Казакстанда - 11 (Алма-Ата, Астана, Петропавловск ж.б.); Өзбекстанда, Тажикстанда жана Түркмөнстанда – 1ден диаспора; Украинада - 1; Түркияда - 2, ФРГда - 10. АКШда расмий түрдө 4 диаспора катталган, анда КРнын жарандарынын жалпы саны 20 миңден ашык (Чикаго, Нью-Йорк, Филадельфия, Цинциннати); Канадада 6 миңден ашык кыргыз жарандары жашайт, алардын ичинен Канаданын жарандыгын алган жарандар да бар. Ошондой эле, каттоодон өтпөгөн диаспоралар да бар (Торонто, Монреаль, Эдмонтон, Ванкувер Оттава); Улуу Британияда болжол менен 3500-4000 адам жашайт, алардын 4 диаспорасы да каттоодон өткөн эмес. Мындан тышкары, кыргыз диаспоралары Италияда, Австрияда, Чехияда, Словакияда, Корея Республикасында, Түркияда ж.б. бар (Кыргыз Республикасынын Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министрлигинин диаспоралар жана мекендештер менен иштөө бөлүмүнүн учурдагы архиви. 2022-жылдын акырына карата маалыматтар).

Белгилей кетсек, биздин республика өзүнүн диаспораларын колдойт жана зарыл болгон учурда аларга ар тараптуу жардам көрсөтөт. Мисалы, КР Саламаттык сактоо министрлиги жакында Москва шаарында Милдеттүү медициналык камсыздандыруу системасы боюнча көрсөтүлүүчү Россиядагы Мамлекеттик медициналык кызматтардан пайдаланууга мүмкүнчүлүгү жок Кыргызстандын жарандары үчүн «Дарыгер» медициналык борборун ачты. Өз кезегинде айрым кыргыз диаспоралары өз республикасына жардам көрсөтүүдө. Мисалы, АКШдагы биздин диаспора Баткен облусундагы жабыр тарткандарга жардам көрсөтүү үчүн каражат чогултуу боюнча активдүү иштерди колдоду **(Embassy of the Kyrgyz Republik in the USA and Canada//mfa.gov.kg).**

**Дискриминация (Кодулоо)** - кандайдыр бир адамдардын, уюмдардын же мамлекеттердин укуктарын, артыкчылыктарын расасына, улутуна, мамлекетке таандыктыгына, мүлктүк абалына, саясий же диний ишенимдерине жараша атайылап чектөө же ажыратуу. Адам укуктары боюнча Жогорку комиссардын Башкармалыгы дискриминацияга каршы күрөштө дүйнөлүк лидер болуп саналат. Адам укуктары жаатында эл аралык укуктун сакчысы катары, Башкармалык БУУнун системасынын алкагында көптөгөн өлкөлөрдө жана дүйнө жүзүндө адам укуктары боюнча реформаларды жүргүзүүнү жактайт. Дурбан декларациясында жарандык эмес адамдарга, анын ичинде мигранттарга карата ксенофобия расизмдин заманбап формаларынын бири экендиги белгиленет. Мигранттар көбүнчө турак жайга, билимге, ден соолукка, жумушка жана социалдык камсыздоого болгон укуктары боюнча дискриминациянын курмандыгы болушат. Ар кандай эл аралык документтер, анын ичинде, **Башкы Ассамблеянын 1990-жылдын 18-декабрындагы 45/158 резолюциясы** менен кабыл алынган бардык эмгек-мигранттарынын жана алардын үй-бүлө мүчөлөрүнүн укуктарын коргоо боюнча Эл аралык конвенция дискриминация көйгөйүнө көңүл бурат жана адам укуктарын сактоо боюнча көрсөтмөлөрдү сунуштайт.

**Документтерди легалдаштыруу** - бул башка мамлекеттин аймагында колдонуу максатында бир мамлекеттин аймагында берилген документке юридикалык күч берүү процедурасы. Кыргыз Республикасынын аймагында биздин республиканын компетенттүү органдары тарабынан же алардын катышуусу менен түзүлгөн жана чет мамлекеттин аймагында пайдалануу үчүн

арналган документтер, эгерде чет мамлекеттин мыйзамдарынын талаптарына ылайык аларды ошол чет мамлекетте пайдалануу мыйзамдаштырууну жүзөгө ашырууну караган учурда легалдаштырууга жатат. Документти легалдаштыруу ар дайым ал берилген жана/же тариздегелген өлкөнүн гана аймагында жүзөгө ашырылат. чет өлкөлүк документтерди легалдаштыруу талабын жокко чыгаруучу 1961-жылдын 5-октябрындагы Гаага конвенциясына катышуучу мамлекеттердин (Гаага конвенциясына катышуучу өлкөлөрдүн тизмесин караңыз) аймагында жасалган расмий документтер (дипломатиялык же консулдук агенттер тарабынан жасалган документтерден жана коммерциялык же бажы операцияларына түздөн-түз тиешеси бар административдик документтерден тышкары) легалдаштыруудан бошотулган. Ошону менен бирге, Чет өлкөлүк документтерди легалдаштыруу талабын жокко чыгарган 1961-жылдын 5-октябрындагы Гаага конвенциясы бул мамлекеттердин Кыргыз Республикасынын ушул Конвенцияга кошулуусуна карата каршы пикирлерин билдирүүсүнүн натыйжасында Кыргыз Республикасы менен төмөнкү мамлекеттердин ортосунда колдонулбайт:

1. Австрия Республикасы;
2. Бельгия Падышалыгы;
3. Германия Федеративдик Республикасы;
4. Греция Республикасы. **(КР Юстиция министрлигинин сайтын караңыз)**.

## – Е –

**Евразия (Чоң)** – ал тарыхый мезгилге чейинки эле доорлордо жайгашкан, Жер жүзүндөгү алты материктин эң чоңу. Анын аянты 53,6 миллион км² түзөт, б.а. планетанын жер аянтынын 36%, ал эми континенттин 94 өлкөсүнүн калкы 5,349 миллиард адам, бул планетанын калкынын 70% дан ашыгын түзөт (1-июль, 2019 - жыл). Материктин Азия бөлүгүндө негизинен монголоид расасынын өкүлдөрү жашайт; Европа бөлүгүндө – европеид расасынын өкүлдөрү жашайт.

Бүгүнкү күндө Евразия талашсыз түрдө, жалпысынан экономика, социалдык жана маданий турмуш, заманбап маалыматтык-коммуникациялык жана биотехнологияларды, жасалма интеллектти, ошондой эле интеграциялык процесстерди өнүктүрүү маселелеринде дүйнөнүн кыйла өнүккөн аймактарынын бири болуп саналат. Анын ичинен, анын аймагында Европа

Бирлиги (ЕС), Евразия экономикалык биримдиги (ЕАЭБ) жана Шанхай кызматташтык уюму (ШКУ) ийгиликтүү иштеп жатат.

**Евразия Экономикалык биримдиги (ЕАЭБ)** – Миграция маселелери: кечээ-бүгүн. Белгилүү болгондой, алгач 1994-жылы Казакстандын ошол кездеги Президенти Н. Назарбаев тарабынан айтылган Евразия биримдигинин долбоору ишке жарамдуу болуп, биринчи кезекте Россия, Казакстан жана Беларустун курамында аймактык экономикалык интеграциянын күчтүү, аракетке жөндөмдүү эл аралык уюмуна айланды. Евразия биримдигинин идеясын ишке ашыруу үчүн мүчө-мамлекеттердин көп жылдык талыкпаган иши талап кылынды, ал бир нече маанилүү этаптардан өттү, анын ичинде Россия, Казакстан жана Беларустун курамында Бажы биримдигин тариздөө (1-январь, 2010-жыл), ал кезде Бажы биримдигинин Комиссиясы бажы-тарифтик чөйрөнү башкаруунун тизгинин өзүнө алган. 2011-жылы уюмга кирүү каалоосун Кыргызстан, ал эми 2013-жылы - Армения билдирген; 2012-жылдын 1-январынан тартып Бажы биримдигинен айырмаланып, эл аралык форматта Россиянын, Казакстандын жана Беларустун аймагына БЭМди (Бирдиктүү экономикалык мейкиндик) киргизүү товарлардын, кызмат көрсөтүүлөрдүн, капиталдардын жана жумушчу күчүнүн эркин кыймылы маселелери; ББга жана БЭМге мүчө-мамлекеттеринин интеграциясынын кыйла жогорку баскычы катары Евразия экономикалык биримдигин (ЕАЭБ) түзүү иштери жөнгө салына баштаган. 2014-2015-жылдар Россия, Беларусь, Казакстан, Армения жана Кыргызстан үчүн жакшы өнүккөн институционалдык потенциалга ээ ЕАЭБдин юридикалык тариздelишинин жана иштешинин башталышынын мезгили болду.

ЕАЭБдин ишмердүүлүгүнүн предметтик чөйрөсү бажылык жана техникалык жөнгө салууну, санитардык, фитосанитардык жана ветеринардык чараларды, үчүнчү өлкөлөргө карата соода режимдерин белгилөөнү, тышкы жана өз ара соода статистикасын жүргүзүүнү, атаандаштык саясатын, энергетикалык саясатты ж. б. кошкондо 20 чөйрөнү камтыйт.

Биздин кызыкчылыгыбыз ЕАЭБге мүчө мамлекеттердин жарандарына, анын ичинде эмгекчи-мигранттарга да берип жаткан артыкчылыктарга жана пайдаларга багытталган. Бул баарынан мурда - мигранттарды ЕАЭБдин башка өлкөлөрүндө ишке орноштуруу мүмкүнчүлүгү (Евразия экономикалык биримдиги жөнүндө келишимге №1 тиркеме). Катышуучу өлкөлөрдүн эмгекчилери эмгектик же жарандык-укуктук келишимдин негизинде (бул

жерде уруксат берүүчү документтерсиз) эмгек ишмердүүлүгүн ЕАЭБдин аймагында эркин жүргүзүүгө укуктуу. Жумушка орноштуруунун дискриминацияланбаган мүнөзүн, анын ичинде эмгек акы төлөө, коргоо жана эмгек шарттары, социалдык камсыздоо (пенсиядан тышкары), медициналык жардам көрсөтүү боюнча мүнөздөрүн белгилей кетүү маанилүү. Эмгекчилер билими тууралуу мамлекеттик үлгүдөгү документтерди (педагогикалык, юридикалык, медициналык жана фармакологиялык билими тууралуу документтерди кошпогондо) мыйзамдаштыруудан бошотулган, ал эми алардын кирешелерине ишке орношкон мамлекеттин мыйзамдары боюнча (ишке орношкон мамлекеттин резиденттеринин ушундай кирешелерине киреше салыгынын ставкасына барабар ставка боюнча) салык салынууга тийиш.

Мүчө мамлекеттер кызмат көрсөтүү соодасына, мекемеге, ишмердүүлүккө жана инвестицияга байланыштуу которууларга жана төлөмдөргө карата жаңы чектөөлөрдү алып салышты жана аларды киргизбейт. Мигранттарга жана алардын үй-бүлө мүчөлөрүнө жумушка орношкон мамлекеттин мамлекеттик жана муниципалдык саламаттык сактоо системасынын медициналык уюмдары (саламаттык сактоо мекемелери) медициналык камсыздандыруу полисинин бар экендигине карабастан акысыз жардам көрсөтүшөт (Евразия экономикалык биримдиги жөнүндө Келишимге №30 тиркеме. Мүчө мамлекеттердин эмгекчилерине жана үй-бүлө мүчөлөрүнө медициналык жардам көрсөтүү жөнүндө Протокол).

Бир нече жылдар бою мигранттар бул укуктардан белгилүү эскертүүлөр менен пайдаланып келишкен. Бирок ЕАЭБдин алкагында интеграциялык процесстерди тереңдетүү кызыкчылыктары жалпы эмгек рынокторундагы кырдаалды жакшыртууну талап кылды. Ошондуктан жакында ЕАЭБ боюнча Келишимге ЕАЭБ өлкөлөрүнөн келген мигранттардын Россиянын аймагында жүрүү режимин жөнөкөйлөтүү боюнча өзгөртүүлөр киргизилди. Тиешелүү Протокол РФнын Мамлекеттик думасынын 2022-жылдын 13-декабрындагы өзүнүн пленардык отурумунда ратификацияланган. Бардыгы болуп Биримдиктин ишмердигинин ар кандай чөйрөсү, анын ичинде миграция чөйрөсү боюнча 137 түзөтүүлөр каралган. Биринчиден, эмгек мигранттары үчүн жүрүү жана кесиптик иш-аракеттерди жүзөгө ашыруу режими жөнөкөйлөтүлгөн, бизнеске административдик иш жүктөм азайды; экинчиден, иштеп жаткан мигранттар жумушка орношкон мамлекеттин аймагынан чыкпай эле кирүү максатын өзгөртө алышат. Ошондой эле

педагогикалык жана юридикалык иш жаатындагы квалификациясы жөнүндө, окумуштуулук даражалары жана наамдары жөнүндө документтерди таануу каралат. Бул өзгөрүүлөр ЕАЭБ өлкөлөрүнөн Россияда иштеген 1,5 миллиондон ашык мигранттарга таасирин тийгизет **(economist.kg. 15 декабрь 2022-ж.).**

**Евро** – 1992-жылы Европа Коомчулугунун 12 өлкөсү Европа интеграциясынын жаңы жана жогорку этабына - Экономикалык жана Валюта биримдигине (ЭВБ) кирген эл аралык бирикменин - Европа Биримдигинин (ЕБ) жаңы универсалдуу компетенциясын түзүү жөнүндө Маастрихт келишимине кол коюшкан (1993-жылы күчүнө кирген). Экономикалык компонент негизги үч милдеттин жетишкендигин караган:

1) мүчө мамлекеттердин экономикалык саясатын тыгыз координациялоо;

2) жалпы мейкиндикте адамдардын, товарлардын, кызмат көрсөтүүлөрдүн жана капиталдардын эркин жүрүүсүн камсыз кылуучу ички рынокту түзүүнү аяктоо;

3) жалпы максаттарды аныктоо.

Биримдиктин валюта компоненти бирдиктүү валютаны киргизүүнү, бирдиктүү жалпы валюта саясатын жана бирдиктүү алмашуу курсунун саясатын жүргүзүүнү караган. ЭВБ жалпы рынокто баалардын туруктуулугун камсыздап, инфляцияга жол бербеши керек болчу **(Европа Биримдигинин укугу. Жооп. Редактор – юридика илимдеринин доктору, профессор С. Ю. Кашкин. Москва, 2018. 189-190-б.)**.

Евробиримдиктин бирдиктүү валютасы болгон евро ишке киргендигине байланыштуу мүчө мамлекеттердин улуттук акча бирдиктерин, атап айтканда, француз франкын, немис маркасын, италиялык лираны, португалиялык эскудону, испан песетасын ж.б. алмаштырууга туура келди. Бул жол-жобо бирдиктүү валютаны киргизүүгө даярдык көрүү чараларын кошкондо бир нече этапты камтыды. Акыры 1999-жылдын январынан тартып ЕБге мүчө 11 мамлекет бирдиктүү акча бирдигине өттү.

Алгач евро накталай эмес эсептешүүлөрдө колдонулган, бирок 2002-жылдын 1-январынан тартып улуттук валюталардын аракетин жокко чыгаруу менен евронун банкноттору жана монеталары соода тармактарында, эмгек акыларды, пенсияларды ж.б. берүүдө колдонула баштаган.

Убакыттын өтүшү менен евро аймагына Евробиримдиктин башка мүчө мамлекеттери да кире баштады. 2023-жылдын 1-январынан тарта евро

аймактын акыркы мүчөсү Хорватия болгон. Бүгүнкү күндө евро аймагына 20 мамлекет кирет. Дүйнөлүк резервдик акча бирдиги болгон (доллар, фунт стерлинг, юань ж.б. менен бирге) евронун эмиссиялык функцияларын Франкфурт-на-Майнеде (Гессен федералдык жери) жайгашкан Европанын Борбордук банкы (ЕББ) аткарат. Евро төмөнкүдөй номиналдар менен берилген: 5, 10, 20, 50, 100 жана 200. 500 номиладуу евролук банкнот жүгүртүүдө болгону менен 2019-жылдан бери басылып чыга элек. **(ru.m.wikipedia.org).**

Кыргызстанда алмашуу курсу дайыма өзгөрүп турган (өзгөрүлмө валюта) евро жарандар, ишкерлер арасында абдан популярдуу, алмашуу бюролорунда ар кандай акча бирдиктерине (орус рубли, кыргыз сому, казак теңгеси ж.б.) оңой конвертацияланат жана тескерисинче; белгилүү сандагы евро Кыргызстандын Улуттук банкында сакталат.

**Евробиримдиктин Блю-картасы (көгүш/көк карта, EU Blue Card) –** Евробиримдиктин көпчүлүк өлкөлөрүндө үчүнчү өлкөлөрдүн жарандарынын убактылуу жашап турууга уруксаты жана ишке орношуу укугу бар экендигин тастыктаган өздүк күбөлүк. Көк карта жогорку квалификациялуу жумушчулардын Европа Биримдигине көчүп кетүүсүн жеңилдетет жана аларга жашап туруу мүмкүнчүлүгүнүн башка түрлөрүнө салыштырмалуу айрым артыкчылыктарды берет.

Блю-карталардын баштапкы идеясы Еврокомиссиянын төрагасы Мануэль Баррозу тарабынан 2007-жылдын 23-октябрында Евробиримдик өлкөлөрүндө квалификациялуу жумушчу күчүнүн күтүлүп жаткан тартыштыгына, анын ЕБ аймагында жүрүүсүнүн татаалдыгына, ошондой эле иммигранттардын кирүү/чыгуу шарттарын жөнгө салуучу ЕБ өлкөлөрүнүн ченемдик укуктук актыларынын коллизиясына негизделген. Акырында тиешелүү Директив 2009-жылы кабыл алынган. **(2009-жылдын 25-майындагы Көгүш картаны киргизүү жөнүндө 2009/50/ЕБдин Директивасы)**. Бирок бул директиваны ЕБге мүчө мамлекеттердин мыйзамдуу жана мыйзам алдындагы актыларына киргизүү үчүн зарыл болгон мөөнөттү эске алуу менен, ал 2011-жылдын 19-июнунда күчүнө кирген. Көк карта, демек, жарандыкка укук бербейт, ал Американын грин (жашыл) карталарынын бир түрү.

Блю-карта үчүн тандалган көк түс Евробиримдиктин желегинин түсүн билдирет. Көк картаны алуу үчүн, үчүнчү өлкөнүн жараны гана болушу

мүмкүн болгон арыз ээси тиешелүү арызды тапшырышы керек. 2021-жылдын 15-сентябрында Европарламент жогорку квалификациялуу чет элдик адистерди Евробиримдиктин эмгек рыногуна чыгаруу эрежелерине тиешелүү жаңы өзгөртүүлөрдү колдогон.

Евробиримдиктин бир катар өлкөлөрү, мисалы, 2012-жылдын апрелинде эле көк-карта жөнүндө мыйзам кабыл алган Германия **(German 'Blue Card' to simplify immigration (англ.)**. **dw.de (28 апреля 2012)** потенциалдуу талапкерлерге төмөнкүдөй талаптарды белгилеген: немис тилин билүү жана инженердик, математика жана маалыматтык технологиялар боюнча кесипке ээ болуу. Көптөгөн жылдар аралыгында Германия миңдеген көк карталарды берди, алардын көпчүлүгүн Германияда жашаган чет өлкөлүктөр алышты.

Көк карта алууга арыз берүү үчүн арыз ээси төмөнкүлөрдү көрсөтүүсү зарыл:

- Евробиримдикке мүчө мамлекетте орточо айлык акынын бир жарым эседен кем эмес өлчөмүндөгү эмгек келишими же жумуш сунушу (ал өзгөчө талап кылынган кесиптер үчүн эмгек акы талаптарын 1.2 чейин төмөндөтүүгө укуктуу);

- өздүгүн аныктаган жарактуу ырастама жана клип жүрүүгө уруксат кагазы (чет өлкөлүк паспорт жана виза);

- камсыздандыруу жөнүндө келишим;

- жөнгө салынуучу кесиптер үчүн (мисалы, дарыгерлер үчүн) талаптарга жооп бергендигин тастыктаган документтер же жөнгө салынбаган кесиптер үчүн тиешелүү жогорку билимге ээ экендигин тастыктаган документтер.

Буга кошумча, арыз ээсинен тил билгендигин тастыктаган документти, соттолбогондугу жөнүндө маалым катты, медициналык жана эмгек китепчелерин, ошондой эле үй-бүлөнү бириктирүү жана тууганчылыкты тастыктаган документтерди талап кылынышы мүмкүн (2023-жылдагы Германия үчүн ЕБдин көк картасы. **www.wepsa.de**).

Евробиримдиктин ар кайсы өлкөлөрүндө эмгек акыга карата ар кандай талаптар бар экенин эстен чыгарбоо керек. Мисалы, Чехияда 2017-жылдын 1-майынан 2018-жылдын 30-апрелине чейин 496 602 крона (41 384 брутто / ай сайын) эмгек акысы белгиленген; Латвияда 2021-жылдын апрелинин башында 20 580 € (€ 1 715 брутто / ай сайын) эмгек акысы белгиленген.

**Европа Биримдигинин укугундагы жана КР укугундагы жарандык институту: ээ болуу жана жоготуу** - Европа Биримдиигинин жарандык

институту – 1992-жылдагы Маастрихт келишими менен Европаны мындан ары саясий консолидациялоо, инсандын укуктарын жана эркиндиктерин күчөтүү, европалык интеграциянын жагымдуулугун жогорулатуу максатында киргизилген. Евробиримдиктин жарандыгы мүчө мамлекеттердин жарандыгын толуктайт жана алардын бардык жарандары үчүн автоматтык түрдө таанылат. Мүчө мамлекеттин жарандыгынын токтотулушу менен Евробиримдиктин жарандыгы да токтотулат. Евробиримдиктин жарандыгы анын субъектилерине Коомдоштуктун аймагында жүрүү жана жашаган жерин тандоо эркиндигин, шайлоо укуктарын, үчүнчү өлкөлөрдө дипломатиялык жана консулдук коргоо укугун, Европарламентке кайрылуу укугун, Евросоюздун Акыйкатчысына даттануу менен кайрылуу укугун, биримдиктин институттарына жана органдарына кайрылуу жиберүү укугун, Европа парламентинин, Кеңештин жана Комиссиянын документтерине жетүү укугун камсыз кылат. Кыргыз Республикасынын жарандыгына: туулгандыгы боюнча; КР жарандыгына кабыл алуунун натыйжасында; жарандыгын калыбына келтирүүнүн натыйжасында; мыйзамда белгиленген тартипте күчүнө кирген КР катышуучусу болуп саналган, эл аралык келишимдерде каралган негиздер же тартиптер боюнча ээ болот. Кыргыз Республикасынын жарандыгы төмөнкүдөй учурларда токтотулат: Кыргыз Республикасынын жарандыгынан чыкканда; Кыргыз Республикасынын жарандыгын жоготкондо; ушул Мыйзамда, Кыргыз Республикасы катышуучу болуп саналган, мыйзамда каралган тартипте күчүнө кирген эл аралык келишимдерде каралган башка негиздерде. **(КРны 2007-жылдын 21-майындагы №70 «Кыргыз Республикасынын жарандыгы жөнүндө» Мыйзамы http://cbd.minjust.gov.kg/act/view/ru-ru/202103)**. 2022-жылы 2370 адамды Кыргыз Республикасынын жарандыгына кабыл алуу жөнүндө Кыргыз Республикасынын Президентинин беш Жарлыгына кол коюлган (алардын 1871и - чоңдор жана 49у-балдар), алардын басымдуу бөлүгүн тарыхый мекенине кайтып келген этникалык кыргыздар түзөт. Кыргыз Республикасынын Президентинин бир Жарлыгы 360 адамга (анын 277си - чоңдор жана 83ү - балдар) КР жарандыгынан чыгуу жөнүндө кабыл алынган.

Кыргыз Республикасына чет өлкөлүк жумушчу күчүн тартууга квота - республиканын эмгек рыногунун абалына жараша Кыргыз Республикасынын аймагына эмгек ишмердигин жүзөгө ашыруу максатында келүүчү чет өлкөлүк жарандардын же жарандыгы жок адамдардын чектик саны.

# – Ж –

**Жарандык жана саясий укуктар жөнүндө 1966-жылдын 16-декабрындагы эл аралык пакт** - адам укуктары чөйрөсүндөгү маанилүү эл аралык-укуктук документ. Пактынын кириш сөзүндө адамдардын бирдей жана ажыратылгыс укуктары алардын эркиндигинин, адилеттүүлүгүнүн жана жалпы тынчтыктын негизи экендиги баса белгиленет, ал адамдын инсандык касиетине мүнөздүү кадыр-барктан келип чыгат, ал эми жарандык жана саясий эркиндиктен жана коркуудан жана муктаждыктан эркин адам инсанынын идеалы ар бир адам өзүнүн экономикалык, социалдык жана маданий укуктарынан, ошондой эле өзүнүн жарандык жана саясий укуктарынан пайдалана ала турган шарттар түзүлгөндө гана жүзөгө ашырылышы мүмкүн, БУУга мүчө мамлекеттер адам укуктарын жана эркиндиктерин жалпы урматтоого жана сактоого үндөшү керек. Ушундан улам мүчө мамлекеттер пакттын 53 беренесинин мазмуну боюнча макулдашты.

Пактыда эң оболу элдердин өз тагдырын өзү аныктоо укугу (1-бер.) жана өз ара пайда алуу принцибине негизделген эл аралык экономикалык кызматташуудан жана эл аралык укуктан келип чыгуучу кандайдыр бир милдеттенмелерге зыян келтирбестен өздөрүнүн табигый байлыктарын жана ресурстарын эркин тескөө укугу таанылат. Эч бир эл эч качан өзүнө таандык жашоо каражатынан ажыратылышы мүмкүн эмес. Документтин 2-беренеси анын мүчө-мамлекеттерин анын аймагындагы жана анын юрисдикциясына баш ийген, ушул Пактыда таанылган бардык адамдарга расасына, терисинин түсүнө, жынысына, тилине, динине, саясий жана башка ишенимдерине, улуттук же социалдык тегине, мүлктүк абалына, төрөлүшүнө же башка жагдайларына карата кандай гана айырмаланбасын урматтоого жана камсыз кылууга милдеттендирет. Мамлекеттердин башка милдеттенмелеринин катарында - ар бир адамга алардын укуктарын коргоонун натыйжалуу каражаттарын камсыз кылуу; белгилүү бир шарттарда, айрыкча өзгөчө кырдаалдарда да бардык жарандык жана саясий укуктардан эркектер менен аялдар үчүн бирдей пайдалануу укугу бар (3-берене). Пактынын маанилүү жобосу болуп кайсы бир мамлекет, кайсы бир топ же кайсы бир жак ушул Пактыда таанылган ар кандай укуктарды же эркиндиктерди жок кылууга багытталган кандай гана болбосун иш жүргүзүүгө же кандай гана болбосун

аракеттерди жасоого укуктуу боло тургандай пактыны чечмелөөгө тыюу салуу (4-5-берене) саналат.

Пактынын 6-беренеси жашоо укугун мыйзам менен корголгон ар бир адам үчүн ажыратылгыс укук катары тааныйт. Мындан тышкары, эч ким ээнбаштык менен өмүрүнөн ажырай албайт. Пактыда өмүрдөн ажыратуунун укуктук жана башка шарттары көрсөтүлгөн. Пактынын кийинки беренелеринде кыйноого же ырайымсыз, адамгерчиликсиз мамилеге; кулчулукка жана кул сатууга, ошондой эле мажбурлап же милдеттүү эмгекке тыюу салынат.

7-11-беренелер адамдын эркиндикке жана жеке кол тийбестикке болгон укугун белгилейт, өзүм билемдик менен камакка алууга же камакта кармоого тыюу салат ж.б. Пакт кайсы бир мамлекеттин аймагында мыйзамдуу жүргөн ар бир адамдын эркин жүрүү жана жашаган жерин эркин тандоо укугун тааныйт. Мындан тышкары, ар бир адам каалаган өлкөдөн, анын ичинде өзүнүн өлкөсүнөн чыгып кетүү укугу таанылат ж.б.

Пактынын кийинки беренелеринде (13-22-бер.) адамдын бир катар төмөнкүдөй маанилүү укуктары баяндалат, анын ичинде чет өлкөлүктөрдүн укуктары; соттордун жана трибуналдардын алдында бардыгынын теңдиги; жалпы эреже катары, кылмыш-жаза же жарандык иш боюнча токтом; күнөөсүздүк презумпциясы; котормочунун акысыз жардамы; юридикалык жак экендигин таануу; ой жүгүртүү, абийир жана дин эркиндиги; тынч чогулуштар; ассоциация эркиндиги ж. б.

23-24-беренелер төмөнкүлөргө арналган, үй-бүлөнүн маселелерине, анын ичинде анын коомдогу ролуна; нике курагына жеткен эркектер менен аялдардын никеге туруугa жана үй-бүлө курууга карата укуктары; никеде турган мезгилде жана аны бузган учурда жубайлардын никеге туруугa карата укуктарынын жана милдеттеринин теңдигин камсыз кылуу боюнча мамлекеттин милдети; баланын расасына, өңүнө, жынысына, тилине, динине, улуттук же социалдык тегине, мүлктүк абалына же туулгандыгына жараша анын үй-бүлөсү, коому жана мамлекети тарабынан жашы жете элек кезинде талап кылынуучу коргоо чараларына карата эч кандай кодулоосуз укуктары; ар бир баланын жарандыкка ээ болуу укуктары.

25-27-беренелерде ар бир жарандын түздөн-түз жана эркин тандалган өкүлдөрдүн жардамы менен мамлекеттик иштерди жүргүзүүгө катышуу; жашыруун добуш берүү менен жалпы тең шайлоо укугунун негизинде жүргүзүлүүчү жана шайлоочулардын эркин билдирүүсүн камсыз кылуучу

анык мезгилдүү шайлоолордо добуш берүү жана шайлануу; өз өлкөсүндө мамлекеттик кызматка теңчиликтин жалпы шарттарында аралашуу укуктары камтылат.

28-53-беренелер уюштуруу маселелерине арналган: Адам укуктары боюнча Комитетти түзүү, анын милдеттери, функциялары, мүчөлүгү, комитеттин ишмердигинде БУУнун Башкы катчысынын ролу, пактыны ратификациялоо ж. б. (**Булак: United Nations Treaty Series, vol. 999, p. 225–240).**

Ошентип, 1966-жылдын 16-декабрындагы Жарандык жана саясий укуктар жөнүндө Эл аралык пакт маанилүү эл аралык документ болуп саналат, мамлекеттердин мүчөлүгү алардын адам укуктарын сактоого жана так аткарууга даяр экендигинин көрсөткүчү болуп эсептелет. Кыргыз Республикасы Пактыга КР Жогорку Кеңешинин 1994-жылдын 12-январындагы № 1406-XII токтому менен кошулган.

**Жасалма (жарым-жартылай же толугу менен) жол жүрүү документтери** – мамлекеттик чек араларды өтүү (кирүү/чыгуу, транзиттик өтүү, мамлекеттин аймагында жүрүү жана болуу) ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдар тарабынан белгилүү мөөнөткө берилген жарактуу жол жүрүү документтери (дипломатиялык, кызматтык, чет өлкөлүк паспорт, моряктын паспорту, кайтып келүүгө күбөлүк, зарыл болгон учурда виза) боюнча гана жүзөгө ашырылаары жалпыга белгилүү.

Ак ниеттүү эл аралык жүргүнчүгө жол жүрүү документтерин жасалмалоо менен алектенген адамдардын кызмат көрсөтүүсүнө кайрылуунун кажети жок. Бирок ар кайсы өлкөлөрдө алардын кызмат көрсөтүүлөрүнө суроо-талап абдан жогору. Бул, мисалы, виза алуусуна баш тартылган, же болбосо чет өлкөгө чыгууга убактылуу тыюу салынган же болбосо кандайдыр бир негиздер боюнча өлкөгө кирүүгө тыюу салынган адамдар ж.б., мындай учурларда, потенциалдуу легалдуу эмес мигранттар мыйзамсыз жол менен жарым-жартылай же толугу менен жасалма жол жүрүү документтерин алууга умтулушат, толугу менен жасалма документ бул документтин бланкасын бүтүндөй даярдоону жана бардык зарыл болгон реквизиттерди коюуну билдирет, жарым-жартылай жасалма бул документтин ээсинин сүрөтүн өзгөртүүнү (кайра чаптоону), анын кол тамгасын жасалмалоону, фамилиясын өзгөртүүнү ж.б. билдирет (Бириккен Улуттар Уюмунун трансулуттук уюшкан кылмыштуулукка каршы Конвенциясын толуктаган кургактык, деңиз жана аба аркылуу мигранттарды мыйзамсыз ташып келүүгө каршы Протоколдун 3-

беренеси, 2000-жылдын 15-ноябрындагы Башкы Ассамблеянын 55/25 резолюциясы менен кабыл алынган). Протоколдун 6-беренеси легалдуу эмес миграцияны жана жасалма документтерди даярдоону криминалдаштырууну киргизген).

Кыргыз Республикасы да эл аралык укуктун ченемдерин колдонуу менен жол жүрүү документтерин жасалмалоого кылмыштуу жазаны карайт **(КР КЖКнын 345-347-беренелери).**

**Жаш балдарга камкорчулук жана көзөмөлчүлүк** - камкорчулукту жана көзөмөлчүлүктү белгилөөгө, жүзөгө ашырууга жана токтотууга байланыштуу келип чыгуучу мамилелер Кыргыз Республикасынын Үй-бүлө кодекси, Кыргыз Республикасынын Балдар жөнүндө кодекси, Кыргыз Республикасынын Жарандык кодекси жана аларга ылайык кабыл алынуучу Кыргыз Республикасынын ченемдик-укуктук актылары менен жөнгө салынат.

Жашы жеткен аракетке жөндөмдүү адамдар гана камкорчу жана көзөмөлчү болуп дайындалышы мүмкүн. Камкорчулукту жана көзөмөлчүлүктү белгилөөгө муктаж адамдарга төмөнкүлөр камкорчу жана көзөмөлчү боло алышпайт:

- "оюн азгырыгы" менен жабыркаган же кумар оюндарына көз каранды, сот тарабынан аракетке жөндөмдүүлүгү чектелгендер;
- камкорчулардын жана көзөмөлчүлөрдүн милдеттерин аткаруудан четтетилгендер;
- ата-энелик укуктары чектелгендер, ата-энелик укуктарынан ажыратылгандар, мурда асыроого бала алып, өздөрүнүн күнөөсү менен бул укук жокко чыгарылгандар;
- Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети тарабынан бекитилген оорулардын тизмегине ылайык ден соолугунун абалы боюнча жашы жете электи тарбиялоо боюнча милдеттерди жүзөгө ашыра албаган адамдар;
- мыйзамдарда белгиленген тартипте алып салынбаган же жоюлбаган соттуулугу барлар.

Камкорчулук жана көзөмөлчүлүк аракетке жөндөмсүз же аракетке жөндөмдүүлүгү чектелген жарандардын укуктарын жана кызыкчылыктарын коргоо үчүн белгиленет. Жашы жете электерге камкорчулук жана көзөмөлчүлүк аларды тарбиялоо максатында да белгиленет.

Камкорчу (көзөмөлчү) менен жашы жете электин ортосундагы курактын айырмасы 16 жаштан кем болбошу керек.

Жашы жете элекке камкорчуну жана көзөмөлчүнү дайындоодо камкорчунун жан көзөмөлчүнүн адеп-ахлактык жана башка жеке сапаттары,

анын камкорчунун жана көзөмөлчүнүн милдетин аткарууга жөндөмдүүлүгү, камкорчу, көзөмөлчү менен баланын ортосундагы мамилелер, камкорчунун жана көзөмөлчүнүн үй-бүлө мүчөлөрүнүн жашы жете элекке болгон мамилеси, ошондой эле эгерде бул мүмкүн болсо, жашы жете электин өзүнүн каалоосу эске алынат.

**(Камкорчулук жана көзөмөлчүлүк жөнүндө Жобо. КР Өкмөтүнүн 2014-жылдын 22-майындагы №270 токтому).**

**Жашап туруу мүмкүнчүлүгү** - чет өлкөлүк жарандын же жарандыгы жок адамдын ким экендигин ырастоочу жана келген мамлекетте туруктуу жашоого уруксат алгандыгын ырастоочу документ. Кээ бир өлкөлөрдө жана кээ бир учурларда, ал ошондой эле ээсинин өздүгүн тастыктаган документ болушу мүмкүн. Атап айтканда, Россия Федерациясында жарандыгы жок адамга берилген жашап туруу мүмкүнчүлүгү анын ким экендигин тастыктайт. Россияда жашап туруу мүмкүнчүлүгү анын ээсине уруксат берүүчү документтерди тариздебестен ишке орношууга, Россия Федерациясынын жарандары менен бирдей социалдык укуктарды пайдаланууга, бизнес жүргүзүүгө, ошондой эле РФ жарандыгын алууга укук берет.

Кыргызстанда бул документ чет өлкөлүк жарандарга же жарандыгы жок адамдарга биздин республикада туруктуу же убактылуу жашоого укук берет жана өздүгүн тастыктоочу документ катары каралат. КРда туруктуу жашоо мүмкүнчүлүгү 5 жылга, убактылуу – 1 жылга узартуу мүмкүнчүлүгү менен берилет. Жашап туруу мүмкүнчүлүгүн алуу үчүн бул адамдар Кыргыз Республикасынын аймагында 6 айдан кем эмес жашашы керек.
(Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинин расмий сайты, Ченемдик укуктук актылар бөлүгү, «Кыргыз Республикасынын аймагында чет өлкөлүк жарандарга жана жарандыгы жок адамдарга жашап турууга убактылуу жана туруктуу уруксаттарды тариздөөнүн жана берүүнүн тартиби жөнүндө жобо» (Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2008-жылдын 13-ноябрындагы №626 Токтому менен бекитилген). Кирүү режими: **http://cbd.minjust.gov.kg/act/view/ru-ru/59556?cl=ru-ru).**

**Жашы жете электер -** 18 жашка чыга элек курактагы адамдар. Бул адамдар өз укуктарынын маанилүү бөлүгү менен чектелген. Алар көптөгөн юридикалык иш-аракеттерди жасоого укугу жок. **Мисалга алсак, ири**

**объектилер (турак-жай, автомобиль, мотоцикл ж.б.) боюнча сатып алуу-сатуу иштерин жүргүзүүгө укугу жок. Бирок жашы жете электер өз оюн эркин билдирүүгө, чек арага карабастан, оозеки, жазуу жүзүндө же басма түрүндө ар кандай түрдөгү маалыматтарды жана идеяларды издөөгө, алууга жана берүүгө ж. б. у. с. укуктуу.** Жашы жете электерге улуттук мыйзамдардын процесстик ченемдеринде каралган тартипте балага түздөн-түз же өкүл же тиешелүү орган аркылуу тиешелүү соттук же административдик териштирүүнүн жүрүшүндө угулууга мүмкүнчүлүк берилет. Кыргызстанда жашы жете электердин укуктары бир нече документтерде жазылган: БУУнун Конвенциясында, КР Конституциясында, Балдар жөнүндө кодексте жана Үй-бүлө кодексинде (**караңыз; мисалы, Балдардын укуктары жөнүндө Конвенция. Башкы Ассамблеянын 1989-жылдын 20-ноябрындагы 44/25 резолюциясы менен кабыл алынган).**

**Жеке жак** – касы болбосун өлкөнүн укукка жөндөмдүү жана аракетке жөндөмдүү ар бир жараны. Адам өзүнүн туулгандыгынан улам мамлекеттин жана коомдун жашоосунун бардык чөйрөлөрүндө белгилүү бир милдеттерге жана укуктарга ээ болот. Бул “адам” “жеке адам” түшүнүгү менен бирдей экендигин билдирет. Жеке адам – бул кайсы бир өлкөнүн жараны гана эмес, өзүнүн бар экендигине байланыштуу укуктарга жана милдеттерге ээ болгон үчүнчү мамлекеттин жараны же жарандыгы жок адам экендигин моюнга алуу керек.

“Жаран” түшүнүгү Кыргызстанда ар кандай ченемдик укуктук актыларда (мисалы, КР Конституциясында), расмий жана тиричилик байланыштарда ж.б. кеңири колдонулат “жаран” түшүнүгү КР Конституциясында бир нече жолу колдонулат. Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 5-майындагы Мыйзамы менен колдонууга киргизилген).

“Россиянын паспорттук-визалык сервисинин” Кыргызстандагы филиалдары - миграциялык процесстерди, анын ичинде тышкы эмгек миграциясын жөнгө салуунун маанилүү милдети Россия Федерациясында чет өлкөлүк жарандардын бул категориясын тейлөөнү ар тараптан жакшыртуу, алардын укуктук статусун жогорулатуу, кабыл алуучу өлкөдө жүрүү жана жумушка орношуу шарттарын жеңилдетүү болуп саналат. Бул жагынан алганда чоң жоопкерчилик РФнын мамлекеттик түзүмдөрүнө жүктөлөт. Бул максатта Россия Кыргызстандын аймагында “паспорттук-визалык сервис” ачууну көздөп жатат. Кыргыз Республикасынын Эмгек жана социалдык

өнүктүрүү министрлигинин маалыматы боюнча россиянын бийлиги менен мындай макулдашуу эмгек министринин жумушчу сапарынын жүрүшүндө жетишилген. Сервистин ачылышы кыргызстандыктарга эмгек миграциясына кеткенге чейин Кыргызстанда медициналык текшерүүдөн жана башка жол-жоболордон өтүүгө мүмкүндүк берет **(КР Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министрлигинин сайты).**

**Жол жүрүү документтерин (биометрия) коргоо** - Нансен паспортунун салтын улантуу болуп саналган качкындар жана жарандыгы жок адамдар үчүн Женева конвенцияларында каралган жол жүрүү документтери, бул чөйрөдөгү эки негизги эл аралык документтер: качкындардын статусу жөнүндө 1951 – жылдагы Конвенция (мындан ары – 1951-жылдагы Конвенция) жана апатриддердин статусу жөнүндө 1954-жылдагы Конвенция (мындан ары-1954-жылдагы Конвенция) менен киргизилген. Бул Конвенциялар макулдашуучу мамлекеттердин бул документтерди өз ара таануусунун негизинде качкындар жана жарандыгы жок адамдар үчүн жол жүрүү документтеринин бирдиктүү системасын түздү. 1951-ж. жана 1954-ж. Конвенциялардын тиркемесинде «ал (документ) химиялык же башка каражаттар менен сүртүүлөр же өзгөртүүлөр кыйынчылыксыз табыла тургандай кылып басылып чыгарылышы» сунуш кылынат. (1951-жылдагы Женева Конвенциясында каралган Качкындарга жана жарандыгы жок адамдарга машина аркылуу окулуучу жол жүрүү документтерин берүү боюнча колдонмо. Булак: **https://www.refworld.org/cgi-bin/texis/vtx/rwmain/opendocpdf.pdf?reldoc=y&docid=534f8cb34 ).**

Мыйзамдарга ылайык Кыргыз Республикасынын ар бир жараны биометрикалык каттоодон өтүүгө милдеттүү. Биометрикалык каттоонун тартиби Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети тарабынан аныкталат. Алсак, төмөнкү биометрикалык маалыматтар милдеттүү түрдө чогултууга, иштеп чыгууга, сактоого жана пайдаланууга жатат:

- беттин санариптик графикалык сүрөтү;

- эки колдун манжаларынын папиллярдык чиймелеринин графикалык түзүлүшү;

- өздүк кол тамга.

Биометрикалык маалыматтардан тышкары, милдеттүү түрдө чогултууга, иштеп чыгууга, сактоого жана пайдаланууга төмөнкү жеке маалыматтар жатат:

1) жеке идентификациялык номери;

2) фамилиясы, аты, атасынын аты;

3) улуту;

4) паспорттун сериясы жана номери;

5) туулгандыгы жөнүндө күбөлүк (Кыргыз Республикасынын жараны-нын паспортун мурда албаган адамдар үчүн);

6) жынысы;

7) туулган күнү, айы, жылы;

8) жашаган жери.

**(Кыргыз Республикасынын 2014-жылдын 14-июлундагы №136 «Кыргыз Республикасынын жарандарын биометрикалык каттоо жөнүндө» Мыйзамы).**

**ЖӨЭКН** (жеке өздүк эсептин камсыздандыруу номери) – бул милдеттүү пенсиялык камсыздандыруу тутумундагы сиздин өздүк эсебиңиздин номуру. Жумуш берүүчү эмгек акыдан пенсиялык төгүмдөрдү төлөп берүү жөнүндө маалымат бергенде, ЖӨЭКН бардык тараптарга эмгек стажын жана төгүмдөрдү кимдин пайдасына эсептей тургандыгын түшүнүү үчүн керек.

ЖӨЭКН боюнча Пенсиялык фонд камсыздандырылуучунун аты-жөнүн, анын жарандыгын, туулган күнүн жана жерин, паспортунун реквизиттерин, ИННди билет. Чет өлкөлүктөр да жумуш берүүчүдөн пенсиялык эсепке чегерүүлөрдү алуу, акысыз медицинаны жана башка жеңилдиктерди колдонуу үчүн ЖӨЭКНди тариздеши керек. ЖӨЭКНди алуу үчүн чет өлкөлүккө төмөндөгүлөр талап кылынат: Россияда убактылуу жүрүүгө же жашап турууга уруксат кагазы; эмгек келишими же мамлекеттик салык кызматынын (жарандык-укуктук мүнөздөгү) келишими боюнча жумушка расмий орношуу. Эгерде эки талап тең аткарылса, анда чет өлкөлүк жаран ПФРга кайрыла алат же иш берүүчү аркылуу ЖӨЭКНди тариздей алат. Бул үчүн төмөндөгүлөр талап кылынат: паспорт, толтурулган АДВ-1 анкетасы, убактылуу жүрүүгө же жашап турууга уруксат кагазы жана нотариус тарабынан күбөлөндүрүлгөн паспортту которуу. (ЖӨЭКНди талап кылган расмий документ).

# – З –

# – И –

**Иммигрант –** белгилүү болгондой, дүйнөдөгү миграциялык процесстер өздөрүнүн келип чыккан өлкөсүн же жарандыгын таштап, кайсы бир үчүнчү өлкөдө туруктуу жашоого умтулган адамдарды өзүнө камыйт. Бул адамдар эл аралык укуктарга ылайык иммигранттар деп аталат. XX-XXI кылымдарда иммигранттардын келип чыккан өлкөлөрү жана иммигранттарды кабыл алган өлкөлөр бар. **(Бириккен Улуттар Уюмунун Трансулуттук уюшкан кылмыштуулукка каршы Конвенциясын толуктаган Мигранттардын кургактык, деңиз жана аба мейкиндиги аркылуу мыйзамсыз киришине каршы Протокол. Башкы Ассамблеянын 2000-жылдын 15-ноябрындагы 55/25 резолюциясы менен кабыл алынган**). Иммигранттардын басымдуу бөлүгү жогорку өнүккөн өлкөлөргө, атап айтканда, АКШ, Канада, Улуу Британия, Германия, ж. б. туура келет. Кыргызстан да мигранттардын ушундай категориясына туш болууда. Биздин мыйзамдарга ылайык, туруктуу жашоо максатында Кыргыз Республикасына мыйзамдуу түрдө кирген чет өлкөлүк жарандар же жарандыгы жок адамдар иммигранттар болуп саналат (КРнын 2000-жылдын 17-июлундагы №61 «Тышкы миграция жөнүндө» Мыйзамы). Кыргыз Республикасынын Санариптик өнүктүрүү министрлигинин маалыматы боюнча 2021-жылы республикага туруктуу жашоо үчүн 8,2 миң адам келген. Мындан тышкары, 2021-жылы туруктуу жашаган жерин өзгөртүү максатында Кыргыз Республикасынын чегинен башка мамлекеттердин аймагына кеткендердин саны көбөйгөндүгү байкалган. Мурдагыдай эле, мигранттар үчүн туруктуу жашаган жерин тандоо планында үстөмдүк кылган мамлекеттер Россия (67,4 %) жана Казакстан (26,6%) болуп саналат.

**Иммиграция -** эмгек миграциясы менен катар эл аралык миграциянын түрлөрүнүн бири; окуу, ишке орношуу максатында үчүнчү өлкөгө, анын жарандыгын алуу келечеги менен туруктуу жашоо үчүн көчүү. КР мыйзамдарында да чет өлкөлүк жарандардын же жарандыгы жок адамдардын Кыргыз Республикасына туруктуу жашоо үчүн кирүүсү каралган. **(КРнын 2000-жылдын 17-июлундагы №61 «Тышкы миграция жөнүндө» Мыйзамы).**

**Иммиграциялык виза -** азыркы дүйнөдө көп жарандар үчүн жалпы практика чек ара режимин либералдаштыруу, өлкөлөр жана ал тургай континенттердин ортосундагы транспорттук байланыштардын акыркы он жылдыктарындагы тез өнүгүүгө өбөлгө түзгөн туруктуу жашоого башка

өлкөгө көчүү болуп саналат. Эгерде чет өлкөлүк жаран кире турган өлкөгө отурукташып, атүгүл келечекте натуралдашууну кааласа, анда ал иммиграциялык визаны талап кылат. Мисалы, АКШда белгилүү бир квалификациядагы адамдар: көрүнүктүү окумуштуулар, спортчулар жөнөкөйлөтүлгөн тартипте иммиграциялык виза ала алышат. Иммиграциялык виза ошондой эле кире турган өлкөгө кыйла бир сумманы инвестициялай турган адамдарга да берилет.

Кыргызстандын жарандары да бул бүткүл дүйнөлүк процесстин, б.а. туруктуу жашоо үчүн үчүнчү өлкөлөргө кетүүчүлөрдүн катышуучулары болуп саналат. КР мыйзамдарында бул учурда эки түшүнүк колдонулат: эмигрант жана эмиграция. Өз кезегинде Кыргызстан да туруктуу жашоого чет өлкөлүктөрдү кабыл алат. **(КРнын 2000-жылдын 17-июлундагы №61 «Тышкы миграция жөнүндө» Мыйзамы)**.

**Ички жер которгон адамдар -** куралдуу кагылышуулардын, ички башаламандыктардын, адам укуктарынын системалуу түрдө бузулушунун же табигый же адамдын ишмердигинен келип чыккан кырсыктардын натыйжасында үйлөрүн же кадимки жашаган жерин таштап кетүүгө аргасыз болгон адамдар же адамдардын топтору. эл аралык таанылган мамлекеттик чек араны кесип өткөн эмес. Бул түшүнүк гуманитардык лексикага 1990-жылдардан тарта кирген жана эл аралык укукта азырынча институционалдаштырыла элек.

Кыргызстанда 2022-жылы Тажикстан менен мамлекеттик чек арадагы куралдуу кагылышууларда миңдеген адамдар согуш аракеттери аяктаганга чейин үйлөрүн таштап, туугандарынан же бийлик уюштурган убактылуу лагерлерден убактылуу баш калка табууга аргасыз болушкан. Кыргызстандагы ички жер которгондордун катарына табигый кырсыктардын (жер көчкү, сел, суу ташкыны ж.б.) кесепетинен жабыркаган жарандар кирет. **(КР 2018-жылдын 24-майындагы №54 «Жарандык коргонуу жөнүндө» Мыйзамы).**

**Ички миграция** - адамдардын өз өлкөсүнүн чектеринде бир конуштан, шаардан, региондон экинчисине жер которуусу же көчүүсү (ички миграциянын формалары: айыл-айыл, айыл-шаар, шаар-шаар, регион-регион ж.б.). Мындай кырдаал дүйнөнүн ар кайсы өлкөсүнө мүнөздүү. Ички миграция борборго айлануучу мүнөзгө ээ болгон Кыргызстан да, б.а. калктын айылдан шаарга, өзгөчө Бишкек менен Ошко көчүп келүүсү да четте калбайт.

Айыл калкынын миграциясынын негизги себеби айыл жерлеринде жумуш орундарынын жана өнүгүү келечегинин жоктугу болуп саналат. (Ачык маалыматтар - КР Улуттук статистика комитети). Айрым ички мигранттар мажбурлап иштетүүнүн курмандыгы болушса, ички мигранттар никеге туруу максатында ала качуунун курмандыгы болушат ж. б.

## – К –

**Калкты тейлөө борборлору (КТБ)** – алардын негизги милдети "бирдиктүү терезе" системасы боюнча өлкөнүн бардык жарандарына мамлекеттик мүнөздөгү ар түрдүү кызматтарды көрсөтүү болуп саналат. КТБлар төмөнкү кызматтарды көрсөтөт:

- паспортторду, өздүк күбөлүктөрдү берүү;
- убактылуу өздүк күбөлүк берүү;
- жарандарды жашаган жери боюнча каттоо, ошондой эле каттоодон чыгаруу;
- туруктуу жашоо үчүн КР чегинен тышкары чыгууга документтерди тариздөө.

КТБга барганда жанында колдонуудагы инсандык күбөлүктүн (КРда берилген сүрөтү менен өздүгүн тастыктаган документтин) түп нускасы же КР жаранынын паспорту болушу зарыл.

КТБнын мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрүн төмөндөгү ыкма менен алууга болот:

- электрондук (мамлекеттик кызмат көрсөтүү порталынын жардамы менен);
- көп функционалдуу борборлор аркылуу (кыскартылган КФБ);
- салттуу түрдө, башкача айтканда мамлекеттик мекемеге жеке кайрылуу менен. ( "Мамлекеттик органдар, алардын түзүмдүк бөлүнүштөрү жана ведомстволук мекемелери тарабынан жеке жана юридикалык жактарга көрсөтүлүүчү мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрдүн стандарттарын бекитүү жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2014-жылдын 3-июнундагы №303 токтому) КТБларда кызмат көрсөтүү жөнүндө толук маалыматты система - E mail: **info@digital.gov.kg** боюнча көрүүгө болот.

**Камак (Арест) –** укук бузуу жасагандыгы үчүн жазанын түрү, ал укук бузуучуну ички иштер органдары тарабынан аныкталган жайларда коомдон

обочолонтуу шарттарында кармоодо турат жана жети суткага чейинки мөөнөткө колдонулат (КР Укук бузуулар жөнүндө кодексинин 33-бер.).

Камакка алынгандарды кармоо жайы санитардык ченемдерге ылайык келүүгө жана кандайдыр бир ооруларга чалдыгуу мүмкүндүгүн жокко чыгарууга тийиш.

Камак сот тарабынан укук бузуу жасалган жери боюнча, ал эми өзгөчө же согуштук абал шарттарында – комендант тарабынан колдонулат.

Камакка алуу төмөнкүлөгө колдонулбайт:

- балдарга;
- 55 жаш курагынан ашкан аялдарга;
- 60 жаш курагынан ашкан эркектерге;
- кош бойлуу аялдарга жана 3 жаш курагына чейинки баласы бар аялдарга;
- 16 жаш курагына чейинки баланы жалгыз тарбиялап жаткан жактарга;
- ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелген биринчи жана экинчи топтогу майыптыгы бар адамдарга.

Аскер кызматчыларына карата камак беш суткага чейинки мөөнөткө колдонулат, алар гауптвахтада кармалат.

Кылмыш-жаза мыйзамында үй камагына алуу бөгөт коюу чараларынын бир түрү болуп саналат, анда адам өзү жашаган жайда коомдон обочолонот. Үй камагы айыпталуучунун ары-бери эркин жүрүүсүнө байланыштуу төмөнкүдөй бир катар чектөөлөрдөн турат (КР Кылмыш-жаза процессуалдык кодексинин 113-бер.):

- турак жайынан сутка бою же сутканын белгилүү бир мезгилинде чыгып кетүүгө;
- соттун уруксатысыз административдик аймактын чегинен чыгууга;
- маалыматтык-телекоммуникациялык байланышты пайдаланууга;
- белгилүү бир адамдар менен сүйлөшүүгө;
- кат-кабар алууга жана жөнөтүүгө тыюу салынат.

Үй камагынын мөөнөтү – 2 ай. Судьянын токтомунда, айыпталуучу болуучу жер; үй камагынын мөөнөтү жана (же) айыпталуучуга карата

белгиленген тыюу салуулар жана (же) чектөөлөр көсөтүлөт, ошондой эле белгиленген чектөөлөрдүн librarysakталышын контролдоо жүктөлгөн орган жана кызмат адамы көрсөтүлөт. Эгерде айыпкер үй камагынын шарттарын бузса, ал камакка алынат.

Материалдык зыяндын жана (же) моралдык зыяндын ордун толтуруу, башка мүлктүк жаза чаралары же мүлктү мүмкүн болгон конфискациялоо бөлүгүндө өкүмдүн аткарылышын камсыз кылуу максатында шектүүнүн/айыпталуучунун мүлкүнө камак салынат. Мүлктү камакка алуу алынган мүлккө ээболуу, аны тескөө жана пайдалануу укугунан убактылуу ажыратуу үчүн колдонулат. Бул иш-чаранын негизги маңызы кылмыш-жаза процесси үчүн мааниси бар материалдык дүйнөнүн объектилерин жашырууга, бузууга, жок кылууга, трансформациялоого, ээликтен ажыратууга көмөктөшүүчү иш-аракеттерди болтурбоо үчүн шарттарды түзүү болуп саналат.

Мүлккө, анын ичинде кыймылдуу жана кыймылсыз мүлккө камак салууда протокол түзүлөт, анын көчүрмөсү мүлкүнө камак салынган адамга берилет.

Бандеролдордо, жөнөтмөлөдө же башка почта-телеграфтык жөнөтүүлөрдө же телеграммаларда же радиограммаларда жазык иши үчүн мааниси бар маалыматтар бар деп эсептөөгө жетиштүү негиздер болгон учурда, байланыш мекемелериндеги почта-телеграфтык жөнөтүүлөргө камак салуу жүргүзүлөт.

Кылмыш жазасынын бир түрү катары камакка алуу кылмыш жасаган жана соттун өкүмү боюнча соттолгон адамды коомдон катуу обочолонуп кармоо болуп саналат.

Кылмыш-жаза мыйзамдарында жазанын бир түрү катары камакка алуу белгилүү бир өзгөчөлүктөргө ээ, атап айтканда:

1) күнөөлүү адамга мамлекеттин таасир этүү чарасы катары болот жана соттун чечиминин негизинде гана колдонулат;

2) күнөөнүн милдеттүү болушун карайт жана кылмышка күнөөлүү адамга гана колдонулат;

3) белгилүү бир мөөнөткө адамдын укуктарын жана эркиндиктерин чектейт, ошондой эле күнөөлүү адамдын соттуулугун пайда кылат;

4) бул үчүн атайын бөлүнгөн жерде атайын режим менен жаза каралган (өзүнүң адвокатынан сырткары башка адамдар менен жолугуу укугунан,

жөнөтмөлөрдүн көптөөн түрлөрүн жөнөтүү жана алууга мүмкүн эместиги ж.б.).

**Кайтып келүү күбөлүгү -** жарандын өздүгүн ырастоочу жана анын жарандыгы бар өлкөгө кирүү укугун камсыз кылуучу убактылуу жол жүрүү документи. Адамга төмөнкү шарттарда берилет:

- өзүнүн паспорту пайдалануу үчүн жараксыз деп табылганда (химиялык же механикалык бузулуулар);
- паспорттун жарактуу мөөнөтү аяктаганда (арыз ээси жаңы паспорттун тариздешин күтө албаган учур);
- паспорту жок болсо (белгиленген куракка жеткенде алгачкы жолу алуу).

Бул документ негизинен адам анын жарандыгын алган өлкөнүн элчиликтери жана консулдуктары тарабынан берилет.

Кыргызстандын жарандарына кайтып келүүгө күбөлүк берүү жол-жобосу “Кыргыз Республикасына кайтып келүүгө күбөлүк жөнүндө жобону жана Кыргыз Республикасына кайтып келүүгө күбөлүктүн бланкынын сыпаттамасын бекитүү жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2020-жылдын 26-ноябрындагы №579 токтому менен жөнгө салынат. Кыргыз Республикасына кайтып келүүгө күбөлүк жөнүндө жобонун 7-пунктунда документтер кабыл алынгандан тартып 5 (беш) жумуш күндөн ашпаган мөөнөтө күбөлүктү берүү каралган, ал эми жарандын ким экендигин аныктоо үчүн кошумча убакыт талап кылынган өзгөчө учурларда кошумча 10 (он) жумуш күндөн ашпаган мөөнөткө узартылышы мүмкүн. Кыргызстанга кайтып келүүгө күбөлүктүн колдонуу мөөнөтү 30 (отуз) календардык күндү, ал эми депортацияда, экстрадицияда, реадмиссияда күбөлүктүн жарактуу мөөнөтү 60 (алтымыш) календардык күндү түзөт. Күбөлүк алуу үчүн керектүү документтердин тизмеги ушул эле Жобонун 14-пунктунда белгиленген:

- арыз;
- электрондук-санариптик форматтагы фотосүрөт (3,5x4,5 см, ак фондо).

Мындан тышкары, учурга жараша төмөнкүлөр кошумча берилет:

а) паспорт жоголгондо:

- арыз ээсинин ким экендигин идентификациялоого жана Кыргыз Республикасынын жарандыгына таандыктыгын ырастоого мүмкүндүк берүүчү документтер (жоголгон паспортунун көчүрмөсү, Кагазда же "Түндүк" мобилдик тиркемесинин жардамы менен санариптик форматта Кыргыз

Республикасынын жаранынын өздүк күбөлүгү, Кыргыз Республикасынын айдоочулук күбөлүгү, туулгандыгы тууралуу күбөлүк, аскердик билет);

- паспортту жоготуунун бардык жагдайларын жана себептерин көрсөтүү менен жазуу жүзүндө түшүндүрмө;

б) паспорт жараксыз болгон учурда:

- жараксыз болгон паспорт (паспорттун фрагменттери);

- арыз ээсинин ким экендигин идентификациялоого жана Кыргыз Республикасынын жарандыгына таандыктыгын ырастоого мүмкүндүк берүүчү документтер (жоголгон паспортунун көчүрмөсү, Кагазда же "Түндүк" мобилдик тиркемесинин жардамы менен санариптик форматта Кыргыз Республикасынын жаранынын өздүк күбөлүгү, Кыргыз Республикасынын айдоочулук күбөлүгү, туулгандыгы тууралуу күбөлүк, аскердик билет);

в) паспорттун колдонуу мөөнөтү бүткөн учурда:

- колдонуу мөөнөтү бүткөн паспорт;

г) 18 жашка чыга элек арыз ээсине тариздөө учурунда:

- жеке катышуусуз күбөлүктү тариздөөнүн жүйөөлүү себебин көрсөтүү менен ата-энесинин, асырап алуучусунун же камкорчусунун арызы;

- арыз ээсинин туулгандыгы тууралуу күбөлүгү;

- ата-энесинин, асырап алуучусунун же камкорчусунун паспортторунун көчүрмөсү - Кыргыз Республикасынын калкынын бирдиктүү мамлекеттик реестринде маалыматтар жок болгондо;

- арыз ээсинин паспортунун көчүрмөсү (бар болсо);

- асырап алуучусу же камкорчусу кайрылган учурда - бул арыз ээсине камкорчулук кылуу же аны асырап алуу тууралуу ыйгарым укуктуу органдардын чечими;

- жаран жүргөн өлкөнүн ыйгарым укуктуу органдары тарабынан күбөлөндүрүлгөн туулгандыгы тууралуу медициналык маалым кат (бир жашка чейинки балдарга);

д) арыз ээсин жүргөн өлкөсүнөн экстрадициялоодо, депортациялоодо же реадмиссиялоодо:

- арыз ээси жүргөн өлкөнүн ыйгарым укуктуу органынын күбөлүктү тариздөө тууралуу өтүнүчү менен каты;

- паспортунун көчүрмөсү.

КР Тышкы иштер министрлигинин маалыматы боюнча 2021-жылдын 6-майынан 2023-жылдын 24-апрелине чейинки мезгилде биздин өлкөнүн

дипломатиялык өкүлчүлүктөрү жана консулдук мекемелери тарабынан республикага кайтып келүүгө 55008 күбөлүк берилген.

**Кайтып келүү миграциясы** – бул, негизинен, башка өлкөдө жок дегенде бир жыл болгондон кийин өз өлкөсүнө же туруктуу жашаган жерине кайтып келген адамдын кыймылы. Бул кайтып келүү ыктыярдуу же ыктыярсыз болушу мүмкүн. Кайтып келүү миграциясы ыктыярдуу репатриация жолу менен да жүргүзүлүшү мүмкүн. Алсак, "КОВИД-19" пандемиясы учурунда бийлик тарабынан киргизилген чектөөлөрдөн улам өндүрүштөрдүн иши жабылып калгандыктан жумушунан айрылган он миңдеген кыргызстандыктар Россиядан жана дүйнөнүн башка өлкөлөрүнөн мекенине кайтууга аргасыз болушкан.

**Калкты каттоо –** кайсы мамлекет болбосун өлкөнүн калкы менен болуп жаткан процесстерди (анын санын, аймактык орун которуусун, курактык топторун, билим деңгээлин жана социалдык-экономикалык өнүгүүсүн, төрөлгөндөрдүн, өлгөндөрдүн, ажырашуулардын, никелердин жана башкалардын статистикасын) түшүнүүгө жана жөнгө салууга кызыкдар. Зарыл болгон учурдагы статистиканы мамлекеттин тиешелүү органдары беришет **(Кыргызстанда - КТБлар, аны жалпылоодон кийин КРнын Улуттук статистика комитети өзүнүн “Демографиялык жылдыгында” жарыялайт).**

Кененирек маалыматты БУУга мүчө мамлекеттерде мезгил-мезгили менен өткөрүлүүчү жалпы элди каттоолор берет, бул өлкөдөгү абалы боюнча белгилүү бир убакка бардык адамдарга же анын так чектелген бөлүгүнө тиешелүү калктын демографиялык, экономикалык жана социалдык маалыматтарын чогултуунун, жалпылоонун, талдоонун жана жарыялоонун бирдиктүү процессин билдирет. Башка каттоолор сыяктуу эле, элди каттоо аяктагандан кийин чогултулган маалыматтарды иштетүү жана жарыялоо жүргүзүлөт **(ru.m.wikipedia.org.).** Каттоонун жыйынтыгы боюнча мамлекеттер өлкөнү социалдык-экономикалык жактан өнүктүрүү боюнча чараларды пландаштырышат (билим берүү, медицина, турак-жай курулуш, өнөр жай, айыл чарба, транспорт ж.б. чөйрөлөр), 2022-жылы 25-марттан 3-апрелге чейин Кыргызстанда кезектеги жалпы улуттук элди жана турак-жай фондун каттоо өткөрүлгөн, 2022-жылдын 1-августуна карата республиканын калкынын саны 6 миллион 977 миң адамды түзгөн, Быйылкы жылы республикада жети миллионунчу КРдин жараны катталган, 2022-2024-жылдардагы каттоонун бардык маалыматтарын иштетүү аяктагандан кийин

анын жыйынтыктары кеңири коомчулукка көрсөтүлөт **(Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитети. www.stat.kg).**

**“Кара тизме” -** өлкөгө киргизилбеши же келгенден кийин камакка алынышы керек болгон адамдардын расмий мамлекеттик (адатта, бирок милдеттүү эмес, автоматташтырылган) тизмеси. “Кара тизме” (“издөөдө жүргөн адамдардын тизмеси”), негизи, бардык укук коргоо, чалгындоо жана миграция кызматтары тартылган ведомстволор аралык долбоор болуп эсептелет. Электрондук же кол жазма түрүндөгү “кара тизме” консулдук жана чек ара кызматтарынын кызматкерлери тарабынан виза берүү же кимдир бирөөнүн өлкөгө кирүүсүнө уруксат берүү жөнүндө чечим кабыл алууда үзгүлтүксүз текшерилип турат. Кыргыз Республикасынын Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министрлигине караштуу Жарандарды чет өлкөлөрдө ишке орноштуруу борбору (ЖЧИОБ) “кара тизмеден” Кыргыз Республикасынын жарандарына Россия Федерациясына кирүүгө убактылуу тыюу салынгандыгын текшерүү боюнча маалыматтык-маалымдама иштерин туруктуу негизде жүргүзүп турат.

Өзүн “кара тизмеден” өз алдынча онлайн режиминде текшерсе болот:

- - ЖЧИОБдун сайтында (www.migrant.kg);

- Бишкек ш., Токтогул көч., 237 дареги боюнча (Жаш Гвардия бульвары менен кесилишет) ЖЧИОБго кайрылып;

- Ош шаары, Ленин көчөсү, 221 дареги боюнча ЖЧИОБго кайрылып.

**Качкындар -** мыйзамсыз, эмгек, интеллектуалдык багыт, миграция ж.б. менен катар адамдардын эл аралык жүрүшүнүн бир түрү. Качкындардын чыгып кеткен өлкөлөрү, башкача айтканда, саясий, расалык, идеялык жана башка себептерден улам өз өлкөсүндө куугунтукталган адамдар – бул туруксуз саясий режими, депрессиялык экономикасы, ички чыр-чатактары бар мамлекеттер. Качкындарды кабыл алуучу өлкөлөр өнүккөн мамлекеттер болот. XXI кылымдагы качкындар – бул эл аралык коргоого муктаж адамдардын эбегейсиз массасы. Бириккен Улуттар Уюмунун Качкындар боюнча Жогорку комиссарынын Башкармалыгынын (БУУ КЖБ) маалыматы боюнча, Украинадагы согуштук жаңжал 2022-жылы дүйнөдө качкындардын саны биринчи жолу 100 миллиондон ашканына алып **келди (UNHCR: Global displacement hits another record, capping decade –long rising trend 16 June 2022).** Качкындар маселеси байыркы дүйнөдөн бери уланып келе жаткан узун

тарыхка ээ, адамдар өз өмүрүн куугунтуктан сактап калуу үчүн ар кандай башпаанек издешкен. Орто кылымдарда Европада папалар чиркөөнүн башпаанек укугун көрүстөндөргө, монастырларга, епископтордун үйлөрүнө жана чиркөөнүн зекетканаларына жайылтышкан. Кийинки мезгилде баш калкалоо укугу, мисалы, Улуу Француз революциясынын жылдарында дворяндык же диний тектүү эмигранттар тарабынан активдүү колдонулган. Бирок дүйнөдөгү саясий башпаанек качкындарга ишенимдүү эл аралык коргоону бере турган так аныктамасы жок болчу. Бирок, дүйнөдөгү саясий башпаанек качкындарды эл аралык ишенимдүү коргоону камсыздай турган өзүнүн так аныктамасына ээ болгон эмес.

Бул Биринчи дүйнөлүк согуш аяктагандан кийин, Париж тынчтык конференциясы биринчи универсалдуу өкмөттөр аралык уюмду - Улуттар Лигасын (1920-1946) түзгөндөн кийин гана болгон, анын негизги милдети куралсыздануу, аскердик чыр-чатактарга бөгөт коюу ж.б., болуу менен катар жол жүрүү документтери жок дүйнө жүзү боюнча эркин жүрө албаган орус, армян, Ассирия жана немис качкындарынын тагдырлары да болгон. Качкындар маселеси боюнча жалпысынан 7 документ кабыл алынып, анын аркасында эл аралык укукта биринчи жолу "качкын" деген юридикалык түшүнүк пайда болду (1922-жылдын 5-июлундагы жана 1924-жылдын 31-майындагы макулдашууга толуктоолорду жана өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө Орус жана армян качкындарынын өздүгүн тастыктаган күбөлүктөрдү берүү жөнүндө Макулдашуу) **(hrlibrary.umn.edu).**

Качкындардын арасында Россиядагы "актардын кыймылынын" катышуучулары, Армениядагы түрк кыргынынын курмандыктары, немис антифашисттери жана башкалар болгон. Алардын көйгөйүн 1922-жылы Улуттар Лигасынын Качкындардын маселелери боюнча комиссары, белгилүү норвегиялык окумуштуу Фритьоф Нансен чечкен. Комиссардын ойлоп тапкан эмгеги - Нансен паспорту деп аталган - болжол менен 450 миң адам алган, 30-жылдары бул паспортту дүйнөнүн 50дөн ашык өлкөсү тааныган. Экинчи дүйнөлүк согуштан кийин качкындардын саны өтө өксөндүгү белгилүү. Бул маанилүү милдет улуттар Лигасын ушул сапаттарын өзүнө алып алмаштырган БУУнун мойнуна жүктөлдү. Документтин преамбуласында БУУ качкындардын тагдырына бир нече жолу терең кызыгуу көрсөткөнү, буга байланыштуу БУУ качкындардын статусу жөнүндө мурда түзүлгөн эл аралык келишимдерди кайра карап чыгууга жана бириктирүүгө жана бул келишимдерди колдонуу чөйрөсүн кеңейтүүгө милдеттенгени баса

белгиленди. Конвенция баарынан мурда «качкын» түшүнүгүнө аныктама берген, башкача айтканда, адам төмөнкү учурларда качкын катары каралган:

1) 1926-жылдын 12-майындагы жана 1928-жылдын 30-июнундагы Макулдашууларга же 1933-жылдын 28-октябрындагы жана 1938-жылдын 10-февралындагы Конвенцияларга, 1939-жылдын 14-сентябрындагы Протоколго же Качкындардын иши боюнча эл аралык уюмдун Уставына ылайык качкын катары каралган; Качкындардын иштери боюнча эл аралык уюм иштеп жаткан мезгилде чыгарган качкындар деп эсептелүүдөн баш тартуу жөнүндө токтомдор качкын статусу ушул бөлүмдүн 2-пунктунда белгиленген шарттарды канааттандырган адамдарга берилишине тоскоолдук кылбайт;

2) 1951-жылдын 1-январына чейинки болуп өткөн окуялардын натыйжасында жана негиздүү кооптонуулардан улам;

3) расасына, динине, жарандыгына, белгилүү бир социалдык топко таандык экендигине же саясий ишенимдерине карата куугунтуктоонун курмандыгы болсо, өзүнүн жарандыгы болгон өлкөдөн сырткары жүрсө жана ошол өлкөдөн коргоо укуктарын пайдалана албаса же мындай коркуулардан улам коргонуу укуктарын пайдаланууну каалабаса.

Конвенцияда качкындарга тиешелүү болгон бир катар ар кандай негизги жоболордун түшүнүктөрү берилет. **(Качкындардын статусу жөнүндө Конвенция. Ал Башкы Ассамблеянын 1950-жылдын 14-декабрындагы 429-резолюциясына ылайык чакырылган качкындардын жана апатриддердин статусу жөнүндө маселе боюнча ыйгарым укуктуу өкүлдөрдүн конференциясы тарабынан 1951-жылдын 28-июлунда кабыл алынган).** Мында, Конвенция согуштан кийинки качкындардын көйгөйлөрүн чечүү үчүн күчтүү укуктук базаны түздү.

Белгилей кетсек, БУУга мүчө мамлекеттер тиешелүү улуттук мыйзамдарды иштеп чыгууда БУУнун “качкын” түшүнүгүнүн аныктамасын негиз катары алышкан.

1967-жылы, 1951-жылдагы Конвенция 1951-жылдын 1-январына чейин болгон окуялардын натыйжасында качкын болуп калган адамдарга гана тиешелүү болгондугун эске алуу менен, ага камтылбаган качкындарды эл аралык коргоону камсыз кылуу зарылчылыгы келип чыккан. Бул маселелерди 1967-жылдагы **Нью-Йорктук Протокол чечкен. (Качкындар статусуна тиешелүү протокол. 1967-жылдын 31-январында кабыл алынган). Кыргызстан БУУнун 1951-жылдагы "Качкындардын статусу" жөнүндө Женева конвенциясына жана 1967-жылдагы Нью-Йорк протоколуна**

**1996-жылы кошулган,** ага ылайык качкындарды кабыл алган. Кыргыз Республикасы өзүнүн эгемендүүлүгүнүн бардык мезгилинде ар кандай ченемдик укуктук актыларды, анын ичинде эл аралык документтерди, Кыргыз Республикасынын Конституциясын, 1993-жылдын 14-декабрындагы «Чет өлкөлүк жарандардын укуктук абалы жөнүндө», 2000-жылдын 17-июлундагы «Тышкы миграция жөнүндө», 2002-жылдын 25-мартындагы «Качкындар жөнүндө» ж.б., Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын жетекчиликке алып, 20 миң качкын кабыл алынган. Ошону менен бирге Кыргыз Республикасы качкындардын көйгөйлөрүн узак мөөнөттүү чечүү боюнча чараларды көрдү, анын ичинде качкындарды мекенине ыктыярдуу түрдө репатриациялоого көмөктөшүү; качкындарды жергиликтүү коомчулукка интеграциялоого жардам көрсөтүү; үчүнчү өлкөлөргө көчүп келүү мүмкүнчүлүгүн берүү; баш калка издеген адамдардын массалык агымы болгон учурда көйгөйлөрдү чечүү.

Акыркы жылдары Кыргыз Республикасынын аймагында качкындардын саны туруктуу азайганы байкалууда. 2023-жылдын 1-февралына карата Кыргызстандагы качкындардын саны 150 адамды түзгөн (оогандыктар, сириялыктар, башка өлкөлөрдөн келгендер). Республикада баш паанек издеген адамдардын саны 680 адамды түзөт (Кыргыз Республикасынын Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министрлигинин Миграция маселелери боюнча башкармалыгынын учурдагы архиви).

**Киберкылмыштуулук** - криминалдык ишмердиктин үч түрүнө карата колдонулган термин. Биринчиден, ал кылмыштын салттуу формаларын камтыйт; экинчиден, мыйзамсыз мазмундагы маалыматтарды электрондук ресурстарга жайгаштырууга тиешелүү; үчүнчүдөн, электрондук тармактарга гана тиешелүү кылмыштарды камтыйт, мисалы, маалыматтык системаларга кол салуу, тейлөөдөн баш тартуу жана хакерлик. Бул мааниде негизги кылмыштарга, мисалы, Евробиримдиктин укугу жана мүчө мамлекеттердин улуттук мыйзамдары төмөнкү жосундарды камтыйт: - жеке жашоого таасир этүүчү кылмыштар: жеке маалыматтарды мыйзамсыз чогултуу, сактоо, өзгөртүү, ачуу же жайылтуу; – маалыматтын мазмунуна байланыштуу кылмыштар: порнографияны, атап айтканда, балдар порнографиясын, расисттик билдирүүлөрдү жана зомбулукка үндөгөн маалыматтарды таратуу; – экономикалык кылмыштар, санкцияланбаган мүмкүнчүлүк алуу жана саботаж: системаларды мыйзамсыз пайдалануу (б. а. хакердик, компьютердик диверсия, вирустарды жайылтуу, компьютердик тыңчылык, компьютердик

маалыматтарды бурмалоо, компьютердик алдамчылык); - интеллектуалдык менчик чөйрөсүндөгү кылмыштар: компьютердик программаларды жана маалымат базаларын, автордук жана чектеш укуктарды укуктук жактан коргоону **(Окуу колдонмо, Киютин В.Г., Новиков А. П.: « Кибер кылмыштуулукка, кибертерроризмге жана адамдардын трафигине каршы күрөшүүнү укуктук жөнгө салуу: Европа Биримдигинин тажрыйбасы ». Бишкек- Москва, 2010).**

**Кош тилдүүлүк (Билингвизм)** - бул эки тилде (эне тилде жана башка тилде) эркин сүйлөө жана алардын күнүмдүк турмушта, анын ичинде ар кандай билим берүү жана тарбия берүү мекемелеринде (бала бакчаларда, мектептерде, колледждерде, ЖОЖдордо) окуу процессинде, жумушта, үйдө ж.б. кеңири колдонулушу. Кош тилдүүлүк мурдагы советтик республикаларда, анын ичинде Кыргызстанда кеңири таралган. Биздин республикадагы кош тилдүүлүк, эреже катары, мамлекеттик тил катары кыргыз тилин, расмий жана улут аралык баарлашуу тил катары орус тилин билүү болуп саналат. Баса, кыргыз тилин билүү мамлекеттик кызматта кандайдыр бир кызматты ээлөөнүн милдеттүү шарты болуп саналат. (КР "Мамлекеттик тили жөнүндө" Мыйзамы (КРнын 2009-жылдын 8-декабрындагы №307, 2010-жылдын 21-январындагы №8, 2011-жылдын 6-октябрындагы № 165, 2013-жылдын 25-февралындагы №33, 2015-жылдын 23-июнундагы №135 Мыйзамдарынын редакциясында, КРнын "Мамлекеттик тили жөнүндө" конституциялык Мыйзамы 2023-жылдын 17-июлу); КРнын 2000-жылдын 29-майындагы №52 «Кыргыз Республикасынын расмий тили жөнүндө» Мыйзамы (КРнын 2008-жылдын 28-июлундагы №170, 2013-жылдын 25-февралындагы №33 Мыйзамдарынын редакциясында).

**Коштоосуз жүргөн жашы жете элек** – бул түшүнүк 5 жаштан 18 жашка чейинки курактагы жүргүнчүнүн орун которуусу зарыл болгон учурда (туристтик максатта, ооруп калганда, үй-бүлөнү бириктирүү үчүн ж.б.) колдонулат. Башкача айтканда, бала ата-энеси же аларды түздөн-түз алмаштыруучу адамдары (асырап алуучулар, камкорчулар, көзөмөлчүлөр, багып алуучу ата-энелер) жок болгон учурда аба каттамын жасайт. Мында, коштоосуз жүргөн жашы жете элек бала учуу коопсуздугу, учуу учурунда зарыл кам көрүү жана камкордук менен камсыз болууга тийиш. Коштоосуз жүргөн балдарга ата-энеси же асырап алуучусу «Коштоосуз жүргөң баланы

ташуу келишимин» толтургандан жана кол койгондон кийин гана учууга уруксат берилет, ал Келишимди учуу аэропортунан авиакомпаниянын өкүлүнөн алууга болот. Коштоосуз жүргөн балдардын учуусу каттамдын бардык тилкелеринде тастыкталган авиабилет менен гана мүмкүн болот. Баланы аэропортко коштоп барган адамдар чек аралык контролдон жана атайын контролдон өтүү аяктаганга чейин (мүмкүн болушунча рейс учканга чейин) аэропортто болууга милдеттүү. Учуу аэропортундагы авиакомпаниянын кызматкери учакка отурганга чейин баланы дайыма көзөмөлдөп турат. Келүү аэропортундагы авиакомпаниянын кызматкери, келген рейсте коштоосуз жүргөн баланы тейлөө үчүн төмөнкүлөргө жооптуу:

- баланы коштоп жүрөт жана чек ара контролунан кезексиз өтүүнү уюштурат, зарыл болгон учурда бажы декларациясын толтурууга, багажды алууга, бажы контролунан өтүүгө жардам көрсөтөт;

- баланы «Ташуудга арызда» көрсөтүлгөн тосуп алуучу адамга өткөрүп берет.

Эгерде бала 5 жашка чыга элек болсо, анда коопсуздук үчүн ага коштоосуз учууга тыюу салынат. 6 жаштан 12 жашка чейинки баланы эгерде аны 18 жаштан улуу жүргүнчү коштоп жүрбөсө, коштоосуз жашы жете элек бала катары каттоо милдеттүү. **(КРнын 2012-жылдын 10-июлундагы №100 Балдар жөнүндө кодекси, КРнын 2017-жылдын 27-апрелиндеги №64, 2018-жылдын 30-мартындагы №33, 2019-жылдын 24-апрелиндеги №56, 2020-жылдын 1-августундагы №109 мыйзамдарынын редакциясында).**

**Күнөөсүздүк презумпциясы** – кылмыш-жаза сот өндүрүшүнүн азыркы дүйнөдө базалык жана таанылган принциби, ага ылайык мыйзамдуу күчүнө кирген сот өкүмү гана болбосо, эч ким кылмыш жасагандыгы үчүн күнөөлүү деп таанылбайт жана кылмыш жазасына тартылбайт. Бул принцип биринчи жолу Францияда пайда болгон деп эсептелет жана Улуу Француз революциясынын эң маанилүү документинде - Улуттук уюмдаштыруучу жыйыны тарабынан 1789-жылдын 26-августунда кабыл алынган Адам жана жарандын укуктарынын декларациясында бекемделген. **(ru.m.wikipedia.org).**

Кайсы бир адамдын кылмыш жасоодо күнөөсүн далилдөө жүгү мамлекеттик айыптоочуга жүктөлөрү жалпыга таанылган. Муну менен бирге, адамдын далилденбеген күнөөсү юридикалык жактан далилденген күнөөсүздүгүнө барабар, башкача айтканда ал үчүн эч кандай терс укуктук

кесепеттерди алып келбейт. Биздин республикада «күнөөсүздүк презумпциясы» принциби мыйзам менен бекемделген **(караңыз: КР Конституциясынын 26-беренеси, КР Кылмыш-жаза кодексинин 5-беренеси, 28-октябрь, 2021-жыл).**

**Кылмыш-жаза укуктарын гумандаштыруу** - дүйнөнүн көптөгөн өлкөлөрүндө азыркы жазык мыйзамынын маанилүү тенденциясы аны жеңилдетүү, гумандаштыруу болуп саналат. Буга бир нече факторлор өбөлгө түзүүдө. Биринчиден, адамзаттын жашоосунун дээрлик бардык чөйрөлөрүн (экономика, соода, маданият, билим берүү, транспорт, каржы ж. б.), ошондой эле дүйнөнүн көпчүлүк же жок дегенде бардык аймактарын камтыган глобалдашуу; экинчиден, биздин көз алдыбызда болуп жаткан илимий-техникалык өзгөрүүлөр, техникадагы жана технологиядагы тынымсыз өзгөрүүлөр, алар, чындыгында, эч кандай чек араны билишпейт, эч кандай чек араны таанығбайт, миллиондогон жолдор менен өз жолун бузуп жатышат, ал жерде дагы деле болсо күнүмдүк жана көп жылдык жаңы нерсени кабыл албоочулук бар; үчүнчүдөн, көптөгөн өлкөлөрдө жарыяланган демократиялык жана гумандуулук принциптерди андан ары өнүктүрүү жана ишке ашыруу зарылдыгы. **(Дубровина Е.С. Коомдук өнүгүү тенденциясы катары кылмыш-жаза укуктарын гумандаштыруу. Москва мамлекеттик университетинин жарчысы. Юриспруденция сериясы. 2018. №4. 162-б.//ceberltnink.ru**).

Ошондой эле акыркы он жылдыктарда ааламдашуу шартында эл аралык укуктун ченемдери улуттук укуктук системага кирип кеткени белгилүү. Мындай кырдаалдын айкын мисалы, адам укуктарын коргоо жана сактоо сыяктуу назик коомдук чөйрөдөгү укук ченемдерин гумандаштыруу болуп саналат. Бүгүнкү күндө бул баалуулуктар заманбап мамлекеттердин басымдуу саны катары таанылууда. Тескерисинче, аларды четке кагуу, көрмөксөн болуу кайсы бир мамлекетти эл аралык мамилелердеги саясий жана моралдык-этикалык аутсайдерге айландырат. Азыркы мамлекеттин Кылмыш-жаза-укуктук саясаты - кылмыштуулукка каршы аракеттенүүнүн, жеке инсандын, ар кандай социалдык топтордун, ал тургай бүтүндөй коомдун базалык баалуулуктарын жана принциптерин коргоонун маанилүү натыйжалуу куралы. Ошондуктан, адам укуктары жана эркиндиктери принцибинин мазмунун ар кандай көз караштан кароого болот: философиялык, юридикалык жана тарыхый.

Бул жалпы адамзаттык принциптердин өнүгүүсү - прогрессивдүү тарыхый процесстин жемиши. Албетте, кылмыш-жаза укуктарын жана бүтүндөй кылмыш-жаза сот өндүрүшүн гумандаштыруу маселесин карап жатканда, адамдын кызыкчылыктарын, анын укуктарын жана эркиндиктерин, анын жеке өзгөчөлүктөрүн, анын ичинде кылмыш-жаза жазаларын дайындоодо эске алуу керек. Кылмыш-жаза укуктарын гумандаштыруу процесси төмөнкү багыттарга таасирин тийгизет: 1. кылмыш-жаза укугунун алкагында инсандын укуктук абалын жакшыртуу; 2. кылмыштардын айрым түрлөрүн декриминалдаштыруу; 3. кылмыш-жаза системасын өркүндөтүү жана жеңилдетүү, кылмыш-жаза-аткаруу ченемдерин модернизациялоо. Укук таануучулардын жана кылмыш-жаза укугу боюнча адистердин жалпы пикири төмөнкүдөй позицияга келет: кылмыш-жаза мыйзамдары гумандуу, бирок катаал бойдон калууга тийиш. Тактап айтканда, бул маселе КРнын Кылмыш-жаза кодексинин беренесинде төмөнкүдөй түшүндүрүлөт: «Кылмыш жасаган адамга сот түзөтүү, кайра социалдаштыруу жана жаңы кылмыштарды жасашын алдын алуу максатында, ошондой эле социалдык адилеттүүлүктү калыбына келтирүү максатында зарыл жана жетиштүү жазаны дайындайт. Жаза жана кылмыш-жаза-укуктук таасир этүүнүн башка чаралары дене бойго зыян алып келбеши же адамдын кадыр-баркын кемсинтпеши керек (9-берене - Гуманизм принциби жана 10-берене - Кылмыш жоопкерчилигинен кутулбоо принциби.)».

Кыргыз Республикасынын кылмыш-жаза укуктарын гумандаштыруунун мисалы катары **Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 10-мартындагы № 29 "Жазык мыйзамдары чөйрөсүндөгү айрым мыйзам актыларына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө" Мыйзамын** айтса болот, анын 59-беренесинде: "Жазык-жаза жоопкерчилигинен адам ушул Кодексте каралган жосун үчүн кылмыш-жаза жоопкерчилигин жокко чыгарган мыйзам күчүнө кирген күнү кылмыш-жаза жоопкерчилигинен бошотулат" деп айтылат.

**КР мамлекеттик чек арасынан өтүүнүн визасыз режими -** дүйнөнүн көпчүлүк өлкөлөрү өздөрүнүн мамлекеттик чек араларынан өтүүнүн, кирүү/чыгуу, болуу жана өз аймагы боюнча жүрүүнүн, чет өлкөлүк жарандар жана жарандыгы жок адамдар үчүн транзиттик өтүүнүн тийиштүү режимин карайт. Бул үчүн өз өлкөсүнүн компетенттүү мамлекеттик органдары тарабынан берилген жарактуу жол жүрүү документин көрсөтүү гана керек. Мындай режим кирген өлкөнүн миграциялык мыйзамдарын бузуу

тобокелдиги жок болгон учурда колдонулат, мисалы, мыйзамдуу түрдө өлкөгө кирүү мүмкүнчүлүгү жок, өнүкпөгөн өлкөлөрдүн жарандары көбүнчө мыйзамсыз жашаган статусуна өтүү, жер которуу, мыйзамсыз жумушка орношуу ж.б. менен кайрылышат. Визасыз өтүү режимин Европа, АКШ, Канада, Австралия, Жаңы Зеландия жана башка жогорку өнүккөн мамлекеттердин жарандары өз ара негизде пайдаланышат. Өз ара негизде визасыз режимден ЕАЭБге мүчө өлкөлөрдүн (Россия, Беларусь, Казакстан, Кыргызстан жана Армения), ошондой эле Грузия, Азербайжан, Молдова ж.б жарандары пайдаланышат. Мындан тышкары, Кыргызстанга инвестиция жана туризм максатында ФРГ, Япония жана Бельгия, Нидерланды, Ватикан ж.б., жогорку өнүккөн мамлекеттердин жарандары визасыз тартипте кире алышат. Бардыгы болуп 44 мамлекет бар. **(«Айрым мамлекеттердин жарандары үчүн 60 күнгө чейинки мөөнөткө визасыз режим киргизүү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамы. КРга визасыз режимде кирнн бардык учурларын тмнкдн карагыла: mfa.kg. https://mfa.kg › citizens-no-visa-needed-2_**

**Кыргыз Республикасынын аймагына келүүчү чет өлкөлүк жарандарды жана жарандыгы жок адамдарды каттоо** – чет өлкөлүк жарандарды жана жарандыгы жок адамдарды эсепке алуу максатында өлкөнүн мыйзамдарында каралган жол-жобо **(«Тышкы миграция жөнүндө» Кыргыз Республикасынын 2000-жылдын 17-июлунан №61 Мыйзамынын 8-12-беренелери жана «Кыргыз Республикасынын аймагында чет өлкөлүк жарандарды жана жарандыгы жок адамдарды каттоо маселелери жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2016-жылдын 19-декабрындагы №689 токтому).**

Бардык чет өлкөлүк жарандар жана жарандыгы жок адамдар катталууга тийиш. Бирок, ар кандай категориядагы адамдар үчүн ар кандай жол-жоболор каралган. Алсак, өзгөчө статусу Кыргыз Республикасы тарабынан таанылган атайын эл аралык коргоодон пайдаланган чет өлкөлүк жарандар, атап айтканда:

1) Кыргыз Республикасында катталган чет өлкөлүк дипломатиялык өкүлчүлүктөрдүн жана консулдук мекемелердин башчылары, дипломатиялык кызматтын мүчөлөрү, консулдук кызмат адамдары, дипломатиялык өкүлчүлүктөрдүн жана консулдук мекемелердин администрациялык-техникалык кызматынын жана тейлөө кызматынын мүчөлөрү, ошондой эле

эгерде алар аталган өкүлчүлүктөрдүн жана мекемелердин аймагында жашаса, дипломатиялык өкүлчүлүктөрдүн жана консулдук мекемелердин үй-бүлө мүчөлөрү жана меймандары;

2) Кыргыз Республикасына кызматтык иштери менен келишкен жана дипломатиялык же кызматтык паспорттору бар чет мамлекеттердин ведомстволорунун кызматкерлери жана алардын үй - бүлө мүчөлөрү;

3) Кыргыз Республикасына кызматтык иштери менен келишкен эл аралык уюмдардын кызмат адамдары, аталган уюмдардын Кыргыз Республикасындагы өкүлчүлүктөрүнүн кызматкерлери, ошондой эле Кыргыз Республикасында штаб - квартирасы бар эл аралык уюмдардагы өкүлчүлүктөрү бар өлкөлөрдүн өкүлчүлүктөрүнүн бул уюмдардын уставдык документтерине же тийиштүү эл аралык келишимдерге ылайык артыкчылыктардан жана иммунитеттерден пайдаланышкан кызматкерлери, алардын үй - бүлө мүчөлөрү.

Алардын бардыгы өлкөнүн тышкы иштер министрлигинен каттоодон өтүшөт, ал жактан атайын аккредитациялык карточкалар алышат же алардын паспортторунда каттоо жөнүндө жазуу жүргүзүлөт.

Башка чет өлкөлүк жарандар жана жарандыгы жок адамдар Кыргыз Республикасынын Санариптик өнүктүрүү министрлигине караштуу Калкты каттоо департаментинин паспорттоштуруу жана калкты каттоо бөлүмдөрүнөн (КТБлар) каттоодон өтүшү керек.

Чет өлкөлүк жаран же жарандыгы жок адам, эгерде анын даректүү өлкөсү «Кыргыз Республикасына келген чет өлкөлүк жарандарды жана жарандыгы жок адамдарды турган жери боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдарда, ошондой эле мейманканаларда каттоодон бошотуунун мөөнөтү көрсөтүлгөн чет мамлекеттердин тизмегине» киргизилбесе Кыргызстандын аймагына келгенден кийин беш күндүн ичинде каттоодон өтүүгө тийиш. Бул тизмеге киргизилген өлкөлөрдүн жарандары 10дон 90го чейинки календардык күндүк мөөнөткө каттоодон өтүүдөн бошотулат.

Россия Федерациясынын, Казакстан Республикасынын, Тажикстан Республикасынын, Армения Республикасынын, Беларусь Республикасынын, Грузиянын, Азербайжан Республикасынын, Молдова Республикасынын, Вьетнам Социалисттик Республикасынын, Куба Республикасынын жана Корея Элдик-Демократиялык Республикасынын жарандарын каттоо аймагында

болуу максатына жараша каттоону андан ары узартуу укугу менен алты айдан ашпаган мөөнөткө жүргүзүлөт.

Чет өлкөлүк жарандарды жана жарандыгы жок адамдарды каттоо Кыргыз Республикасынын аймагында каттоосуз жүрүүгө мүмкүндүк берген акыркы күндөн кечиктирилбестен жүзөгө ашырылат.

Каттоону алуу үчүн чакырган тарап документтердин топтомун көрсөтүшү керек. Эгерде чет өлкөлүк жаранды же жарандыгы жок адамды жеке жак чакырса, анда төмөндөгүлөр талап кылынат:

- чет өлкөлүк жарандын же жарандыгы жок адамдын КТБнын кызматкери тарабынан тариздел үүчү арызы;

- кабыл алуучу тараптын өтүнүчү. Кабыл алуучу тарап катары Кыргыз Республикасынын жарандары, туруктуу жашоого укугуна жана/же менчик турак жайга ээ болгон чет өлкөлүк жарандар жана жарандыгы жок адамдар боло алышат;

- чет өлкөлүк жарандын же жарандыгы жок адамдын паспорту же колдонуудагы тийиштүү визасы бар өздүгүн күбөлөндүргөн башка документ;

- Кыргыз Республикасынын жаранынын паспорту, кабыл алуучу тарап болуп саналган чет өлкөлүк жарандын же жарандыгы жок адамдын жашап турууга туруктуу уруксаты;

- мамлекеттик алымдын төлөнгөндүгү жөнүндө дүмүрчөк.

Эгерде чет өлкөлүк жаранды же жарандыгы жок адамды юридикалык жак чакырса, анда төмөнкү документтер берилет:

- кабыл алуучу тараптын өтүнүчү;

- чет өлкөлүк жарандын же жарандыгы жок адамдын паспорту же колдонуудагы тийиштүү визасы бар өздүгүн күбөлөндүргөн башка документ;

- мамлекеттик алымдын төлөнгөндүгү жөнүндө дүмүрчөк.

Чет өлкөлүк жарандардын жана жарандыгы жок адамдардын ар кандай категорияларын каттоо үчүн зарыл болгон документтердин толугураак тизмеси Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2016-жылдын 19-декабрындагы №680 токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасынын аймагында чет өлкөлүк жарандарды жана жарандыгы жок адамдарды каттоо тартибинин 14-19-пункттарында камтылган.

Каттоодон өтүүдөн баш тартуу административдик укук бузуу болуп саналат, анда чет өлкөлүк жарандар биздин республиканын чегинен тышкары чыгарылууга тийиш. Бул жарандарды чакырган адамдарга Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 28-октябрындагы №128 Укук бузуулар

жөнүндө кодексинин 430-беренесине ылайык жеке жактарга 10 эсептик көрсөткүчтүн өлчөмүндө, юридикалык жактарга 50 эсептик көрсөткүчтүн өлчөмүндө айып салынат.

КРнын аймагында каттоого туруудан бошотулгандар:

1) чет өлкөлөрдүн мамлекет жана өкмөт башчылары, Кыргыз Республикасынын Президентинин, Жогорку Кеңешинин жана Министрлер Кабинетинин чакыруусу боюнча Кыргыз Республикасына келген мамлекеттик, парламенттик жана өкмөттүк делегациялардын мүчөлөрү, бул делегациялардын администрациялык-техникалык персоналы, саналып өткөн адамдардын үй-бүлө мүчөлөрү;

2) Кыргыз Республикасына белгиленген тартипте келген чет өлкөлүк аскердик самолеттордун экипаж мүчөлөрү. Аскердик самолеттордун экипаждарынын мүчөлөрүнүн Кыргыз Республикасынын аймагы боюнча жүрүүсү келген аскердик самолетторду кабыл алуу планына ылайык жүзөгө ашырылат;

3) эл аралык авиалиниялардын жарандык аба кемелеринин экипаждарынын курамына кирген адамдар, - колдонуудагы жүрүү ырааттамасында көрсөтүлгөн аэропорттордо болгон учурда;

4) «Чет өлкөлүк жарандарга «Санариптик көчмөн» («Digital nomad») статусун ыйгаруу боюнча пилоттук долбоорду өткөрүү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 18-августундагы №464 токтомуна ылайык 12 айга чейинки мөөнөткө санариптик көчмөн визасын алган адамдар.

**Кыргыз Республикасынын жарандарынын республиканын аймагында жүрүү жана жашаган жерин тандоо эркиндиги** - Кыргыз Республикасынын жаранына Кыргыз Республикасынын Конституциясы (31-берене), ошондой эле “Ички миграция жөнүндө” Кыргыз Республикасынын 2002-жылдын 30-июлундагы №133 Мыйзамы менен кепилденген. Жашаган жерин тандоо, өлкө ичинде жүрүү, ошондой эле анын чегинен чыгып, кайра кайтып келүү укугун билдирет. Бул укуктар белгилүү бир шарттарда гана чектелиши мүмкүн. Мисалы, “Ички миграция жөнүндө” Кыргыз Республикасынын 2002-жылдын 30-июлундагы №133 Мыйзамынын 7-беренеси ыктыярсыз жер которуу (көчүрүү) мүмкүндүгүн тааныйт:

- эгерде мында зарылдык жарандардын коопсуздугун камсыз кылуунун талаптары же согуштук мүнөздөгү өтө зарыл себептер менен шартталбаса, куралдуу кагылыштын учурунда;

- администрациялык-аймактык бирдиктеги калктын эң маанилүү жана артыкчылыктуу кызыкчылыктарынын көз карашынан алганда өзүн актабаган социалдык-экономикалык өнүгүү жаатындагы кеңири масштабдагы долбоорлорду жүзөгө ашыруу учурларында;

- эгерде коопсуздуктарын жана саламаттыктарын сактоону камсыз кылуу боюнча тийиштүү жарандарды эвакуациялоонун зарылдыгы жок болсо, табигый кырсык убагында.

Мындай учурлардагы ыктыярдуу эмес жер которуу ушул жагдайлардын кесепеттерин жоюу үчүн убакыт талап кылынганга чейин гана созулушу мүмкүн.

"Ички миграция жөнүндө" Кыргыз Республикасынын 2002-жылдын 30-июлундагы №133 Мыйзамынын 8-беренеси жер которуу жана орун тандоо укугу мамлекеттик коопсуздук жана коомдук тартипти, калктын саламаттыгын сактоо кызыкчылыгында чектелиши мүмкүн болгон учурларды көрсөтөт:

- чек ара зонасында;

- жабык аскер шаарчаларында;

- жабык администрациялык-аймактык түзүлүштөрдө;

- экологиялык кырсык жана табигый (техногендик) кыйроо коркунучу туулган зоналарда;

- массалык жугуштуу оорулардын таралышына жана адамдардын ууланышына коркунуч туулгандыктан улам калктын жашоосунун жана чарбалык иштин өзгөчө шарттары жана тартиби киргизилген айрым аймактарда жана калктуу конуштарда;

- өзгөчө же согуштук абал киргизилген аймактарда.

Кыргыз Республикасынын 2002-жылдын 30-июлундагы №133 «Ички миграция жөнүндө» Мыйзамынын 9-беренеси мамлекеттин жарандардын өздөрүнүн укуктары менен эркиндиктерин ишке ашырышы, аларды башка жарандардын, мамлекеттин жана коомдун алдындагы милдеттерин аткарышы үчүн зарыл шарттарды камсыз кылышы, ошондой эле ички жер которууну жөнгө салуу максатында бардык жарандарды Кыргыз Республикасынын чегинде жашаган жана турган жери боюнча катталууга милдеттендирет.

Чет өлкөлүк жарандар жана жарандыгы жок адамдар Кыргызстанда мыйзамдуу негизде жүрсө жана ички миграция жөнүндө мыйзамдарды

сакташса, аларга республиканын аймагында жүрүү жана жашаган жерин тандоо эркиндиги толук өлчөмдө кепилденет.

**Кыргыз Республикасына кирүү/чыгуу** – БУУнун 1948-жылдагы Адам укуктарынын жалпы декларациясы ар бир адамдын каалаган өлкөдөн, анын ичинде өз өлкөсүнөн чыгып кетүү жана өз өлкөсүнө кайтып келүү укугун белгилеген. Декларациянын бул жобосу БУУга мүчө бардык өлкөлөр үчүн принципиалдуу мааниге ээ. (Адам укуктарынын жалпы декларациясы 1948-жылдын 10-декабрында БУУнун Башкы Ассамблеясынын 217 А (III) резолюциясы менен кабыл алынган). Чет өлкөлүк жарандыгы бар мекендеш статусун алган чет өлкөлүк жарандар чет өлкөлүк жарандыгы бар мекендештин документин көрсөткөндө жарактуу документтердин бири боюнча Кыргыз Республикасынын аймагына бир нече жолу визаны жол-жоболоштурбастан кирип чыга алат, транзит менен бара алат, бир жерден экинчи жерге барат жана ал жерде боло алат. **(КРнын 2000-жылдын 17-июлундагы № 61 «Тышкы миграция жөнүндө» Мыйзамы).**

**Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жана расмий тилдери** – мамлекеттик тил - мамлекеттин негизги белгилеринин бири, анткени ал аны менен тыгыз байланышта жана анын иштешинин уникалдуу формасы болуп саналат. Ар бир мамлекетте тарыхый жактан тигил же бул тилди мамлекеттик же расмий тил катары белгилөөнү аныктаган өзүнүн өзгөчө жагдайы түзүлгөн. 1953-жылы ЮНЕСКОнун эксперттери «мамлекеттик тил» жана «расмий тил» түшүнүктөрүн ажыратууну сунушташкан. Мамлекеттик тил - бул мамлекеттин алкагында саясий, социалдык жана маданий чөйрөлөрдө ушул мамлекеттин символу катары чыгуучу интеграциялык функцияны аткаруучу тил.

Расмий тил - мамлекеттик башкаруунун, мыйзамдардын, сот өндүрүшүнүн тили. Бул эки аныктама бардык өлкөлөр үчүн милдеттүү эмес, түшүндүрмө - сунуштама катары кабыл алынат.
Ошол эле учурда, көптөгөн заманбап мамлекеттер тилдик ассимиляция саясатынан алыстап, улуттук азчылыктардын маданий көп түрдүүлүгүн жана тилдик укуктарын тааный баштаганы менен мүнөздөлөт. Бул мамлекеттердин конституцияларында мамлекеттик тилге карата «улуттук» же «расмий» тил деген терминдер колдонулат. Алсак, Кыргыз Республикасынын Конституцясынын 13-беренесине ылайык, кыргыз тили – Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тили болуп саналат. Орус тили расмий тил

катарында колдонулат. Мамлекеттик тилди колдонуунун тартиби «Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тили жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конутитуциялык Мыйзамы тарабынан аныкталат.

**Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Мамлекеттик каттоо кызматы** – архив иши, калкты жана автоунаа каражаттарын жана алардын чиркегичтерин, атайын технологиялык машиналарды, айдоочулук курамды, жарандык абалдын актыларын каттоо жаатындагы мамлекеттик саясатты ишке ашыруу боюнча функцияларды берилген ыйгарым укуктардын чегинде камсыз кылуучу аткаруу бийлигинин мамлекеттик органы. **(КРнын Өкмөтүнүн 2015-жылдын 17-августундагы №578, 2016-жылдын 15-ноябрындагы №589, 2017-жылдын 3-апрелиндеги №199 токтомдорунун редакциясында).**

**Кыргыз Республикасынын үчүнчү өлкөлөр менен реадмиссия жөнүндө макулдашуулары** – биздин өлкө тарабынан түзүлгөн эл аралык укуктук документтер, аларга ылайык Кыргыз Республикасы чет мамлекеттен депортацияланууга тийиш болгон өз жарандарын жана/же чет өлкөлүктөрдү өз аймагына кайра кабыл алууга милдеттенет. КР Тышкы иштер министрлигинин маалыматы боюнча 2023-жылдын апрелине карата реадмиссия жөнүндө 4 келишим түзүлгөн:

- Швейцария Конфедерациясы менен (2002-ж.);
- Түркия Республикасы менен (2003-ж.);
- Россия Федерациясы менен (2012-ж.);
- Казакстан Республикасы менен (2016-ж.).

**Кыргыз Республикасынын чет өлкөлөрдөгү консулдук жана дипломатиялык өкүлчүлүктөрү** - 1963-жылдагы Консулдук мамилелер жөнүндө Вена Конвенциясына ылайык «консулдук мекеме» ар кандай башкы консулдукту, консулдукту, вице-консулдукту же консулдук агенттикти билдирет. Консулдук мекемелер келген мамлекеттин аймагында анын макулдугу менен гана ачылышы мүмкүн. Консулдук мекеменин жайгашкан жери, анын классы жана консулдук округу өкүлчүлүк кылган мамлекет тарабынан аныкталат жана келген мамлекет тарабынан жактырылууга тийиш. Консулдук мекеменин, анын классынын же консулдук округдун жайгашкан жерин андан ары өзгөртүү өкүл болгон мамлекет тарабынан келген

мамлекеттин макулдугу менен гана жүргүзүлүшү мүмкүн. Эгерде кайсы бир башкы консулдук же консулдук өздөрү жашаган жерден башка аймакта вице-консулдук же консулдук агенттик ачууну кааласа, келген мамлекеттин макулдугу дагы талап кылынат. Иштеп жаткан консулдук мекеменин бөлүгүн түзгөн канцелярияны ошол мекеме жайгашкан жерден башка аймакка ачуу үчүн келген мамлекеттин алдын ала билдирилген макулдугу зарыл болуп эсептелет. (Консулдук мамилелер жөнүндө Вена конвенциясы, № 8638).

Кыргызстандын консулдук кызмат адамдары жана консулдук мекемелеринин кызматкерлери Кыргыз Республикасынын Тышкы иштер министрлигинде (мындан ары – ТИМ) мамлекеттик кызматта турушат. Кыргыз Республикасынын жарандары гана консулдук кызмат адамдары боло алышат. Консулдук мекеменин түзүмү жана штаттык саны ТИМдин сунушу боюнча КР Министрлер Кабинети тарабынан бекитилет.

Консулдук өкүлчүлүктөр консулдук функцияларды жүзөгө ашыруучу Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдары болуп саналат. Кыргыз Республикасынын консулдук мекемелери болуп төмөнкүлөр саналат:

- башкы консулдуктар;
- консулдуктар;
- вице-консулдуктар;
- консулдук агенттиктер;
- Кыргыз Республикасынын дипломатиялык өкүлчүлүктөрүнүн консулдук бөлүмдөрү.

Кыргыз Республикасынын дипломатиялык өкүлчүлүктөрүнүн консулдук бөлүмдөрүн консулдук бөлүмдөрдүн башчылары жетектейт, алар консулдар деп аталат. Азыркы учурда биздин республиканын 39 дипломатиялык өкүлчүлүгү чет өлкөлөрдө иш алып барууда (28 – КРнын элчилиги, 3 - КРнын БУУдагы туруктуу өкүлчүлүгү, 8 – КРнын Башкы консулдугу). (КР ТИМ). Кыргызстандын дүйнөнүн ар кайсы өлкөлөрү менен социалдык-экономикалык жана маданий байланыштары кеңейген сайын жаңы консулдуктарды, анын ичинде башкы консулдуктарды түзүү зарылдыгы келип чыгууда. Башкы консулдуктардын акыркы дайындоолору 2023-жылдын 8-майында болгон, анда Санкт-Петербург шаарында Карелия Республикасынын, Коми Республикасынын, Архангельск, Вологда, Калининград, Ленинград, Мурманск, Новгород, Псков облустарынын жана Санкт-Петербург шаарынын аймактарын камтыган консулдук округу, ошондой эле Казань шаарында Башкортостан Республикасынын, Марий Эл Республикасынын, Мордовия

Республикасынын, Татарстан Республикасынын, Удмурт Республикасынын, Чуваш Республикасынын жана Ульянов облусунун аймактарын камтыган консулдук округу түзүлгөн. (КР Президентинин 2023-жылдын 8-майындагы «Россия Федерациясынын Санкт-Петербург шаарында Кыргыз Республикасынын Башкы консулдугун түзүү жөнүндө» Жарлыгы).

Кыргызстандын аэропортторундагы консулдук пункттар - үчүнчү өлкөлөрдүн жарандары үчүн визалык режимди жөнөкөйлөтүү максатында азыркы дүйнөдө келүү аэропортторунда консулдук пункттарды түзүү практикалануууда, ал жерде виза берүүнүн жеңилдетилген жол-жоболору колдонулат. Эреже катары, эл аралык туризмди өнүктүрүү, маданий байланыштарды ж.б. жөнгө салуу максатында аэропорттордогу консулдук пункттар эл аралык байланыштын нормасы болуп калат. Аэропорттордогу консулдук пункттар, мисалы, дүйнө жүзү боюнча туристтердин чоң агымы умтулган Түркияда колдонулат.

Кыргызстандагы консулдук пункт «Манас» эл аралык аэропортунда уюштурулган. Консулдук пункт Кыргыз Республикасынын Тышкы иштер министрлигинин Консулдук кызмат департаментинин түзүмдүк бөлүгү болуп саналат. Визалык пункттун негизги милдети чет өлкөлүк жарандарга, чет мамлекеттердин дипломатиялык өкүлчүлүктөрүнүн жана консулдук мекемелеринин, өкүлчүлүктөрүнүн, эл аралык уюмдардын туруктуу жана убактылуу кызматкерлерине Кыргыз Республикасынын визаларын тариздөө болуп саналат. КР Виза борбору тарабынан «Манас» аэропортунда көрсөтүлө турган консулдук иш-аракеттердин тарифтери менен КР ТИМдин сайтынан таанышууга болот.

**Кыргыз Республикасынын Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министрлигине караштуу Жарандарды чет өлкөлөрдө ишке орноштуруу борбору (КР ЭСКММга караштуу ЖЧИОБ)** – тышкы эмгек рынокторунда, атап айтканда Россия Федерациясында, Казакстанда, Улуу Британияда, Түштүк Кореяда, Түркияда, Евробирлик өлкөлөрүндө ж.б. ишке орношууда Кыргыз Республикасынын жарандарына көмөк көрсөтүүчү мамлекеттик түзүм. ЖЧИОБ ишке орноштуруу чөйрөсүндөгү милдеттери болуп төмөнкүлөр саналат:

- Кыргыз Республикасынын жарандарын чет өлкөдө уюшкандыкта ишке орноштуруу системасын өнүктүрүү;

- бара турган өлкөгө кирүү жана чет өлкөдө мыйзамдуу ишке орноштуруу маселелери боюнча маалыматтык-консультациялык кызматтарды көрсөтүү.

ЖЧИОБдун негизги функциялары төмөнкүлөр:

– жумуш берүүчүлөр, иш менен камсыз кылуучу жеке менчик агенттиктер жана башка кызыкдар тараптар менен өнөктөштүк мамилелерди түзөт, сүйлөшүүлөрдү жүргүзөт жана Кыргыз Республикасынын жарандарын чет өлкөдө ишке орноштуруу боюнча кызматташуу жөнүндө келишимдерди түзөт;

– түзүлгөн макулдашуулардын алкагында жумуш берүүчүлөр жана бош орундар, ошондой эле чет өлкөдө иш издеп жүргөн Кыргыз Республикасынын жарандары жөнүндө маалыматтарды чогултат жана жаңыртып турат;

– Кыргыз Республикасынын жарандарына чет өлкөдө ишке орношуу үчүн зарыл болгон уруксат берүү документтерин тариздөөдө көмөк көрсөтөт;

- жарандарга тышкы эмгек миграциясы жана чет өлкөлөрдө уюштурулган ишке орноштуруу маселелери боюнча маалымдайт жана кеңеш берет, алардын ишке орношуусуна көмөк көрсөтөт;

- жарандарга ишке орношууга барган өлкөнүн социалдык, маданий жана башка шарттары, жумуш берүүчүлөр жана башка кызыкдар тараптар менен эмгек келишимдерин түзүүнүн укуктук аспекттери жөнүндө маалымдайт;

- ишке орношуу максатында чет өлкөгө чыгууну каалаган Кыргыз Республикасынын жарандарынын ичинен жумушчуларды тандоо боюнча кызматтарды көрсөтөт;

- чет өлкөдө иш издеген Кыргыз Республикасынын жарандарын Борбордун иш издөөчүлөрдүн маалыматтар базасында каттайт;

- жарандардын иш берүүчүнүн талаптарына квалификациялык шайкештигин аныктоо боюнча зарыл иш-чараларды уюштурат жана өткөрөт;

- чет өлкөлүк иш берүүчүлөр тарабынан Кыргыз Республикасынын жарандарын жалдоо жана ишке кабыл алуу шарттарынын аткарылышына мониторинг жүргүзөт;

- бош орундар жарманкесин өткөрөт;

- жумуш берүүчүлөрдүн талаптарын эске алып, чет өлкөгө ишке орношуу үчүн жөнөтүлүүчү жарандардын ден соолугунун абалын медициналык текшерүүдөн өткөрүү маселелери боюнча саламаттык сактоо уюмдары менен өз ара аракеттенет;

- уюмдарга көмөк көрсөтөт, ошондой эле ишке орношуу максатында чет өлкөлөргө кетип жаткан Кыргыз Республикасынын жарандарын өз алдынча окутат **(“Кыргыз Республикасынын Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министрлигине караштуу Жарандарды чет өлкөдө ишке орноштуруу борбору жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 17-декабрындагы №319 токтому, Кыргыз Республикасынын Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министрлигине караштуу Жарандарды чет өлкөдө ишке орноштуруу борбору жөнүндө жобо, КР Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 22-июлундагы №392 токтомунун редакциясында).**

**Кыргызстан элинин Ассамблеясы (КЭА) -** Кыргызстан элинин 1-курултайында 1994-жылдын январында түзүлгөн жана постсоветтик мейкиндикте ошол мезгилде ЕККУнун улуттук азчылыктар боюнча Жогорку комиссары Макс ван дер Стул башка өлкөлөр үчүн үлгү деп атаган биринчи уюм болуп калды. КЭА коомдук уюм катары өлкөнүн Президентине караштуу консультациялык-кеңеш берүүчү орган статусуна ээ.

Өзүнүн уставына ылайык, КЭА улуттар аралык мамилелерде тирешүү жана экстремизм көрүнүштөрүнө бөгөт коюуга багытталган, Ассамблеянын негизги максаты Кыргызстанда жашаган бардык улуттардын ынтымагын жана биримдигин бекемдөө болуп саналат. КЭА өлкөбүздүн маданий жана социалдык-экономикалык өнүгүүсүнө, элдин биримдигин жана этностор аралык мамилелерди чыңдоого, биздин жарандарыбыздын социалдык биримдигин камсыз кылууга олуттуу салым кошууда.

Этномаданий уюм катары КЭА улуттук азчылыктардын маданий борборлорун жана коомдук бирикмелерди бириктирет. Ассамблеяда улуттар аралык ынтымакты сактоо жана аны өркүндөтүү боюнча түрдүү эл аралык уюмдардын катышуусунда эл аралык семинарлар өткөрүлүп турат. КЭА Кыргызстанда жашаган элдердин маданиятын сактоо жана өнүктүрүү боюнча иш алып барат. КЭАнын маданий борборлору майрамдык салтанаттарга, фестивалдарга жана башка маданий иш-чараларга (мисалы, Көчмөндөр оюндарында) Кыргызстанда гана эмес ошондой эле башка мамлекеттерге барып, өздөрүнүн каада-салттарын, улуттук музыкасын, ырларын, бийлерин, улуттук кийимдердин жана тамак-аштардын көргөзмөлөрүнө активдүү катышат. **(https://library.fes.de/pdf-files/bueros/vifaost/a97-05631.pdf, http://cbd.minjust.gov.kg/act/view/ru-ru/46048/35?cl=ru-ru).**

**Кыргызстандын жарандык сектору -** бул мамлекеттик эмес типтеги коомдоштук. Азыркы мааниде, жарандык сектор бул мамлекеттин көз карандысыз, бирок аны менен өз ара аракеттенип, адамдардын ортосундагы экономикалык, саясий, укуктук жана маданий мамилелери өнүккөн коом. Жарандык секторго Википедия ушундай аныктама берет.

Жарандык сектор адамдардын күнүмдүк кызыкчылыктарын ишке ашырат. Ал жеке адамдардын жана топтордун өзүн-өзү ишке ашыруусуна, алардын муктаждыктарын канааттандырууга шарттарды түзөт. Ошол эле учурда, жарандык сектор мамлекеттин саясий үстөмдүктү топтоого умтулуусун токтотуп жатат. Жарандык коомдун институттары мамлекетке түздөн-түз баш ийбейт, бирок алар менен жигердүү өз ара аракеттенип иштешет. Жарандык коом - жеке адам менен бийликтин ортосундагы негизги ортомчу. Жарандык коом демократиялык институттар аркылуу мамлекетке таасир этет. Бул адам укуктарын коргоо, кызмат адамдарынын ачыктыгы жана жоопкерчилиги жөнүндө мыйзамдарды кабыл алуунун ж.б. эсебинен болот. (Булак - Skysmart Онлайн мектеби:**https://skysmart.ru/articles/obshestvoznanie/grazhdanskoe obshestvo).**

Кыргызстанда жарандык сектор коңшу Борборазиялык өлкөлөргө салыштырмалуу өнүккөн деп эсептелет жана иш жүзүндө өлкөнүн жашоо-турмушунун ар кандай чөйрөлөрүндөгү көптөгөн социалдык көйгөйлөрдү чечет. Алсак, пандемия учурунда жарандык коомчулуктун активдүүлүгүнүн аркасында короновирус менен ооругандарды дары-дармектер менен камсыз кылууну уюштурууга жана жаштарды дарыгерлердин өздөрүнө жардам көрсөтүү үчүн мобилизациялоого мүмкүн болду. Азыркы учурда жарандык сектор аялдарга карата зомбулукка каршы жигердүү иш алып барууда. Жалпысынан 17 миңге жакын бейөкмөт уюмдар бар, аларда 80-100 миңге жакын адам иштейт, бул болсо республиканын бардык калкынын 1,5%га жакынын түзөт (**https://center.kg/article/472**).

**Кыргызстандын Улуттук статистикалык комитети -** биздин республиканын жашоо-турмушунун бардык чөйрөлөрүнө тиешелүү, анын ичинде өнөр жай жана айыл чарбасын өнүктүрүү, транспорт, саламаттык сактоо, билим берүү ж. б. маселелери боюнча ар кандай статистиканы топтоо жана иштеп чыгуу функцияларын аткарган мамлекеттик орган. Улутстатком

кесиптик көз карандысыздык жана өз алдынчалуулук принциптеринде мамлекеттик статистикалык ишмердикти жүзөгө ашыруучу жана Кыргыз Республикасынын бүткүл аймагында эсепке алуу жана статистика жаатындагы ишти координациялоочу мамлекеттик орган болуп саналат. Бул орган Кыргыз Республикасынын 2007-жылдын 26-мартындагы №40 «Мамлекеттик статистика жөнүндө» Мыйзамына ылайык түзүлгөн.

Улутстатком Кыргыз Республикасынын Президентинин алдында отчет берет жана төмөнкү милдеттерди аткарат:

- статистика жагындагы мамлекеттик саясатты ишке ашыруу;

- Кыргыз Республикасында жана анын региондорунда болуп жаткан массалык экономикалык, социалдык, демографиялык, экологиялык көрүнүштөр жана процесстер жөнүндөгү статистикалык маалыматты жыйноо, иштеп чыгуу, талдоо жана таратуу;

- расмий статистикалык маалыматтын ишенимдүүлүгүн, бүтүндүгүн, толуктугун жана өз учурунда берилишин камсыз кылуу;

- статистикалык маалыматты, анын булактарын жана түзүү методологиясын алуу мүмкүнчүлүгүн жана ачыктыгын камсыз кылуу;

- илимий жактан негизделген статистикалык методологияны иштеп чыгуу, өркүндөтүү жана ишке киргизүү;

- статистикалык байкоолорду жүргүзүү үчүн пайдаланылуучу техника-экономикалык жана социалдык маалыматты классификациялоонун жана коддоштуруунун бирдиктүү системасын иштеп чыгууну, өркүндөтүүнү жана ишке киргизүүнү камсыз кылуу;

- статистикалык бирдиктин Мамлекеттик бирдиктүү каттоосун түзүү жана жүргүзүү;

- административдик маалыматтарды жыйноону уюштуруу жана колдонуу маселелеринде мамлекеттик бийлик органдарынын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жана башка юридикалык жактардын иш-аракеттерин теске салуу;

- өз ара маалымат алмашуу үчүн мамлекеттик статистикалык маалымат системасынын мамлекеттик бийлик органдарынын, жергиликтүү өзалдынча башкаруу органдарынын, эларалык уюмдардын жана башка өлкөлөрдүн статистикалык кызматтарынын маалымат системалары менен эриш-аркак иштешин камсыз кылуу;

- статистикалык маалыматты иштеп чыгуу боюнча эң жаңы маалымат технологияларын ишке киргизүү;

- статистикалык маалыматты бекем коргоону жана сактоону камсыз кылуу.

Улутстатком учурдагы статистиканы, анын ичинде демография маселелери боюнча, ошондой эле КР калкын жалпы каттоонун жыйынтыктарын дайыма жарыялап турат.

# – Л –

# – М –

**Мамлекеттик администрация -** ишмердиги белгилүү бир саясий багытты жүзөгө ашырууга багытталган мамлекеттин аткаруу бийлигинин органы. Президенттик милдеттерди аткарууну камсыз кылуу үчүн президенттик башкаруу формасында кеңири ыйгарым укуктары бар Президенттин Администрациясы түзүлөт, парламенттик мамлекеттерде бул аппарат мамлекет башчысынын иш чөйрөсүнүн чектелгендигинен улам анча маанилүү эмес.

Жергиликтүү же региондук администрациялар - администрациялык-аймактык түзүлүштүн жалпы компетенциясындагы аткаруу бийлигинин органдары. Белгилей кетүүчү нерсе, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары администрациянын курамына кирбейт, анткени алар жогору турган органдар эмес, калк алдында жооптуу.

Кыргыз Республикасынын Президентинин ыйгарым укуктуу өкүлү мамлекеттик башкаруунун натыйжалуулугун жана мамлекеттик саясатты ишке ашырууну камсыз кылат, тиешелүү облустун чегинде мамлекеттик органдардын аймактык бөлүмдөрүнүн жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишин координациялайт. Ыйгарым укуктуу өкүл ошол облустун башкы кызмат адамы болуп саналат **(КРнын Президентинин 15.07.2021-ж. «Кыргыз Республикасынын Президентинин облустагы ыйгарым укуктуу өкүлү жөнүндө» Жарлыгы).**

Райондук деңгээлде аткаруу бийлигин уюштуруусу жана ишмердиги мыйзам менен аныкталган жергиликтүү мамлекеттик администрация жүзөгө ашырат (КРнын Конституциясынын 93-бер.).

Жергиликтүү мамлекеттик администрациянын түшүнүгү, анын милдеттери жана функциялары Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 20-октябрындагы Мыйзамы менен аныкталган: «Кыргыз Республикасынын Президентине жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине баш

ийген аткаруу бийлигинин мамлекеттик органы, ал тиешелүү аймакта аткаруу бийлигинин мамлекеттик органдарынын аймактык бөлүмдөрүнүн макулдашылган ишин камсыз кылат, алардын жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары менен өз ара аракеттенүүсүн камсыз кылат жана өткөрүп берилген ыйгарым укуктардын аткарылышына мамлекеттик контролду жүзөгө ашырат». Өз компетенциясынын чегинде кабыл алынган жергиликтүү мамлекеттик администрациянын чечимдери тиешелүү аймакта милдеттүү түрдө аткарылат. («Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө» Мыйзам).

**Мамлекеттин аймагы аркылуу транзит менен өтүү -** дүйнөнүн кайсы өлкөсү болбосун транспорттун кандайдыр бир түрү менен үчүнчү өлкөдөн экинчиси өлкөгө бара жаткан жарандар үчүн өз аймагы аркылуу транзит менен өтүүгө уруксат берет. Мисалы, кайсы бир адам Белорусиядан Польша, Германия, Румыния аркылуу Сербияга же Черногорияга транзит менен барат.

Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында да үчүнчү өлкөлөрдүн жарандарын өз аймагы аркылуу бара турган өлкөсүнө транзит менен өткөрүү мүмкүндүгү каралган **(“Тышкы миграция жөнүндө” КРнын 200-жылдын 12-июлундагы №61 Мыйзамы)**. Кыргыз Республикасынын аймагы аркылуу транзит менен өтүп бара жаткан чет өлкөлүк жарандардын Кыргыз Республикасына кирүүсүнө жана Кыргыз Республикасынан чыгуусуна, эгерде Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында же Кыргыз Республикасынын эл аралык келишимдеринде башкача каралбаса, Кыргыз Республикасынын Тышкы иштер министрлигинин дипломатиялык өкүлчүлүктөрү же консулдук мекемелери тарабынан берилген транзиттик визалары бар болгон учурда жарактуу чет өлкөлүк паспорттор же аларды алмаштыруучу документтер боюнча уруксат берилет.

Бул Эрежелердин колдонулушу жарандыгы жок адамдарга жайылтылат. Чет өлкөлүк жарандардын баруучу өлкөсүнө аба, темир жол транспорту менен Кыргыз Республикасынын аймагы аркылуу транзит менен өтүүсүнө үчүнчү мамлекетке кирүү үчүн жарактуу документтери жана тиешелүү жол жүрүү документтери болгондо уруксат берилет. Эл аралык транзиттик автоташууларды жүргүзүүчү чет өлкөлүк жарандардын Кыргыз Республикасынын аймагы аркылуу өтүүсү жана алардын жеңил автомобилдер менен транзиттик өтүүсү, эреже катары, үчүнчү мамлекетке кирүү үчүн жарактуу документтери болгондо мамлекеттер аралык макулдашуулардын

негизинде жүзөгө ашырылат. Кыргыз Республикасынын аймагында токтоо укугусуз транзиттик визалар жүрүү маршрутун жана бул үчүн зарыл болгон убакытты эске алуу менен, бирок 5 суткадан ашык эмес мөөнөткө берилет. (“Чет өлкөлүк жарандардын Кыргыз Республикасында жүрүүсүнүн тартиби жөнүндө” Кыргыз Республикасынын 1993-жылдын 14-декабрындагы №1299 Мыйзамы).

**Мамлекеттик аймак -** эл аралык жана конституциялык укукта жер шарынын ошол мамлекеттин чегинде жайгашкан жана анын эгемендигинин астында турган бөлүгү. Кургактагы (мамлекеттин чек аранын чегиндеги бардык кургак жерлер), суудагы (ички суулар жана аймактык деңиз, ал эми мамлекет болгон учурда-архипелаг жана анын архипелагдык суулары) жана абадагы (мамлекеттин кургактык жана суу чегиндеги вертикалдуу чектелген мейкиндик) аймак, ошондой эле ага теңештирилген объектилер мамлекеттик аймактын курамдык бөлүктөрү болуп саналат.

**(Укук энциклопедиясы: Юридикалык адистикте окуган ЖОЖдун студенттери үчүн окуу колдонмо / Ф.В. Тарановский. – 3-басылышы - СПб.: Россия ИИМ. С.-Петерб. ун-т : Университет, 2001. - 552, [1] с.; 21 кар. - (Тарыхтын классикасы жана укутун философиясы / Россия ИИМ ж.б.).**

Мамлекеттик аймак кол тийгис болуп саналат. Бул принцип көптөгөн эл аралык документтерде, анын ичинде БУУнун Уставында жана БУУнун Уставына ылайык мамлекеттер ортосундагы достук мамилелерге жана кызматташтыкка тиешелүү эл аралык укуктун принциптери жөнүндө декларацияда бекитилген. Мамлекеттик аймактын кол тийбестик принциби улуттук укукта да бекемделген **(КРнын 2015-жылдын 16-майындагы №98 «Кыргыз Республикасынын мамлекеттик чек арасы жөнүндө” Мыйзамы (КРнын 2017-жылдын 1-декабрындагы №197 (2), 2021-жылдын 15-январындагы №5, 2022-жылдын 18-январындагы №4 Мыйзамдарынын редакциясында).**

**Мамлекеттик чек ара аркылуу өткөрүү пункту –** бул мамлекеттик чек ара аркылуу адамдарды, транспорт каражаттарын, жүктөрдү жана товарларды өткөрүүчү атайын жабдылган пункт.

«Мамлекеттик чек ара аркылуу өткөрүү пункту – эл аралык катнаштар (эл аралык учуулар) үчүн ачык темир жол бекетинин (чордонунун), аэропорттун, аэродромдун чегиндеги аймак, ошондой эле Кыргыз

Республикасынын мыйзамдарына ылайык Мамлекеттик чек ара аркылуу өтүүчү жарандарга, унаа каражаттарына, алынып өтүүчү жүктөргө, товарларга жана жаныбарларга мамлекеттик контролдоо жана өткөрүү жүзөгө ашырылуучу Мамлекеттик чек арага түздөн-түз жакын атайын жабдылган жер» («Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик чек арасы жөнүндө» Кыргыз Республикасынын 2015-жылдын 16-майындагы №98 Мыйзамы).

Өткөрүү пункттарынын тизмеги мыйзамда белгиленген тартипте күчүнө кирген, Кыргызстан катышуучусу болуп саналган эл аралык келишимдерге ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети тарабынан бекитилет.

Мамлекеттик чек ара аркылуу өткөрүү пункттарындагы режим, мамлекеттик контролду жүзөгө ашыруу үчүн гана орнотулуучу ушул пункттарга адамдардын, унаа каражаттарынын кирүү (чыгуу), аларда болуу жана чыгуу, жүктөрдү, товарларды, жаныбарларды алып кирүү жана алып чыгуу эрежелерин камтыйт, муну менен бирге өткөрүү пунктунун аймагы режимдик болуп эсептелет.

**«Кыргыз Республикасынын мамлекеттик чек арасында эл аралык автомобилдик, аба жана темир жол катнашы үчүн арналган өткөрүү пункттарынын жана Кыргыз Республикасынын автомобиль жолдорундагы ички стационардык посттордун иштерин тартипке салуу боюнча чаралар жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2007-жылдын 19-ноябрындагы №556 токтомуна** ылайык азыркы учурда 39 өткөрүү пункту иштейт, анын ичинде 29 автомобилдик, 5 темир жол жана 5 аба өткөрүү пункттары бар. Аба өткөрүү пункттары түздөн-түз чек арада эмес, аэропорттордо жабдылгандыгы менен башкалардан айырмаланып турат.

Чек арадан өткөн адамдардын жана жүктөрдүн мамлекеттик таандыктыгы боюнча өткөрүү пункттары көп тараптуу жана эки тараптуу болуп классификацияланат. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн №556 токтомуна ылайык 24 көп тараптуу өткөрүү пункттары жана 15 эки тараптуу өткөрүү пункттары орнотулган.

Эки тараптуу өткөрүү пункттары чектеш мамлекеттердин жарандарына (тургундарына), транспорт каражаттарына жана жүктөрүнө гана арналган. Эки тараптуу өткөрүү пункттары СССР ыдыраган мезгилде чарбалык байланыштарды сактап калуу, ар кайсы жакта болуп калган үй-бүлөлөрдөгү адамдардын чек арадан өтүүсүн жеңилдетүү максатында түзүлгөн. Негизинен эки тараптуу өткөрүү пункттары - бул автомобилдик өткөрүү пункттары.

Мыйзамда белгиленген тартипте күчүнө кирген эки тараптуу эл аралык келишимдерге ылайык мамлекеттик чек ара аркылуу өтүүнүн жөнөкөйлөштүрүлгөн тартиби белгилениши мүмкүн. Бүгүнкү күндө мындай тартип Жалал-Абад облусунун Өзбекстан менен чектешкен эки өткөрмө пунктунда – «Сейдикум» жана «Сумсар» пункттарында бар.

Көп тараптуу өткөрүү пункттары жарандыгына (букаралыгына) карабастан адамдардын, анын ичинде жарандыгы жок адамдардын жана мамлекеттик таандыктыгына карабастан транспорт каражаттарынын мамлекеттик чек арадан өтүшү үчүн, ошондой эле мамлекеттик таандыктыгына карабастан ал аркылуу жүктөрдү, товарларды жана жаныбарларды алып өтүү үчүн арналган. Негизинен транспорттун кыймылы интенсивдүү болгон өткөрүү пункттары көп тараптуу статуска ээ.

Кыргызстандын өткөрүү пункттарында контролдоонун төмөндөгү түрлөрү жүргүзүлөт:

- чек аралык,
- бажылык,
- медициналык, санитардык-карантиндик,
- фитосанитардык,
- ветеринардык,
- транспорттук,
- баңгизаттарга каршы контроль.

Мамлекеттик чек ара аркылуу өткөрүү пункттарындагы чегаралык контролдоо төмөнкүлөрдү камтыйт:

- документтерди текшерүү;
- өткөрүү пунктунан мамлекеттик чек арага чейин жана кайра коштоп жүрүү;
- транспорт каражаттарын, жүктөрдү, товарларды кароо жана тыкыр кароо;
- жеке текшерип кароо;
- өткөрүү пункттарындагы жайларды жана аймактарын кароо.

Өткөрүү пункттарында турган жеке жана юридикалык жактар өткөрүү пункттарындагы режимдин белгиленген эрежелерин сактоого милдеттүү. Өткөрүү пункттарындагы режимди бузган адамдар Кыргыз Республикасынын Укук бузуулар жөнүндө кодексине ылайык жоопкерчиликке тартылат.

**Мамлекеттик чек арадан өтүүнүн визалык режими** – жарактуу визанын негизинде кайсы мамлекеттин аймагына болбосун чет мамлекеттин жарандары кирүүгө, чыгууга, транзит менен өтүүгө, орун которуштурууга жана болууга укуктуу болгон режим. Бул шарт чет мамлекеттин аймагына кирүү шарттарына арналган эң маанилүү эл аралык-укуктук документтердин биринде жазылган. **(Бириккен Улуттар Уюмунун трансулуттук уюшкан кылмыштуулукка каршы Конвенциясын толуктаган мигранттардын кургактык, деңиз жана аба аркылуу мыйзамсыз киришине каршы Протокол, Башкы Ассамблеянын 2000-жылдын 15-ноябрындагы 55/25 резолюциясы менен кабыл алынган).**

Ушуга окшогон кирүү/чыгуу эрежелери КР мыйзамдары менен да аныкталган (**КРнын 2000-жылдын 17-июлундагы №61 «Тышкы миграция жөнүндө» Мыйзамы)**. Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик чек арасы аркылуу өткөрүү пункттарындагы режим, мамлекеттик контролду жүзөгө ашыруу үчүн гана орнотулуучу ушул пункттарга адамдардын, унаа каражаттарынын кирүү (чыгуу), аларда болуу жана чыгуу, жүктөрдү, товарларды, жаныбарларды алып кирүү жана алып чыгуу эрежелерин камтыйт. Өткөрүү пунктунун аймагы режимдик болуп саналат. Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик чек арасы аркылуу өткөрүү пункттарына кирүүнүн, адамдардын, транспорт каражаттарынын болушунун, жүрүүсүнүн жана андан чыгуусунун, жүктөрдү, товарларды жана жаныбарларды алып келүүнүн, алып өтүүнүн белгиленген тартибин сактабоо өткөрүү пункттарындагы режимди бузуу деп таанылат.

(КРнын 2015-жылдын 16-майындагы №98 «КР Мамлекеттик чек арасы жөнүндө» Мыйзамы).

**Мамлекеттик чек араларды делимитациялоо** - чектеш мамлекеттердин ортосундагы мамлекеттик чек ара сызыгын келишим менен юридикалык жол-жоболоштуруу, анын абалы топографиялык картада анын тиешелүү сыпаттамасы менен графикалык түрдө чагылдырылган, ал келишимдин курамдык бөлүгү же ага тиркеме болушу мүмкүн.

Делимитация - чектеш мамлекеттердин ортосундагы нормалдуу мамилелердин милдеттүү элементи. Бул эрежени дээрлик бардык заманбап мамлекеттер карманат.

Айрым республикалардын учурдагы мамлекеттик чек араларын өзгөртүүгө болгон дооматтарына байланыштуу делимитация маселеси постсоветтик мейкиндикте өзгөчө актуалдуулукка ээ болду. Борбордук Азия

республикаларында мамлекеттик чек араларды делимитациялоо узак тарыхка айланды. Бүгүнкү күндө Кыргызстандын Казакстан жана Өзбекстан менен болгон чек ара маселелери де-факто жана де-юре чечилди. Бирок, Кыргызстан менен Тажикстандын ортосундагы мамлекеттик чек араларды делимитациялоо көйгөйү мурдагыдай эле актуалдуу бойдон калууда. **(Закон «Кыргыз Республикасынын мамлекеттик чек арасы жөнүндө» КР Мыйзамы, 16-май 2015-жыл, №98).**

**Мамлекеттик чек араларды демаркациялоо -** чектеш мамлекеттердин ортосунда мамлекеттик чек ара өткөн жерлерди демаркациялык документтерди түзүү жолу аркылуу чек ара белгилери менен белгилөө. БУУнун эл аралык соту чек ара боюнча талаш-тартыштарды чечүүдө эл аралык практикада көп колдонулган uti possidetis принцибин колдонот, анын маңызы мамлекет көз карандысыздыкка жетишкен учурда аймактык чек араларды урматтоону камсыз кылууда турат. Жаңы мамлекеттер өз аймактарын улуттук мыйзамдар жана эл аралык келишимдер менен коргоого аракет кылышат. Чек арага же аймакка байланыштуу айрым жоболор, адатта, көз карандысыздык декларациясында, Конституцияда, чек ара жөнүндө мыйзамда, достук, коңшулаштык жана чектеш мамлекеттер менен кызматташуу жөнүндө келишимдерде ж. б. белгиленет. **(«Мамлекеттик чек араларды делимитациялоо жана демаркациялоо» Практикалык колдонмо, ЕККУ, 2017-ж.).** Мамлекеттердин пайда болуу баскычында алардын аймактары табигый чек аралар менен курчалган. Табигый чек аралар төмөнкүдөй түрлөргө бөлүнөт:

– тоо (же суу бөлгөн тилке);

– дарыя (же суу агымынын тилкеси);

– көл;

– деңиз;

– контур (чөл, токой, саз ж. б. сыяктуу табигый өзгөчөлүктөрдүн контуру боюнча өткөн тилке).

Мамлекеттик чек араны кесип өтүүчү же аны бойлоп өтүүчү жасалма объектилердин төмөнкүдөй түрлөрү бөлүнөт:

- автомобиль жана темир жолдор;
- көпүрөлөр жана башка курулуштар;
- түтүктөр;
- мелиорация жана ирригациялык объектилер;

- дамбалар.

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик чек арасы Кыргыз Республикасы тарабынан ратификацияланууга жаткан Кыргыз Республикасынын эл аралык келишимдерине ылайык белгиленет жана өзгөртүлөт. Эгерде Кыргыз Республикасы катышуучусу болуп саналган, мыйзамда белгиленген тартипте күчүнө кирген эл аралык келишимдерде башкача каралбаса, Мамлекеттик чек араны белгилөө Мамлекеттик чек араларды делимитациялоону, демаркациялоону, кайра демаркациялоону өзүнө камтыйт. Эгерде Кыргыз Республикасынын эл аралык келишимдеринде башкача каралбаса, Мамлекеттик чек ара төмөнкүдөй белгиленет:

1) кургак жерде - мүнөздүү чектер, рельефтин багыттары же даана көрүнгөн ориентирлер боюнча (тоолуу райондордо сөзсүз тоолордун суу менен бөлүнүшү, кыркалары боюнча);

2) дарыяларда - алардын ортосу боюнча же дарыянын башкы нугунун ортосу боюнча;

3) көлмөлөрдө - Мамлекеттик чек аранын көлмөнүн жээктерине чыккан жерлерин бириктирген түз тилке боюнча;

4) суу сактагычтарда, гидротүйүндөрдө жана башка жасалма көлмөлөрдө – алар толтурулганга чейин Мамлекеттик чек ара өткөн жерлерге ылайык;

5) чек ара дарыялары аркылуу өтүүчү темир жол жана автомобиль жолдорунун көпүрөлөрүндө, плотиналарда жана башка курулмаларда - Мамлекеттик чек аранын сууда өтүшүнө карабастан, ал курулмалардын ортосу же алардын технологиялык огу боюнча. **(«Кыргыз Республикасынын мамлекеттик чек арасы жөнүндө» КРнын Мыйзамы, 16-май 2015-жыл, №98).**

**Мекен-карта -** чет өлкөлүк жарандыгы бар мекендештерге Кыргызстанда болуу, мамлекеттик чек арадан өтүү, билим алуу, дарылануу жана жумушка орношуу тартибине тиешелүү болгон өзгөчө укуктарды берген документ. Мекен-картаны иштеп чыгуу үчүнчү өлкөлөрдө жашаган мекендештерге колдоо көрсөтүү, алардын тарыхый мекенине кайтып келүүсүнө шарт түзүү максатын көздөгөн. Мекендештин статусунун деталдарына тиешелүү бардык маселелер өзгөчө документте жазылган (Чет өлкөнүн жарандыгы бар мекендеш статусун берүү, алмаштыруу, токтотуу жана андан ажыратуу тартиби жөнүндө Жобо. **Кыргыз Республикасынын**

**Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 8-октябрындагы №203 Токтомуна тиркеме//cbd.minjust.gov.kg).**

Баарынан мурда, I главада пайдаланылган негизги түшүнүктөрдүн тизмеси берилет (чет өлкөнүн жарандыгы бар мекендеш статусун алуу жөнүндө өтүнүч; мекен - карта; мыйзамдуу өкүлдөр; калкты каттоо чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу орган ж.б. Бардыгы - 12 түшүнүк). Кийинки главаларда (2-5) документтерди кабыл алуу жана тариздөө тартиби, материалдарды кароо жана макулдашуу тартиби, чет өлкөлүк жарандык менен мекендештин статусун берүү жөнүндө өтүнүчтү кароо тартиби, Мекен - картаны берүү, алмашуу, токтотуу жана ажыратуу тартиби аныкталат.

Мекендеш статусун алган адамдарга республиканын жарандары сыяктуу эле дээрлик бирдей укуктар берилерин эске алуу керек. Бирок Мекен-картасынын ээлери үчүн белгилүү чектөөлөр киргизилет: мамлекеттик жана муниципалдык кызматта, укук коргоо органдарында жана сот тутумунда кызмат орундарын ээлөөгө, ар кандай деңгээлдеги шайлоого активдүү жана пассивдүү катышууга тыюу салынат. Мекендеш статусун алуу үчүн өтүнүчтү кароо 1,5 айдан 3,5 айга чейин созулат. Мекен-картанын баасы - 11315 сом. 2023-жылдын май айына карата чет өлкөлүк жарандыгы бар 14 мекендешибиз Мекен-картасын алышты **(КРнын Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министрлигинин учурдагы архиви).**

**Мигранттардын акча которуулары** – мигранттар тарабынан өз мекениндеги үй-бүлөлөрүнө жана досторуна жөнөтүлгөн акчалар. Мигранттардын акча которуулары көрүнүш катары бардык жерде банктык түзүмдөрдүн жардамы менен, тааныштары, туугандары ж.б. аркылуу жүзөгө ашырылат. Өнүгүп келе жаткан өлкөлөр үчүн мигранттардын акча которуулары мамлекеттик бюджетти, үй-бүлөлөрдүн бюджетин толтуруунун, өлкөнүн экономикасын колдоонун куралы болуп саналат. Биздин республика үчүн эмгек мигранттарынын акча которуулары абдан маанилүү финансылык жардам болуп эсептелет. Акыркы жылдары Кыргызстанда эмгек мигранттарынын акчалай трансферттеринин республикадагы социалдык-экономикалык кырдаалга таасиринин өсүшү байкалууда. Мигранттардын акча которуулары - бул өлкөгө чет өлкөлүк валюталардын келип түшүүсүнүн туруктуу булагы. Алар дүйнөлүк экономикалык кризистердин таасирин жумшартат. 2022-жылдын январь-декабрь айларында мекендештер өлкөгө 2 миллиард 928,2 миллион доллар которушту, бул 2021-жылга салыштырмалуу

171,96 миллион долларга көп. Акча которуулардын 97% дан ашыгы Россияга туура келет - 2 миллиард 780,2 миллион доллар. Башка мамлекеттерден Кыргызстанга 55,6 миллион доллар, АКШдан 54,9 миллион доллар которулган. (Кыргыз Республикасынын Улуттук Банкынын сайты).

**Мигранттын адаптациясы (латын тилинен adaptatio – көнүү, ылайыкталуу)** чет өлкөлүк жаран же жарандыгы жок адам кабыл алган коомдо ийгиликтүү иштөөгө мүмкүндүк берүүчү жүрүм - турум үлгүлөрүн, социалдык ченемдерди жана баалуулуктарды, билимдерди, көндүмдөрдү өздөштүрүү процесси.

Мигранттарды адаптациялоо маселеси мигранттарды кабыл алган бардык өлкөлөр үчүн актуалдуу болуп эсептелет, бул мигранттардын кадыресе жашоосун, алардын интеграциясын камсыз кылуунун милдеттүү шарты болуп саналат.

Адаптация мигранттын расмий статусун алуу жана анын болушун мыйзамдаштыруу менен тыгыз байланыштуу. Адамдын жаңы жашоо шарттарына ыңгайлашуу процесси катары адаптация адамдын табияты кош мүнөздүү болгондой эле, эки мүнөзгө ээ. Бул бир жагынан адамдын тирүү жан катары ыңгайлашуусу, экинчи жагынан жеке инсан катары коомдук көрүнүш. Мигрант ийгиликтүү адаптацияланышы үчүн келген өлкөнүн мыйзамдары, укуктук колдоо механизмдери, маданий өзгөчөлүктөрү жана жүрүм-турум ченемдери, жумуш орундары жана бош орундар ж. б. жөнүндө туура маалымат алуусу зарыл.

Мигранттардын адаптациясы укуктук, экономикалык, маданий, социалдык адаптацияларды өзүнө камтыйт:

- укуктук адаптация, б. а. мыйзамдуу укуктук статус алуу мүмкүнчүлүгү (аймакта болууга укук берген документтерди, иштөөгө патентти ж. б. тариздөө);
- экономикалык адаптация - эмгек рыногуна кирүү, иш менен камсыз кылуу;
- маданий адаптация - өз маданиятын, динин, үрп-адаттарын сактоо мүмкүнчүлүгү болгондо тилди, маданияттын башка элементтерин үйрөнүүгө мүмкүнчүлүк;
- социалдык адаптация - турак жайга, саламаттык сактоого, билим алууга ж. б. жеткиликтүү мүмкүнчүлүк.

Миграттын кабыл алуучу коомго ийгиликтүү адаптацияланышынын башкы шарты болуп келген өлкөнүн тилин билүүсү саналат. Дал ушул тилди билүү ишке орноштуруу эрежелери жөнүндө маалымат алууга мүмкүндүк берет, формалдуу эмес ишке тартуу мүмкүнчүлүгүн азайтат, жергиликтүү калк менен байланышуу мүмкүнчүлүгүн кеңейтет, мигранттын социалдык-экономикалык укуктарын ишке ашырууну камсыз кылат (кесиптик окууга, медициналык жардам алууга ж.б.). Мигрант айланасында болуп жаткан окуялар жөнүндө суроолорду бере жана жоопторду түшүнө билиши, турмуш-тиричилик аракеттерин, б.а. төлөмдөрдү, акча которууларды, сатып алууларды, коомдук транспортту колдоно билүүсү жана башка көптөгөн нерселерди өз алдынча жүзөгө ашырышы керек. Тилдик адаптация болбосо, башкача айтканда, коммуникативдик, психологиялык да, экономикалык да адаптация мүмкүн эмес.

Мигранттардын социалдык адаптациясы тилге караганда татаал. Чет өлкөлүк адам жөн гана тилди үйрөнбөстөн, өзүнүн социалдык ролдорун аткара алышы керек, жаңы коомдун ченемдерин жана эрежелерин кабыл алышы керек, анткени мигрант башка өлкөгө көчүү жөнүндө чечим кабыл алган, ал анын каада-салтын, социалдык ченемдерин кабыл алуусу керек. Толугу менен эмес, бирок негизги жана жалпы эрежелер сакталууга тийиш.

Мигранттын маданий адаптациясы ар кандай факторлордон көз каранды: улуту; жүрүм-турум стереотиптери; жергиликтүү тилди билүү; билим жана жалпы маданияттын деңгээли, жергиликтүү маданиятты кабыл алууга даярдык. Маанилүү фактор - бул коомдун мигранттарга болгон мамилеси - коом канчалык жөнөкөй жана достук мамиледе болсо, мигрант ошончолук тез көнүп кетет.

Мигранттардын укуктук сабаттуулугунун төмөн деңгээли миграциялык мыйзамдар жана анын өзгөрүүлөрү жөнүндө актуалдуу маалыматтын жоктугу, жардам сурап, биринчи кезекте өзүнүн досторуна жана тааныштарына кайрылуу адаты менен шартталган. Мигранттардын укуктук сабаттуулугунун төмөндүгү миграциялык мыйзамдар жана андагы өзгөртүүлөр тууралуу актуалдуу маалыматтын жоктугунан, жардам сурап досторуна жана тааныштарына кайрылуу адаты менен байланыштуу. Мигранттар "легалдуу эмес" статуска легалдаштыруу, андан ары ишке орноштуруу жана эмгек функцияларын жүзөгө ашыруу процессинде ээ болушат. Чет өлкөлүк жарандардын документсиз абалына көбүнчө чет өлкөлүктөргө жалган документтерди жол-жоболоштурган кара ниет ортомчулардын жана

мигранттар менен эмгек мамилелерин расмий жол-жоболоштурбаган жоопкерчиликсиз иш берүүчүлөрдүн көптүгү өбөлгө түзөт. Мындай шарттарда мигранттар социалдык багыттагы коммерциялык эмес уюмдарга көбүрөөк кайрылышат.

Мигранттардын коммерциялык эмес уюмдарга кайрылгандарынын арасында эмгек укуктарын коргоо, качкын же аргасыз жер которуучу статусун тариздөө, миграциялык мыйзамдарды сактоо, социалдык жактан колдоо алуу маселелери басымдуулук кылат.

Адаптацияга өбөлгө түзө турган факторлорду белгилей кетүү керек:

- миграциянын тиби, б.а. мигранттын жаңы өлкөгө келүүсүнүн максаты. Эгерде адам өз ыктыяры менен келсе, анда тезирээк адаптация болот. Эгерде мигрант качкын болсо, же акча жана жумуш көйгөйлөрү бар болсо, адаптация кыйыныраак болот, анткени адам стресс абалында жүрөт;

- маданий айырмачылыктар: ар бир мигранттын өзүнүн маданияты жана баалуулуктары, стереотиптердин жыйындысы, кандайдыр бир кырдаалда белгилүү бир жол менен иш алып баруу адаты бар. Өлкөлөрдүн маданияты жакын, көп эмес айырмачылыктар болгондо, мигрант тезирээк адаптация болот;

- кабыл алуучу коомдун мамилеси: адам өзү үчүн жаңы чөйрөгө көнүшү үчүн, коом ага урмат-сый менен мамиле жасап, ишенимдүү болушу керек;

- жаш курагы: мигрант өзү үчүн жаңы маданият менен канчалык эрте тааныша баштаса, ошончолук тезирээк ага киришет; ага чейин башка өлкөдө узак убакыт жашоого туура келбеген улгайган адамдарга көнүү кыйыныраак.

Балдар өзгөрүүлөргө оңой көнүшөт. Балдардын психикасы кыйла ийкемдүү. Өз элинин маданияты баланын аң-сезиминде өз изин калтырууга үлгүрө элек болот. Дайыма башка балдар менен болуу, алар менен чет тилде баарлашуу менен бала башка өлкөнүн маданиятын тез кабыл алат. Мында эки маданият аралашып кетет. Балдар өз элинин маданиятынан бир нерсе калтырышат, бир нерсе алышат. Окуулары оңой болот, анткени балдар жаңы тажрыйбаларга ачык болот. Бирок балдардын кыйынчылыктары да жетиштүү, анткени алар өз каалоосу менен эмес, ата-энелери менен бирге көчүп кетишет. **(https://migration.academic.ru, https://migranturus.com/adaptatsiya-migrantov/).**

**Миграция маселелери боюнча адвокат** - жеке жана юридикалык жактарга кесиптик негизде квалификациялуу юридикалык жардам көрсөтүүчү

адам. Адвокаттар дүйнөнүн ондогон өлкөлөрүндө кеңири колдонулат. Мисалы, АКШда миграция боюнча адвокаттын иши абдан талап кылынат, анткени өлкө дүйнөнүн ар кайсы өлкөлөрүнөн, мисалы Мексикадан келген көптөгөн мигранттарды кабыл алат. Ошондуктан адвокаттар мигранттардын көптөгөн маселелерин чечүүгө туура келет, атап айтканда, иммиграциялык эмес визаны иммиграциялык визага өзгөртүүгө жардам берет.

Адвокаттын кесиптик ишмердиги компетенттүүлүк, чынчылдык, ак ниеттүүлүк, жоопкерчилик жана купуялуулук принциптеринде түзүлөт. Чек арадан өткөн учурдан тартып ар бир чет өлкөлүк дароо миграциялык мыйзамдарга баш ийет, ал чет өлкөлүк жарандын ошол өлкөнүн кирген өлкөсүндө болушун катуу жөнгө салып, өлкөдө болуунун катуу мөөнөттөрүн жана эрежелерин белгилейт. Миграциялык мыйзамдардын бул эрежелерин бузуу ар кандай санкциялардын салынышына алып келет. Чет өлкөлүктөрдү жумушка кабыл алуунун жана бошотуунун жөнгө салынган жол-жобосун сактабаган иш берүүчүлөр да жазага тартылышат.

Ошондуктан көптөгөн чет өлкөлүк жарандарга, алардын иш берүүчүлөрүнө окшоп, көп учурда мигранттарга документтерди тариздөөдө анчалык көп жардам эмес, мамлекеттин миграциялык мыйзамдарын жетишсиз түшүнгөндүгүнө байланыштуу миграциялык маселелер боюнча кесиптик юридикалык жардам талап кылынат, ал жардамды миграциялык маселелер боюнча адвокат (миграциялык адвокат) көрсөтө алат. Миграциялык адвокат миграциялык мыйзамдардын маселелерин түшүндүрөт, административдик иштерде ишеним артуучунун кызыкчылыгын көздөөгө, соттук угууларга катышууга, адвокаттык суроо-талаптарды жөнөтүүгө, даттанууларды берүүгө укуктуу. Миграция маселелери боюнча адвокаттын консультациясы төмөнкү учурларда зарыл болот:

- миграциялык кызматка документтерди даярдоо жана берүү, чет өлкөлүк жаран тарабынан иштөөгө уруксат алуунун шарттары жана чет өлкөлүк жарандарды ишке кабыл алуунун тартиби түшүндүрүлөт;

- жашап турууга уруксат берүүдөн, каттоодон же жарандыкты ыйгаруудан баш тартылса;

- административдик укук бузуу жөнүндө протоколго же соттун чечимине даттанууда (мисалы, депортациялоо же кирүүгө тыюу салуу жөнүндө чечим чыкса);

- миграциялык текшерүүнүн жыйынтыгына, миграциялык каттоого туруунун бузулган мөөнөттөрүн калыбына келтирүүгө каршылык көрсөтүү зарылчылыгы жаралганда, өлкөдө болуу мөөнөтүн узартууда.

Миграция маселелери боюнча юрист же адвокат тандоодо төмөнкү аспектилерге көңүл буруу абзел:

- миграция маселеси боюнча юристтин иш тажрыйбасы;

- адистиги (миграциялык укук же дагы 2-3 тиешелүү укуктук чөйрөлөр – эмгек жана административдик укук);

- эсептешүүлөр жана сый акынын суммасы келишимде же макулдашууда милдеттүү түрдө чагылдырылышы керек; юристтин эмгек акысы накталай жана накталай эмес формада болушу мүмкүн, мында чек же квитанция алуу зарыл;

- юристтин иш-аракеттери жөнүндө отчёт (келишимге же макулдашууга аткарылган иш-аракеттер тууралуу сизге отчет берүү жөнүндө пункттарды кошуу ыңгайлуу);

- миграция боюнча адвокат тууралуу пикирлер. Сизге тааныш адамдар калтырган, эки жолу текшериле турган же чыныгы сот документтери менен бекемделген сын-пикирлерге гана ишенүү керек.

**Миграция маселелери боюнча КРнын өкмөттүк программалары -** эгемендүүлүк жылдар ичинде биздин республикада бир нече тиешелүү Программалар ишке ашырылган. Атап айтканда, бүгүнкү күндө «2021-2025-жылдарга Кыргыз Республикасынын өзгөчө статусу бар айрым чек ара аймактарынын коопсуздугун камсыздоо жана социалдык-экономикалык өнүктүрүү боюнча мамлекеттик программа» ишке ашырылууда. Кыргыз Республикасына көчүп келүүчү этникалык кыргыздарга жана кайрылмандарга көмөк көрсөтүү боюнча Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-2022-жылдарга карата «Кайрылман» программасы (мындан ары-Программа) ишке ашырылган. Ал «Кыргыз Республикасына көчүп келүүчү этникалык кыргыздарга берилүүчү мамлекеттик кепилдиктер жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык иштелип чыккан жана этникалык кыргыздарды Кыргыз Республикасына көчүрүү процессин тартипке келтирүүгө багытталган.

Программа этностук кыргыздарды Кыргыз Республикасынын аймагында кабыл алуу жана легалдаштыруу шарттарын түзүү боюнча мамлекеттик миграциялык саясатты ишке ашыруунун негизги чараларын

аныктайт. Тарыхый мекенине көчүп келген этникалык кыргыздар укуктук статусун аныктоого жана жарандыгын өзгөртүүгө байланыштуу кыйынчылыктарды баштан кечирүүдө, мамлекеттик кепилдиктерге: жумушка орношуу, медициналык тейлөө ж. б. жетүү мүмкүнчүлүгүн ала албай келишет. Программаны ишке ашыруу этностук кыргыздарды Кыргыз Республикасына көчүрүү процессин тартипке салууну, каттоонун, жарандыкты алуунун жана документтештирүүнүн жөнөкөйлөштүрүлгөн тартиби үчүн шарттарды түзүүнү, алардын жергиликтүү коомдоштукка социалдык-экономикалык жактан ыңгайлашуу шарттарын камсыз кылууну болжолдойт.

Этникалык кыргыздардын Кыргыз Республикасына өз ыктыяры менен көчүүсү биздин республикабыз эгемендүүлүккө ээ болгон алгачкы жылдардан тартып башталган. Андан бери 43 миңден ашуун этникалык кыргыздар Кыргыз Республикасынын жарандыгына ээ болушту.

**Миграциялык контексттеги «Коопсуз өлкө» –** жарандары, эреже катары, кирген өлкөнүн миграциялык мыйзамдарын бузбаган өлкө. Коопсуз өлкөлөргө жогорку өнүккөн мамлекеттер кирет, анын ичинде АКШ, Канада, Австралия, Япония, Жаңы Зеландия, Европа Бирлигинин өлкөлөрү ж. б., алардын жарандары материалдык жыргалчылыктын жогорку деңгээли, туруктуу ички саясий кырдаал, адилеттүү сот тутуму, мыйзамдын үстөмдүгү, демократиянын принциптери ж. б. камсыздалган. Ошондуктан, жарандардын өнүгүп келе жаткан өлкөлөрдөн башпаанек издөөгө же мыйзамсыз статуска өтүүгө экономикалык же саясий негизи жок.

Коопсуз өлкөлөрдүн ортосунда, эреже катары, өз ара негизде визасыз кирүү режими колдонулат. Өнүгүп келе жаткан өлкөлөр, анын ичинде Кыргызстан, коопсуз өлкөлөрдүн жарандарына бир тараптуу тартипте визасыз кирүү жана келүү режимин беришет, бул эл аралык туризмдин жана ишкер байланыштардын өсүүсүнө оң таасирин тийгизет. Бирок планетанын мамлекеттеринин басымдуу бөлүгү (Африка, Жакынкы Чыгыш, Түштүк-Чыгыш, Борбордук Азия ж.б.) келип чыккан бардык кесепеттери менен «тобокел өлкөлөр » категориясына кирет. (БУУнун Башкы Ассамблеясы. Жетимиш бешинчи сессия. Коопсуздук, тартиптүү жана мыйзамдуу иммиграция боюнча глобалдык документ. Башкы катчынын баяндамасы. **2020-ж. 26-октябрь/migrationnetwork.un.org**).

**Миграциялык мунапыс -** мыйзамсыз жашап жана иштеп жаткан мигранттарды мыйзамдаштыруу боюнча бир жолку акцияны өткөрүү. Бул учурда, кылмыш-жаза укугу чөйрөсүнөн "мунапыс" терминин колдонуу таптакыр туура эмес болуп саналат, анткени миграциялык мунапыс кылмыш жасабаган, миграциялык мыйзамдарды гана бузган мигранттарга карата колдонулат.

Мындай мунапыс өлкөдө көптөн бери жашап, интеграцияланууга үлгүргөн жана эч кандай укук бузбаган мигранттарды мыйзамдаштырууга жардам берүү максатын көздөйт. Миграциялык мунапыс институтун ишке ашыруунун максаты коомдун жана мамлекеттин, ошондой эле мигранттардын кызыкчылыктарын канааттандыруу болуп саналат. Мамлекеттин кызыкчылыгы мигранттардын белгилүү бир категориясынын абалын мыйзамдаштыруу, аларды коомго адаптациялоо программаларын ишке ашыруу, ошондой эле убактылуу жана туруктуу мүнөздөгү белгилүү бир укуктук статуска ээ болуу менен камтылат. Мигранттардын кызыкчылыгы - өздөрүнүн укуктук статусун легалдаштыруу, иш менен камсыз болуу, жумушка патент алуу, турак жайга, саламаттык сактоого, билим алууга ж. б. мүмкүнчүлүк алуу.

Россия Федерациясы өзүнүн аймагына визасыз режимде келген ар кайсы өлкөлөрдүн (КМШ) чет өлкөлүк жарандарына мезгил-мезгили менен миграциялык мунапыс берип турат. Миграциялык мунапыс Россия Федерациясынын миграциялык мыйзамдарын байкабастыктан чет өлкөлүк жарандар тарабынан жол берилген анча-мынча бузууларды мыйзамдаштырууга багытталган. Мунапыс мигрантка коюлган депортация, чыгаруу же кирүүгө тыюу салуу сыяктуу чектөөлөрдү алып салат. Миграциялык мунапыс легалдаштыруу аракетинин мөөнөтүнө, мунапыска туш келген эмгек мигранттарынын категорияларына, мунапыс шарттарына, ошондой эле мунапыска туш келбеген мигранттардын категорияларына ээ.

Алсак, 2020 – жылы пандемияга байланыштуу Россия Федерациясынын Президентинин Жарлыгы менен миграциялык мунапыс жарыяланган - миграциялык каттоого жеңилдиктер киргизилген. Ошол учурда Россияда жүргөн чет өлкөлүк жарандар өз мамлекеттеринин чек аралары ачылган күндөн тартып РФдан чыгып кетүүгө 90 күн болгон. Андан кийин алар Россиянын аймагында болуу мөөнөтүн бузгандыгы үчүн административдик жазага тартылышы мүмкүн болгон.

**Мунапыс (грек тилинен amnestia – кечирүү, унутуу) –** жогорку бийлик тарабынан ишке ашырылган адамдардын белгилүү бир категориясын сот жазасынан жарым-жартылай же толук бошотуу. Мунапыс жалпы болушу мүмкүн (кылмыш-жаза мыйзамдарынын белгилүү бир беренелери боюнча соттолгон же кылмыш жоопкерчилигине тартылган бардык адамдар үчүн). Мунапыс берүү - бул гуманизм жана ырайымдуулук принцибин ишке ашыруу максатында жеке аныкталбаган адамдардын чөйрөсүнө тиешелүү болгон жана кылмыш жазасынан бошотууну караштырган, мыйзам түрүндө кабыл алынган мамлекеттик органдын актысы. **(Кыргыз Республикасынын 2017-жылдын 20-январындагы №7 «Мунапыс берүү негиздери жана аны колдонуу тартиби жөнүндө» Мыйзамынын 1-бер.).**

Мунапыс – бул мамлекеттик бийликтин жогорку мыйзам чыгаруу органынын кылмыш жасаган адамдардын белгилүү бир категориясын кылмыш жоопкерчилигинен жана жазадан бошотуучу, дайындалган жазаны жеңилдетүүчү же жазанын кошумча түрүнөн бошотуучу актысы **(КР КЖКнын 93-бер.).**

Мунапыс жөнүндө актылар ал кабыл алынганга же күчүнө киргенге чейин жасалган жазык жактан жазалануучу жосундарга жайылтылат. Конкреттүү мунапыстын күчү жайылтылган адамдардын чөйрөсү актынын өзүндө аларды максималдуу деталдаштыруу жолу менен аныкталат (мисалы, майыптар; белгилүү категориядагы кылмыштар үчүн соттолгон же жазанын белгилүү бир түрү жана өлчөмү дайындалган адамдар ж.б.), ошондой эле мунапыс жөнүндө актыларда анын колдонулушу жайылтылбаган адамдар да саналып өтөт. Мунапыс жөнүндө акт анда көрсөтүлгөн адамдардын тагдырын жеңилдетүү үчүн милдеттүү жана сөзсүз негиз болуп саналат (кылмыш жоопкерчилигинен, жазадан бошотуу, жазанын мөөнөтүн кыскартуу ж.б.).

**Миграция боюнча эл аралык уюм (МЭУ) –** 1951-жылы түзүлгөн миграция жаатындагы алдыңкы өкмөттөр аралык уюм, ал БУУ менен ассоциацияланган жана өкмөттүк, өкмөттөр аралык жана өкмөттүк эмес уюмдар менен тыгыз байланышта иштейт. МЭУ миграция маселелерин коопсуз, тартиптүү жана мыйзамдуу миграция боюнча Глобалдык келишимди аткаруу менен координациялайт. МЭУнун укуктук статусу, анын максаттары жана функциялары, органдардын түзүмү жана компетенциясы, мүчө мамлекеттердин укуктары жана милдеттери, ошондой эле ишмердигинин финансылык негиздери уюмдун Уставында аныкталган (Миграция боюнча эл

аралык уюмдун Уставы. Бул текст 1987-жылдын 20-майында Советтин 55-сессиясында (№724 резолюция) кабыл алынып, 1954-жылдын 30-ноябрында күчүнө кирген, 1953-жылдын 19-октябрындагы Европалык миграция боюнча өкмөттөр аралык комитеттин (Уюмдун мурдагы аталышы) Уставына киргизилген түзөтүүлөрдү камтыйт. 30 беренеден турган Уставдын кириш сөзүндө миграция чөйрөсүндө эл аралык деңгээлде кызмат көрсөтүү көбүнчө дүйнө жүзү боюнча миграциялык агымдарды жөнгө салуу жана эң ыңгайлуу шарттарда мигранттарды адаптациялоо жана аларды кабыл алуучу өлкөнүн экономикалык жана социалдык түзүмүнө интеграциялоо үчүн талап кылынары баса белгиленет. Миграция чөйрөсүндөгү МЭУнун кызмат көрсөтүүлөрү убактылуу, кайтарымдуу жана аймак ичиндеги миграцияга карата да талап кылынышы мүмкүн. Кириш сөздө миграциянын негизги түрлөрү да баяндалат: качкындардын, жер которгон адамдардын жана өз мекенин таштап кетүүгө аргасыз болгон жана эл аралык миграциялык кызмат көрсөтүүлөргө муктаж болгон башка адамдардын миграциясын кошкондо, ошондой эле өз эмгегинин эсебинен өз алдынчалыкка жетише ала турган жана үй-бүлөлөрү менен кадыр-баркы жана өзүн-өзү сыйлоо менен жашай ала турган өлкөлөргө көчүп кетүүнү каалаган адамдардын эмиграциясына көмөктөшүү максатында мамлекеттердин жана эл аралык уюмдардын кызматташтыгын кеңейтүү зарылдыгы ж. б.

Уставдын негизги беренелеринде уюмдун максаттары жана функциялары, мамлекеттердин мүчөлүгү, башкаруу органдары, каржылоо маселелери, штаб-квартиранын жайгашкан жери, процедуралык маселелер (чечимдерди кабыл алуу ж.б.) баяндалат. Миграцияны жөнгө салуу боюнча МЭУнун ишмердүүлүгү төрт негизги багыт боюнча жүзөгө ашырылат: миграция жана өнүктүрүү, миграцияга көмөктөшүү, миграцияны жөнгө салуу жана аргасыз миграция. Бул багыттардын бардыгын камтыган МЭУнун иш-чаралары эл аралык миграциялык мыйзамдарды өнүктүрүүгө, миграциялык саясат маселелери боюнча талкууларды уюштурууга жана сунуштарды даярдоого, мигранттардын укуктарын коргоого көмөк көрсөтүүгө, миграция процесстерине байланыштуу саламаттык сактоо жана аялдардын укуктарын коргоо маселелерин чечүүгө багытталган.

МЭУнун дүйнөнүн ондогон өлкөлөрүндө, анын ичинде Кыргыз Республикасында өзүнүн өкүлчүлүктөрү бар. Алардын өз ара аракеттенүүсүнүн хронологиясы: 1993-жылы Кыргызстан 1999-жылы Кыргызстанда өзүнүн кеңсесин ачкан МЭУнун байкоочу мамлекеттердин

